Барыш—	ферма*га*,	терезе*ге*,	тоо*го*,	көчө*гө*

Перепишите, прибавляя падежные окончания к следующим словам:

Аточ—алма,	мекеме,	короо,	картошка.
Жатыш—алма . . .	мекеме . . .	короо . . .	картошка . . .
Чыгыш — алма . . .	мекеме . . .	короо . . .	картошка . . .
Барыш — алма . . .	мекеме...	короо...	. . картошка



§ 40. Балдар бакчасы.

Колхоздо балдар бакчасы бар. Колхозчулар кичине балдарын балдар бакчасына жиберет. Кичине балдарды тарбиячылар багат: тамак берет, ойнотот, уктатат, ыр ырдатат.

Менин апам кызылчада иштейт. Атам огороддо—кароол. Кичине иним беш жашта. Ал ар күнү балдар бакчасына барат.

Биздин жаныбызда Марченко турат, анын кызы алты жашта. Марченконун кызы да балдар бакчасына барат.

Балдарга үч жолу тамак берет. Балдар жата турган кичинекей кроватьтар бар. Кроватьта матрац, шейшеп, жууркан, жаздык бар.

Сөздөр: балдар бакчасы—детский сад, кичине—маленький, жиберет—посылает, тарбиячы—воспитательница, кичине иним—маленький братишка, беш жашта—5 лет, биздин жаныбызда—возле нас, анын кызы—его дочка. Үч жолу—три раза, шейшеп—простыня, жууркан—одеяло, жаздык подушка, ыр—песня, ырдатат—учит петь.

Тапшырма:

1. Перепишите статью и подчеркните падежные окончания имен существительных.

2. Выучите новые слова.

Сүйлөшүү:

— Балдар бакчасы кайда?
— Балдар бакчасы Совет көчөсүндө.
— Балдар бакчасы кандай иштейт?
— Балдар бакчасы абдан жакшы иштейт.
— Балдар бакчасында ким иштейт?
— Балдар бакчасында Лидия Петровна иштейт.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Бу кичинеби?
— Ооба, кичине.
— Жок, кичине эмес чоң.
— Кичине балдар кайда?
— Кичине балдар бакчада.
— Кимде кичине карандаш бар?
— Кичине карандаш менде бар.
— Кичине карандаш кайда?
— Кичине карандаш сумкада.
— Бул үйдө нече кичине бала бар?
— Бул үйдө үч кичине бала бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Бу тарбиячыбы?
— Ооба, бу тарбиячы.
— Тарбиячы кайда турат?
— Тарбиячы колхоздо турат.
— Китеп тарбиячыдабы?
— Ооба китеп тарбиячыда.
— Жок, китеп тарбиячыда эмес, китеп мугалимде.
— Тарбиячы качан келет?
— Тарбиячы азыр келет.
— Тарбиячы кайдан келет?
— Тарбиячы райондон келет.
— Тарбиячы эмне алып келет?
— Тарбиячы китеп алып келет.

Суроолор:

Балдар бакчасы кайда? Колхозчулар кичине балдарын кайда жиберет? Кичине балдарды ким багат? Апаң кайда иштейт? Атаң кайда—кароол? Марченконун кызы кайда барат? Кичине жиңе нече жашта? Марченконун кызы нече жашта? Марченко кайда турат? Балдарга нече жолу тамак берет? Кичине кровать барбы? Кроватьта эмне бар?

Тапшырма:

Ответьте на вопросы словами текста статьи „Балдар бакчасы."

Зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү—склонение имён существительных (на звонкие согласные).

Атооч—шаар,	мугалим,	колхоз,	күз.
Жатыш—шаар*да*,	мугалим*де*,	колхоз*до*,	күз*дө*.
Чыгыш—шаар*дан*,	мугалим*ден*,	колхоз*дон*,	күз*дөн*.
Барыш—шаар*га*,	мугали*мге*,	колхоз*го*,	күз*гө*.

Упражнение—көнүгүү:

Перепишите упражнения, прибавляя нужные окончания к следующим словам:

Атооч —клуб	, эл	, совхоз	, гүл
Жатыш—клуб . . .	, эл . . .	, совхоз . . .	гүл . . .
Чыгыш—клуб . . .	, эл . . .	, совхоз . . .	гүл . . .
Барыш—клуб . . .	, эл . . .	, совхоз . . .	гүл . . .

Тапшырма.

Придумайте предложения, употребляя существительные в именительном, местном, исходном и дательном падежах.

§ 41. Дем алыш күн.

Ар бир жекшемби күнү дем алыш болот. Дем алыш күнү биз дем алабыз. Дем алыш күнү атам, апам үйдө болушат.

Өткөн дем алышта биздин окуучулар кант заводуна экскурсияга бардык. Биз менен директор, мугалимдер барды. Бул дем алышта биз эч кайда барбайбыз. Дем алыш күнү мен кечирээк турам. Дем алыш күнү ойнойбуз. Кечинде сабак даярдайбыз.

Сөздөр: жекшемби—воскресенье, дем алабыз—отдыхаем, өткөн дем алышта—в прошлый выходной, эч кайда—никуда, кечирээк—позднее.

Тапшырма:

Перепишите и выучите новые слова.

Суроолор:

Кайсы күнү дем алыш болот? Дем алыш күнү сиз эмне кыласыз? Өткөн дем алышта сиздин окуучулар кайда барды? Дем алыш күнү ким үйдө болот? Сиз менен ким барды? Бул дем алышта сиздер кайда барасыздар? Дем алыш күнү сен эрте турасыңбы? Дем алыш күнү эмне кыласың? Сабакты качан даярдайсың?

Тапшырма:

Напишите ответы на вопросы, употребляя слова текста статьи „Дем алыш күн".

Зат атоочтун жөндөлүшү.

Атооч —бак,	мектеп,	жолдош,	көйнөк.
Жатыш—бак*та*,	мектеп*те*,	жолдош*то*,	көйнөк*төө*.
Чыгыш—бак*тан*,	мектеп*тен*,	жолдош*тон*,	көйнөк*төн*.
Барыш—бак*ка*,	мектеп*ке*,	жолдош*ко*,	көйнөк*кө*.

Көнүгүү—упражнение:

Допишите падежные окончания следующих слов:

Атооч —чогулуш . . .	Ташкент . . .	кружок . . .	өрдөк .
Жатыш—чогулуш . . .	Ташкент . . .	кружок . . .	өрдөк .
Чыгыш—чогулуш . . .	Ташкент . . .	кружок . . .	өрдөк .
Барыш—чогулуш . . .	Ташкент . . .	кружок . . .	өрдөк .

Тапшырма:

Напишите предложения, употребляя слова упражнения в разных падежах

§ 42. Колхоздогу клуб.

Колхоздо клуб бар. Клубдун үйү чоң, таза жана жарык. Анда радио, рояль жана башка музыкалык инструмент бар. Стенада портреттер, ураандар, диаграммалар илинип турат. Столдо жаңы газеталар, журналдар жатат. Столдо гүлдөр турат.

Клубда драмкружок, музыка кружогу жана башка кружоктор иштейт. Драмкружок ар дайым спектакль коюп турат. Клубда колхозчулар жыйналыш өткөрөт. Клуб ар дайым ачык турат. Кружоктор расписание боюнча иштейт.

Сөздөр: ураандар—лозунги, илинип турат—висят, жаңы—новые (свежие), гүлдөр—цветы, спектакль коюп турат—ставит спектакль, ар дайым ачык—всегда открыт, клубдун үйү—здание (помещение) клуба.

Тапшырма:

Перепишите новые слова и выучите их.

Сүйлөшүү:

— Ураандар жазылдыбы?
— Ооба, ураандар жазылды.
— Ураандар кайда?
— Ураандар клубда.
— Канча ураан жаздың?
— Төрт ураан жаздым.

— Ураандарды качан жаздың?
— Ураандарды кечээ жаздым.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Бу гүлбү?
— Ооба, бу гүл.
— Бу кандай гүл?
— Бу кызыл гүл.
— Кайда кызыл гүл көп?
— Бікта кызыл гүл көп.
— Канча гүл алып келдиң?
— Көп гүл алып келдим.
— Гүлдү кайдан алып келдиң?
— Гүлдү талаадан алып келдим.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Клуб кайда? Клубдун үйү кандай? Стенада эмне илинип турат? Столдо эмне жатат? Гүлдер кайда турат? Рояль, музыкалык инструмент кайда? Клубда кандай кружоктор иштейт? Драмкружок ар дайым эмне кылып турат? Клубда эмне өткөрөт? Клуб кайсы уактарда ачык турат? Кружоктор расписание боюнча иштейби?

Тапшырма.

Ответьте на вопросы словами текста статьи „Колхоздун клубу".

Кыргызчага которгула.

В колхозе есть клуб. Помещение клуба большое, чистое и светлое. В клубе стоят большие столы и стулья. На столе лежат свежие газеты и журналы. В клубе есть радио, патефон и другие музыкальные инструменты. На стене висят портреты, лозунги и диаграммы. Колхозники вечером время проводят в клубе.

§ 43. Родительный падеж—илик жөндөмө.

Родительный падеж (илик) имеет следующие аффиксы: *нын*, (*нин, нун, нүн, дын, дин, дун, дүн, тын, тин, тун, түн.*)

Мисалы:

Бала*нын*, терезе*нин*, окуучу*нун*, көчө*нүн*, кагаз*дын*, дептер*дин*, совхоз*дун*, гүл*дүн*, ат*тын*, мектеп*тин*, жолдош*тун*, өрдөк*түн*.

Родительный падеж показывает принадлежность предмета и место какого-либо явления.

Родительный падеж отвечает на вопросы:
Кимдин?—чей? (кого?).
Эмненин?—чего? (чей?) (ко всем предметам, кроме человека).

Таблица изменения аффиксов родительного падежа.

В последнем слоге слова гласная	Слово оканчивается на: гласные: а, е, ё, и, о, у, ы, э, ю, я, ө, ү	звонкие согл. б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, р, ң	глухие согласные: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.
а, ы, я, е, э, и, о, ё у, ю, ө, ү	нын нин нун нүн	дын дин дун дүн	тын тин тун түн

Правило. Данной таблицей надо пользоваться так же, как предыдущей таблицей местного падежа.

Суроолошуу:

— Бул *кимдин* сумкасы?
— Бул Розанын (Мишанын, Петровдун, окуучунун) сумкасы.
— Сергеев *кимдин* жанында турат?
— Сергеев директордун (мугалимдин, Сидоровдун, Андреевандын, вожатыйдын) жанында турат.
— *Кимдин* галстугу бар?
— Мишанын (Сергейдин, Зоянын, Айшанын, Розанын) галстугу бар.
— Окуучу *эмненин* жанында турат?
— Окуучу партанын (столдун, досканын, терезенин) жанында турат.
— Китеп *эмненин* жанында жатат?
— Китеп дептердин (сумканын, калем саптын, боёктун, сыя челектин) жанында жатат.

Тапшырма:

Составьте несколько ответных предложений со словами, указанными в скобках, и напишите их.


§ 44. Үй айбандары—домашние животные.

Сөздөр: уй—корова, бээ—кобылица, кой—овца, эчки—коза, төө—верблюд, чочко—свинья, музоо—телёнок, кулун—жеребёнок, козу—ягнёнок, улак—козлёнок, тайлак—верблюжонок, торопой—поросёнок, ит—собака, мышык—кошка, күчүк—щенок, ат—конь, эшек—ишак, качыр—осёл.

Тапшырма:

1. Перепишите и выучите новые слова.

2. Составьте рассказ по картинкам.



ҮЙ АЙБАНДАРЫ.

Уйдун музоосу бар. Бээнин кулуну бар. Эчкинин улагы бар. Кышында уй, эчки, кой, төө жана башкалар күндүз талаада болот. Музоо, кулун, улак, тайлак жана башкалар короодо турат. Биз тайлактын жанына бардык. Тайлакка чөп жана суу бердик.

Сөздөр: кышында—зимой, күндүз—днём, талаада—на поле, короодо—во дворе, чөп—сено.

Тапшырма:

1. Перепишите новые слова и выучите их.

2. Составьте вопросы к тексту статьи **„Үй айбандары“.**

ҮЙ АЙБАНДАРЫНЫН ПАЙДАСЫ.

Үй айбандары кишиге көп пайда келтирет. Бизде үй айбандарынан: жылкы, уй, кой, эчки, төө, чочко бар.

Уйдун сүтүн ичебиз, этин жейбиз, терисин заводго жиберебиз. Кой, эчкинин сүтүн ичебиз, этин жейбиз, жүнүн фабрикага жиберебиз. Жылкынын этин жейбиз, сүтүн кымыз кылабыз. Кымыз адамга абдан пайдалуу. Аттардын Кызыл Аскер ишине пайдасы абдан чоң.

Малды көп өстүрүү керек, тукумун асылдандыруу керек, жакшы багуу керек.

Сөздөр: үй айбандары—домашние животные, жылкы—лошадь, уй—корова, кой—овца, эчки—коза, тери—кожа, жүн—шерсть, керек—надо, кымыз—кумыс, пайдалуу—полезно (полезен).

Тапшырма:

Перепишите и выучите новые слова.

Суроолор:

Үй айбандары кимге көп пайда келтирет?
Бизде кандай үй айбандары бар? Уйдун кандай пайдасы бар?
Койдун кандай пайдасы бар? Жылкынын кандай пайдасы бар?

Тапшырма:

Перепишите ответы на вопросы словами текста статьи **„Үй айбандарынын пайдасы“.**

§ 45. Экскурсия.

Бешинчи класстын окуучулары кечээ экскурсияга бардык. Эртең менен саат сегизде мектепке жыйналдык. Мектептен уюшкан түрдө чыктык. Колхоздун багына бардык.

Председателден уруксат сурадык. Ал уруксат берди. Биз ар



түрдүү жыгачтарды, өсүмдүктөрдү көрдүк. Ар түрдүү гүлдөрдөн, жалбыректардан алдык.

Мугалим бизге өсүмдүктөр жөнүндө түшүндүрдү. Экскурсиядан мектепке кайттык. Мектептен үйгө тарадык. Кечинде экскурсияда көргөндөрдү жаздык.

Сөздөр: жыйналдык—собирались, уюшкан түрдө—организованно, чыктык—вышли, жөнүндө—о(про, об), уруксат—разрешение, сурадык—просили, жыгач—дерево, өсүмдүк—растение, көрдүк—видели, жалбырак—лист, түшүндүрдү—объяснил, кайттык—вернулись, тарадык—разошлись.

Тапшырма:

Перепишите и выучите новые слова.

Суроолор:

Бешинчи класстын окуучулары кайда барды? Мектепке качан жыйналды? Окуучулар кайдан чыкты? Кайсы бакка барды? Кимден уруксат сурады? Ал уруксат бердиби? Силер эмнелерди көрдүңөр? Бактан кайда кайттыңар? Ким силерге өсүмдүктөр жөнүндө түшүндүрдү? Кандай гүлдөр, жалбыректар алдыңар? Мектептен кайда тарадыңар? Кечинде эмне жаздыңар?

Тапшырма:

Ответьте на вопросы словами текста статьи **„Экскурсия"**

§ 46. Көпөлөк.

Жаздын күнү талаада түрдүү гүлдөр бар. Гүлдөрдүн арасында көпөлөктөр учуп жүрөт. Кызыл гүлгө кызыл көпөлөк конду. Сары гүлгө сары көпөлөк конду. Көк гүлгө көк көпөлөк конду. Кара көпөлөк ак гүлгө конду.

Чабалекей учуп келди. Кара көпөлөктү көрдү. Башка көпөлөктөрдү көргөн жок. Ал кара көпөлөктү илип кетти. Башка көпөлөктөр аман калды.

Сөздөр: көпөлөк—бабочка, талаа—поле, учуп жүрөт—летает, конду—села, чабалакей—ласточка, учуп келди—прилетела, көрдү—увидела, башка—другие, көргөн жок—не видела, илип кетти—схватив улетела, аман калды—остались невредимы.

Тапшырма:

Выучите новые слова.

Сүйлөшүү:

— Көпөлөкпү?
— Ооба, көпөлөк.
— Бу кандай көпөлөк?
— Бу кызыл көпөлөк.
— Ким көпөлөк кармады?
— Балдар көпөлөк кармады.
— . . . . . .
— . . . . . .
— Талаага ким барат?
— Талаага мен барам.
— Талаага эмнеге барасың?
— Талаада атама жардам берем.
— Талаадан ким келди?
— Талаадан колхозчулар келди.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Кайсы увакыт? Талаада кандай гүлдөр бар? Көпөлөктөр, кайда учуп жүрөт? Кызыл гүлгө кандай көпөлөк конду? Сары көпөлөк кандай гүлгө конду? Көк гүлгө кандай көпөлөк конду? Ак гүлгө кандай көпөлөк конду? Эмне учуп келди? Ал кандай көпөлөктү көрдү? Башка көпөлөктөрдү көрдүбү? Чабалекей кандай көпөлөктү илип алды? Башка көпөлөктөр эмне болду?

Тапшырма:

Напишите ответы на вопросы.

ОЙ, ОЙ, КӨПӨЛӨК.

Ой, ой, көпөлөк,
Кайда учасың көкөлөп?
Коносуңбу гүлдөргө?
Жакшы көрүп бөпөлөп.

* * *

Шибер чөптүн гүлдөрүн,
Нечен сонун түрлөрүн,
Өппөйсүңбү көпөлөк?
Тандап таттуу түрлөрүн.



***

Мен да чуркап барайын,
Кармап сени алайын,
Канатынды кайрыбай,
Калпагыма салайын.

Сөздөр: Учасың—летаешь, көкөлөп—взвиваясь, коносуңбу—садишься ли, жакшы көрүп бөпөлөп—любя упиваешься, шибер чөп—обильные травы, гүлдөр—цветы, нечен—несколько (много), сонун—прекрасный, түрлөрү—виды (разнообразие), өппөйсүңбү—коснешься ли, танда—выбирай, мен да—и я, чуркап барайын—быстро побегу, кармап—поймав, алайын—возьму, канат—крыло, сындырбай—не ломая, салайын—положу.

Тапшырма:

1. Усвойте новые слова
2. Выучите стихотворение.

§ 47. Послелог „*жанында*“—около, возле.

Послелог **„жанында“** употребляется всегда после того слова, к которому он относится. Послелог **„жанында“** требует от именного слова **родительного падежа** и указывает на какое-либо явление, происходящее около данного предмета.

Мисалы:

Партанын *жанында* стол турат. Китептин *жанында* дептер жатат. Мектептин *жанында* киоск бар. Директордун *жанында* катчы отурат.

Сөздөр: Чекит—точка, ордуна—на место, мүчө—окончание, жалгагыла—прибавьте, чүпүрөк—тряпка.

Тапшырма:

Көчүрүп жазгыла, чекиттин ордуна мүчө жалгагыла.
Перепишите, на место точек прибавьте окончания.

Клуб . . . жанында китепкана бар. Ашкана . . . **жанында** кухня бар. Стол . . . жанында орундук турат.

Чүпрөк . . . жанында бор жатат. Доска . . . жанында окуучу турат. Самовар . . . жанында чайник турат. Үй . . . жанында музоо жүрөт. Почта . . . жанында кино бар.

Көнүгүү:

1. Прибавьте к следующим словам аффиксы родительного падежа, пользуясь таблицей.

Парта . . ., бала . . ., талаа . . ., кызматчы . . ., терезе . . ., эчки . . ., бээ . . ., короо . . ., пальто . . ., музоо . . ., чочко . . ., көчө . . ., өтүкчү . . ., төө . . ., кагаз . . ., жыл . . ., ай . . ., самын . . ., дептер . . ., темир . . ., сабиз . . ., апельсин . . ., үй . . ., кой . . ., кулун . . ., торопой . . ., үй . . ., күн . . ., көл . . . ., көз . . . ., ат . . ., мышык . . . ., тайлак . . . ., ит . . ., меш . . ., иш . . . ., китеп . . ., орок . . ., тоок . . ., боёк . . . ., өрдөк . . ., өтүк . . ., көйнөк . . . .


2. Составьте вопросительные и ответные предложения по нижеследующим образцам, употребляя в родительном падеже следующие слова:

бала, талаа, кызматчы, терезе, эчки, короо, музоо, чочко, көчө, өтүкчү, самын, дептер, сабиз, үй, кой, кулун, үй, көз, мышык, тайлак, ит, китеп, тоок, боёк, өрдөк, өтүк.

1. Партанын жанында эмне турат?
   Партанын жанында стол турат.
   — . . . . . ?
   — . . . . . .
2. Бээнин жанында эмне жүрөт ?
   — . . . . . .
3. Пальтонун жанында эмне илинип турат ?
   — . . . . . .
4. Төөнүн жанында эмне жатат?
   — . . . . . .
5. Кагаздын жанында канча карандаш жатат?
   — . . . . . .
   — . . . . . ?
   — . . . . . .
6. Сергейдин жанында ким отурат?
   — . . . . . .
7. Торопойдун жанында эмне турат?
   — . . . . . .
8. Көлдүн үстүндө эмне сүзүп жүрөт?
   — . . . . . .
9. Аттын жанында нече киши турат?
   — . . . . . .
10. Мештин жанында ким отурат?
    — . . . . . .
11. Сүрөттүн жанында эмне илинип турат?
    — . . . . . .

Тапшырма:

Составьте рассказы по картинкам на киргизском языке.




Суйлөшүү:

— Сиз кимдин жанында отурдунуз?
— Мен жолдошумдун жанында отурдум.
— Силер эмнеинн жанында турдуцар?
— Биз картанын жанында турдук.
— Картанын жанында эмне турат?
— Картанын жанында доска турат.
— Петр Ивановичтин жанында ким турат?
— Петр Иванович тин жанында Сергей Петрович турат.
— Пионер вожатыйдын жанында ким отурат?
— Пионер вожатыйдын жанында пионерлер отурат.

Кыргызчага которгула.

Книга лежит около сумки. Ученица сидит около учительницы. Ученик стоит около доски. Хлеб лежит около чайника. Люди стоят возле клуба. Рабочий стоит около станка. Шкаф стоит возле доски. Мы живём возле школы.



§ 48. Пионер лагери.

Өткөн жайда мен пионер лагерине бардым. Лагерде отличник пионерлер көп болду. Иван колхоздон келди. Биздин класстан беш бала бардык.

Шаардан пионер лагерге чейин машина менен бардык. Лагерь абдан тартиптүү. Бардык иш уюшкан түрдө расписание боюнча өткөрүлөт. Эртең менен физкультура зарядкасы болот. Андан кийин жуунабыз, тамактанабыз, ойнойбуз. Лагерде бир ай олдук. Убактыны абдан жакшы өткөрдүк. Пионер лагерде болгон жолдошторумдан кат алып турам.

Сөздөр: өткөн—прошлый, машина менен—на машине, тартиптүү—дисциплинированный, расписание боюнча—по расписанию, өткөрүлөт—проводится, жуунабыз—умываемся,

тамактанабыз — кушаем, ойнойбуз — играем, ай — месяц, уакты—время, алып турам—получаю.

Тапшырма:

Перепишите и выучите новые слова.

Суроолор:

Сен качан пионер лагерьге бардың? Иван кайдан келди? Пионер лагерьде кимдер көп болду? Сиздин класстан канча бала барды? Шаардан пионер лагерьге чейин эмне менен бардынар? Пионер лагери тартиптүүбү? Эмне расписание боюнча өткөрүлөт? Эртең менен эмне болот? Лагерьде канча ай болдуң? Андан кийин эмне кыласынар? Уактыны кандай өткөрдүңөр? Кимден кат алып турасың?

Тапшырма:

Напишите ответы на вопросы словами текста статьи „Пионер лагери". *Подчеркните существительные и назовите падежи, в которых употреблены существительные. Расскажите о пионерском лагере.*

§ 49. Буфет.

Мектепте буфет бар. Буфет атайын салынган бөлмөдө. Буфетте булочка, каймак май, сүт, конфет, печение, алма, халва жана башкалар сатылат. Ысык тамак сатылат. Чайды акчасыз берет. Буфетте Лида Ивановна иштейт.

Мен бир алма, үч конфет, бир булочка алдым. Зина бир стакан сүт, бир булочка, эки конфет алды. Сергей эки котлет, бир булочка алды.

Буфетте бардык тамак арзан. Мен буфетчиге элүү тыйын төлөдүм. Буфет сабак бүткөнчө ачык болот. Эртең менен ар дайым буфеттен тамак ичебиз.

Сөздөр: атайын салынган бөлмөдө—находится в специальной комнате, каймак май—сливочное масло, сүт—молоко, жана башкалар—и другие, сатылат—продаётся, ысык тамак—горячая пища, акча—деньги, ак асыз—без денег, арзан—дёшево, элүү—50, тыйын—копеек, төлөдүм—платил, бүткөнчө—до конца, ар дайым—всегда.

Тапшырма:

Перепишите и выучите новые слова.

Суроолор:

Буфет кайда? Буфет кандай бөлмөдө? Буфетте эмнелер сатылат? Эмнени акчасыз берет? Ысык тамак сатылабы? Лидия Ивановна кайда иштейт? Сен эмне алдың? Зина эмне алды? Сергей эмне алды? Буфетте эмне арзан? Сен буфетчиге канча тыйын төлөдүң? Буфет кайсы уакка чейин ачык болот? Эртең менен тамакты кайдан ичесиз?

Тапшырма:

Ответьте на вопросы словами текста статьи „Буфет".

Кыргызчага которгула.

В нашей школе есть буфет. В буфете продаются конфеты, печенье, яблоки, молоко, булки, горячие завтраки. В буфете всё дёшево. Сегодня я купил одну булочку, один стакан молока и четыре конфеты. Мой товарищ купил три конфеты, одну булочку и печенье. Я уплатил сорок копеек. Товарищ мой уплатил тридцать копеек.



§ 50. Мен—пионер.

Жанды аябайм,
Алпештеген эл үчүн,
Гүлдөп турган,
Жаркыраган жер үчүн.
Улуу ата,
Сталиндин ишине.
Зарп кылынат,
Ташкындаган бар күчүм.

Сөздөр: жан—душа (жизнь), аябайм—не жалею, алпештеген—выпестовавший (вырастивший), эл үчүн—для народа, жаркыраган—сверкающий, Улуу—Великий, зарп кылынат—будет отдана, ташкындаган—кипучая, күч—сила.

Тапшырма:

1. Усвойте новые слова.
2. Выучите стихотворение.

КАЙТАЛОО.

Орто мектептин жанында балдар бакчасы бар. Сергейдин жанында Капар китеп окуп отурат. Стадиондун жанында чоң көл бар. Короонун жанында эки уй жатат. Портреттин жанында плакат илинип турат.

1. Перепишите предложения, вставляя в скобках вопросительные слова к каждому слову предложения по образцу, данному ниже.

Үлгү:

Орто (кандай?) *мектептин жанында* (эмненин жанында?) *балдар бакчасы* (эмне?) *бар.*

. . . . . .
. . . . . .

2. Составьте вопросительные предложения ко всем примерам упражнения по образцу, указанному ниже.

Үлгү:

а) *Кандай* мектептин жанында балдар бакчасы бар?
б) *Кайда* балдар бакчасы бар?

в) Орто мектептин жанында *эмне* бар?

. . . . . .

. . . . . .

§ 51. Винительный падеж—табыш жөндөмө.

Винительный падеж (табыш) имеет аффиксы: *„ны“*, (нн, ну, нү, ды, ди, ду, дү, ты, ти, ту, тү).

Разница между аффиксами винительного и родительного падежей состоит в том, что аффикс винительного падежа в конце те яет букву **„н“**.

Мисалы:

Балан*ы*, терезе*ни*, окуучу*ну*, көчө*нү*, кагаз*ды*, дептер*ди*, совхоз*ду*, гүл*дү*, ат*ты*, мектеп*ти*, жолдош*ту*, өрдөк*тү*.

Винительный падеж отвечает на вопросы:

Кимди—кого? *Эмнени*—чего? (что?)

Таблица изменения аффиксов винительного падежа.

В последнем слоге слова гласная.	Слово оканчивается на:		
	а, е, ё, и, о, у ы, э, ю, я, ө, ү (гласные).	б, в, г, д, ж, з, й л, м, н, р, ң (звонкие согласные).	к, п, с, т, ф, х, ц ч, ш, щ. (глухие согласные).
а, ы, я	ны	ды	ты
е, и, э	ни	ди	ти
о, ё, у, ю	ну	ду	ту
ө, ү	нү	дү	тү

Правило пользования таблицей такое же, как в предыдущих таблицах изменения аффиксов падежей.

Сүйлөшүү:

Вопросы со словом *кимди*? и ответы.

— Сен кечээ *кимди* көрдүң?

— Мен кечээ вожатыйды (директорду, катчыны, бригадирди, трактор чуну) көрдүм.

— Сен азыр *кимди* чакырдың?

— Мен азыр дежурныйды (бухгалтерди, кассирди, агрономду, мугалимди, окуучуну) чакырдым.

— . . . . . ?

— . . . . . .

Вопросы со словом *эмнени*? и ответы.

— Сен *эмнени* жакшы көрөсүң?

— Мен алманы (өрүктү, бадыранды, помидорду, алчаны, кантты, конфетти) жакшы көрөм.

— Сен кароодон *эмнени* айдадың?


— Мен кароодон уйду (музоону, атты) айдадым.

— . . . . . ?

— . . . . . .

Тапшырма:

Составьте несколько ответных предложений со словами, указанными в скобках и напишите их.



§ 52. Зарядка.

Мектепке эртең менен эрте барабыз. Бизди вожатый тозуп алат. Балдар бүт чогулганда катарга тизилебиз. Зарядка өткөрөбүз. Зарядка адамга абдан пайдалуу. Ден соолук чындалат. Зарядкадан кийин биз класска киребиз. Сабак башталат.

Сөздөр: тозуп алат—встречает, балдар—ребята, катар—ряд, тизилебиз—строимся, өткөрөбүз—проводим, адамга—человеку, пайдалуу—полезный, ден соолук—здоровье, чындалат—укрепляется, кийин—после.

Тапшырма:

Перепишите и выучите новые слова.

Сүйлөшүү:

— Балдар кайда?

— Балдар кароодо.

— Жайында балдар кайда барышат?

— Жайында балдар пионер лагерге барышат.

— Балдар пионер лагерден качан келишет?

— Балдар лагерден он күндөн кийин келет.

— Балдар эмне ойноп жатат?
— Балдар футбол ойноп жатат.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Зарядка адамга пайдалуубу?
— Ооба, зарядка адамга абдан пайдалуу.
— Адамга кандай тамак пайдалуу болот?
— Адамга жашылча пайдалуу болот.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Көнүгүү:

Прибавьте к следующим словам аффиксы винительного падежа, пользуясь таблицей.

Кызматчы . . ., парта . . ., талаа . . ., бала . . ., терезе . . ., бээ . . ., эчки . . ., терезе . . ., пальто . . ., музоо . . ., короо . . ., чочко . . ., көчө . . ., төө . . ., өтүкчү . . ., жыл . . ., ай . . ., кагаз . . ., самын . . ., дептер . . ., сабиз . . ., темир . . ., апельсин . . ., үй . . ., кой . . ., кулун . . ., торопой . . ., үй . . ., күн . . ., көз . . ., көл . . ., мышык . . ., ат . . ., тайлак . . ., ит . . ., меш . . ., иш . . ., китеп . . ., орок . . ., тоок . . ., боёк . . ., өрдөк . . ., өтүк . . ., көйнөк . . .

Көнүгүү:

Составьте вопросительные и ответные предложения по нижеследующим образцам, употребляя в винительном падеже следующие слова:

Вожатый, пионер, бала, окуучу, мугалим, зарядка, көл, топ, колхозчу, агроном, жолдош.

1. Кызматчыны ким чакырды?
— Кызматчыны Миша чакырды
. . . . . .
— . . . . . .?
2. Эчкини ким сатып алды (купил)?
— . . . . . .
— . . . . . .
— . . . . . .?
3. Музоону ким багат?
— . . . . . .
— . . . . . .
— . . . . . .?
4. Өтүкчүнү ким көрдү (видел)?
— . . . . . .
— . . . . . .
— . . . . . .?
— . . . . . .

5. Самынды ким берди?
— . . . . . ?
— . . . . . .
6. Дептерди ким унутту (забыл)?
— Дептерди мен унуттум.
— . . . . . ?
— . . . . . .
7. Үйду ким айдады (угнал)?
— . . . . . .
— . . . . . ?
— . . . . . .
8. Колхоз үйдү кайда салды?
— . . . . . .
— . . . . . ?
— . . . . . .
9. Мышыкты кайдан алдың?
— . . . . . ?
— . . . . . .
10. Китепти качан бересиң?
— . . . . . .
— . . . . . ?
— . . . . . .
11. Тоокту эмне үчүн айдайсың?
— . . . . . .
— . . . . . ?
— . . . . . .
12. Сумканы кайда койдуң?
— . . . . . .
— . . . . . ?
— . . . . . .

§ 53. Сан

Жүз бир—101, жүз эки—102. жүз үч—103, жүз төрт—104, жүз беш—105, жүз алты—106, жүз жети—107, жүз сегиз—108, жүз тогуз—109, жүз он—110, жүз он бир—111, жүз он эки—112, жүз он үч—113, жүз он тогуз—119, жүз жыйырма эки—122, жүз жыйырма жети—127, жүз жыйырма тогуз—129, жүз кырк беш—145, жүз кырк сегиз—148, жүз элүү—150, жүз элүү төрт—154, жүз элүү тогуз—159, эки жүз он беш—215, эки жүз он жети—217, үч жүз алтымыш эки—362, үч жүз сексен беш— 385, төрт жүз отуз алты—436, төрт жүз токсон бир—491, беш жүз жетимиш төрт—574, беш жүз сексен эки—582, алты жүз отуз жети—637, алты жүз токсон үч—693, жети жүз жетимиш төрт—774, жети жүз токсон беш—795, сегиз жүз кырк сегиз —848, сегиз жүз элүү алты—856, тогуз жүз алтымыш жети—967, тогуз жүз сексен бир—981, миң—1000.

Тапшырма:

1. Напишите числа до 1000, выучите их.

2. Төмөнкү сандарды кыргызча жазуу менен жазгыла.

128, 133, 135, 142, 144, 149, 151, 152, 153, 164, 175, 176, 188, 189, 192, 193, 196, 197, 198, 199, 218, 219, 235, 236, 225, 228, 255, 257, 263, 271, 284, 323, 327, 329, 335, 343, 349, 353, 365, 372, 383, 391, 398, 418, 423, 434, 638, 442, 444, 453, 468, 477, 478, 483, 493, 515, 524, 532, 531. 543, 545, 546, 555, 563, 571, 583, 58 , 597 675, 623, 631, 642, 653, 658, 663, 672, 673, 684, 655, 698, 813, 836, 848, 856, 875, 950, 960, 975, 1000.

§ 54. Множественное число:

1. В киргизском языке слова употребляются в значении единственного и множественного числа.

Мисалы:

а) *колхоз, окуучу, мектеп, көчө—имена единственного числа;*

б) *колхоздор, окуучулар, мектептер, көчөлөр*—имена во множественном числе.

2. Множественное число передается в именах аффиксом **„лар“**, который изменяется в соответствии с гласной последнего слога в слове и в зависимости от согласной, на которую оканчивается слово.

Мисалы:

Терезелер, китептер, гүлдөр.

3. После числительных и после слов **„канча“**, **„нече“** форма множественного числа в предложении не употребляется.

Мисалы:

Канча окуучу? Беш окуучу. Классга канча парта бар? Класста он беш парта бар.

Аффиксы множественного числа *„лар“* (лер, лор, лөр, дар, дер, дор, дөр, тар, тер, тор, төр).

В последнем слоге слова гласная	Слово оканчивается на:		
	гласные + й, р.	звонкие согласные, за исключением й, р.	глухие согласные
а, ы, я, у, ю	лар	дар	тар
е, и, э	лер	дер	тер
о, ё	лор	дор	тор
ө, ү	лөр	дөр	төр

Мисалы:

Кызматчы + ***лар*** = кызматчы***лар***, дептер + ***лер*** = дептер***лер***, пальто + ***лор*** = пальто***лор***, көчө + ***лөр*** = көчө***лөр***, ураан + ***дар*** = ура***андар***, пил + ***дер*** = пил***дер***, совхоз + ***дор*** = совхоз***дор***, күрөк + ***төр*** = күрөк***төр***, куш + ***тар*** = куш***тар***, мектеп + ***тер*** = мектеп***тер***, жолдош + ***тор*** = жолдош***тор***, сүрөт + ***төр*** = сүрөт***төр***.

Сүйлөшүү:

— Директор кайда болду?

— Директор колхоздордо (фабрикаларда, совхоздордо) болду.

— Демонстрацияга кимдер катышты?

— Демонстрацияга кызыл-аскерлер, жумушчулар, кызматчылар, колхозчулар, окуучулар, студенттер катышты.

— Бүгүн чогулушта кимдер болду?

— Бүгүн чогулушта колхозчулар, мугалимдер, окуучулар болду.

— Заводдон эмнелер жасалып чыгат?

— Заводдон комбайндар, тракторлор, замбиректер, самолёттор, пулемёттор жасалып чыгат.

— Фрунзе шаарында эмнелер көп?

— Фрунзе шаарында заводдор, фабрикалар, мектептер, институттар мекемелер көп.

— Колхоздо кандай малдар бар?

— Колхоздо уйлар, койлор, жылкылар, төөлөр, чочколор бар.

— Сумкага эмнелер саласың?

— Сумкага китептер, дептерлер, боёктор, кагаздар, калемдер, карандаштар салам.

— Клубда эмнелер илинип турат?
— Клубда портреттер, ураандар, диаграммалар, плакаттар илинип турат.

Тапшырма:

К следующим словам прибавьте аффиксы множественного числа и переведите на киргизский язык.

Пионер . . , комсомолец . . , отличник . . . , ударник . . . , бригадир . . . , цех . . . , план . . . , плакат . . . , ураан . . . машина . . . , трактор чу . . . , машинач ы . . . , көпөлөк . . . , ат . . . .



§ 55. Биринчи Май.

Биринчи Май бүткүл дүйнө эмгекчилеринин майрамы. Биринчи Майда бардык эмгекчилер кызыл туу алып, көчөгө чыгат. Биздин кызыл туу, бүткүл дүйнө эмгекчилерине мындай дейт:

— Биз чоң жеңиштерге ээ болдук!
— Биз күчтүүбүз! Жүргүлө биз менен!
— Жашасын Биринчи Май!

Сөздөр: бүткүл дүйнө—всего мира, эмгекчилер—трудящиеся, майрам—праздник, кызыл туу—красное знамя, чыгат—выходит, мындай дейт—так говорит, жеңиштер—победы, ээ болдук—овладели, күчтүүбүз—мы сильные, жүргүлө биз менен—пойдемте с нами.


Тапшырма:

1. Перепишите и выучите новые слова
2. Расскажите, что видели на демонстрации.

§ 56. Акмат майрамда.

Биринчи Майда Акмат өзүнүн жолдоштору менен кызыл аскерлерди тосуп алууга чыкты.

Аэропландар учушту, музыканын үндөрү угулду. Жөө жана ат-



чан аскерлер өтүп жатышты. Замбиректер, танктар жүрүп жатты. Буларды көрүшүп, адамдар „Ура!"—дешти. Акмат да алар менен кошо кыйкырды. Кызыл аскерлер Акматка эң жагып калды.

Сөздөр: өзүнүн жолдоштору менен—со своими товарищами, тосуп алууга—встречать, чыкты—вышел, учушту—летали, үндөрү—звуки, угулду—слышались, жөө аскер—пехота, атчан аскер—кавалерия, өтүп жатышты—прошли(проходили), кошо—вместе, кыйкырды—крикнул, жагып калды—понравился.

Тапшырма:

1. Перепишите и выучите новые слова.
2. Составьте вопросы к тексту статьи и напишите их.

§ 57. Тоого чыгуу—выход в горы.

Биздин колхоз тоого жакын. Колхоздун жанынан чоң өзөн суу агат. Өткөн дем алышта үч бала тоого чыктык.

Тоодо ар түрдүү гүлдөр, жыгачтар абдан көп. Жапайы айбандар, куштар көп.

Биз сууга түштүк. Андан кийин ар түрдүү сонун гүлдөрдү тердик. Гүлдөрдү кургаттык. Аттарын жаздык. Коллекция жыйнадык. Окуучуларга көрсөттүк. Жакында бардык окуучулар тоого барышат.

Сөздөр: тоо—гора, жакын—близко, өзөн суу—речка, агат—течёт, өткөн—прошлый, ар түрдүү—разные, жыгач-

тар—деревья, жапайы—дикие, сууга түштүк—купались, сонун—замечательный, тердик—собирали, кургаттык—сушили, аттары—названия, жакында—на днях (скоро).

Тапшырма:


Перепишите и выучите новые слова.

Суроолор:

Кайсы колхоз тоого жакын? Колхоздун жанынан кандай суу агат? Качан тоого чыктынар? Тоодо эмнелерд көп? Ким сууга түштү? Андан кийин эмне кылдынар? Гүлдөрдү эмне кылдынар? Аттарын жаздынарбы? Эмне жыйнадынар? Кимге көрсөттүнөр? Жакында окуучулар эмне кылышат?

Тапшырма:

Напишите ответы на вопросы словами текста статьи „Тоого чыгуу."



§ 1. Окуу башталды.

Жыйырма бешинчи августта мен китеп, дептер, калем уч, сыя жана башкаларды сатып алдым. Мектепке даярдандым.

Биринчи сентябрь күнү эрте турдум. Мектепке бардым. Мектеп ураандар, портреттер, плакаттар менен кооздолгон. Тааныш окуучулар менен амандаштым. Окуучулар ойнодук.

Саат сегизде звонок болду. Биз класска кирдик. Орунга отурдук. Мугалим келди. Биз орундан турдук, мугалим менен амандаштык. Окуу башталды.

Сөздөр: окуу—учёба (учение) башталды—началась, жана башкалар—и другие, сатып алдым—я купил, даярдандым—я готовился, турдум—я встал, ураандар—лозунги, кооздолгон—украшен, тааныш—знакомый, амандаштым—поздоровался, орун—место.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла—выучите новые слова.

Суроолор:

Жыйырма бешинчи августта эмне сатып алдың? Эмнеге даярдандың? Качан эрте турдуң? Кайда бардың? Мектеп эмнелер менен кооздолгон? Кимдер менен амандаштың? Ким ойноду? Звонок качан болду? Ким класска кирди? Ким келди? Силер эмне кылдынар? Эмне башталды?

Тапшырма:

Напишите ответы на вопросы словами текста статьи „Окуу башталды".

§ 2. Мектепте биринчи күн.

Биринчи күнү алтынчы класста беш сабак болду. Ар бир сабак 45 минутадан болот. Ар сабактан кийин тыным болот. Тыным учурунда балдар ангемелештик. Ким кайда болгонун айтты.

Каникулда кайсы бир балдар курортто болгон. Кайсы бир балдар пионер лагеринде болгон. Сабак абдан кызыктуу болду. Беш сабак бүттү. Окуучулар үйгө кайттык.

Сөздөр: күн—день, сабак—урок, ар бир—каждый, болот—бывает (будет), тыным—перерыв, тыным учурунда—во время перерыва, балдар—ребята, аңгемелештик—беседовали, айтты—рассказал, кайсы бир—некоторые, болгон—были, кызыктуу—интересный (интересно), бүттү—кончилось, кайттык—вернулись.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла—новые слова выучите.

Суроолор:

Биринчи күнү алтынчы класста канча сабак болду? Ар бир сабак нече минутадан болот? Балдар качан аңгемелешти? Балдар эмне айтты? Каникулда балдар кайда болду? Эмне абдан кызыктуу болду? Канча сабак бүттү? Окуучулар кайда кетти?

Тапшырма:

Ответьте на вопросы словами текста статьи **„Мектепте биринчи күн".**

§ 3. Личные местоимения —жактама ат атоочтор.

Личные местоимения имеют две формы, и каждая форма имеет два числа.

Жекелик одоно түрү—простая форма единственного числа:

1. Мен—я, 2. сен—ты, 3. ал—он (она, оно).

Көптүк одоно түрү—простая форма множественного числа:

1. . . . . .
2. Силер — вы
3. Алар — оня

Жекелик сылык түрү—вежливая форма единственного числа:

1. Биз — мы
2. Сиз — вы
3. . . . . .

Көптүк сылык түрү—вежливая форма множественного числа:

1. Биздер — мы
2. Сиздер — вы
3. . . . . .

Тапшырма:


Жактама ат атоочтордү жаттагыла—выучите личные местоимения.


§ 4. Дан өсүмдүктөр — злаки.

Сөздөр: буудай—пшеница, арпа — ячмень, кара буудай — рожь, сулуу — овёс, таруу — просо, күрүч — рис, жүгөрү — кукуруза.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Назовите предметы рисунков по-киргизски.





ТАЛАА.

Биз колхоздо турабыз. Биздин колхоз дан өсүмдүктөрүн көп айдады. Асыл тукум малы көп. Атам колхоздо иштеди. Мен жардам бердим.

Атам буудай сугарды. Сиз жүгөрү сугардыңыз. Алар арпа жана таруу сугарышты.

Дан өсүмдүктөрү абдан жакшы чыкты. Колхозчулар эмгек күнгө буудай, арпа, күрүч, таруу алышты. Жайында колхозчулар талаада иштеди.

Колхоздун малы жайлоодо болду. Мал жакшы семирди.

Сөздөр: талаа—поле, буудай айдады—посеял пшеницу, мал—скот, асыл тукум мал—породистый скот, атам—мой отец, жардам бердим—я помогал, сугарды—поливал, эмгек күн—трудодень, жайында—летом.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла—выучите новые слова.*

Суроолор:

Сиз кайда турасыз? Сиздин колхоз эмнени көп айдады? Кандай мал көп? Ким колхоздо иштеди? Ким жардам берди? Ким буудай сугарды? Ким жүгөрү сугарды? Алар эмне сугарышты? Дан өсүмдүктөрү кандай чыкты? Колхозчулар эмгек күнгө эмне алышты? Жайында колхозчулар кайда иштеди? Колхоздун малы кайда болду?

Тапшырма:
Напишите ответы на вопросы—суроолорго жооп жазгыла.

§ 5. Этиш—глагол.

Глагол—часть речи, обозначающая действие или состояние предмета. Глагол имеет три времени: *прошедшее, настоящее* и *будущее*. Глагол изменяется по лицам, числам и временам.

Основой глагола в киргизском языке является форма повелительного наклонения (выражение приказания, указания, просьбы).

Глаголы повелительного наклонения.

Сөздөр: Жаз—пиши, кел—приди, отур—садись, сүйлө—говори, ал—возьми.

§ 6. Образование глаголов прошедшего датированного—берки өткөн чак.

Для выражения лица и числа глагола употребляются следующие изменяющиеся окончания: *дым, дың, ды, дыңар, ышты дык, дыңыз, дык, дыңыздар.*

Мисалы:

Простая форма
Мен жаз*дым*—я писал.
Сен жаз*дың*—ты писал.
Ал жаз*ды*—он писал.
Силер жаз*дыңар*—вы писали
Алар жаз*ышты*—они писали.

Вежливая форма
Биз жаз*дык*—мы писали.
Сиз жаз*дыңыз*—вы писали.
Биздер жаз*дык*—мы писали.
Сиздер жаз*дыңыздар*—вы писали.

Примечание: Глаголы в сочетании с местоимениями *„биз"* и *„биздер"* имеют одинаковые окончания.

Изменение окончаний глаголов.

В соответствии с гласной в основе, гласная в окончании *„ы"* переходит в *„и" „у" „Ү"*.

Мисалы:

Мен кел*дим*,	отур*дум*,	сүйлө*дүм*.
Сен кел*диң*,	отур*дуң*,	сүйлө*дүң*.
Ал кел*ди*,	отур*ду*,	сүйлө*дү*.
Силер кел*диңер*,	отур*дуңар*,	сүйлө*дүңөр*.
Алар кел*ишти*,	отур*ушту*,	сүйлө*шту*.
Биз кел*дик*,	отур*дук*,	сүйлө*дүк*.
Сиз кел*диңиз*,	отур*дуңуз*,	сүйлө*дүңүз*.
Биздер кел*дик*,	отур*дук*,	сүйлө*дүк*.
Сиздер кел*диңиздер*,	отур*дуңуздар*,	сүйлө*дүңүздөр*.

Тапшырма:
Перепишите примеры и подчеркните окончания лица.

Сүйлөшүү:

— Ким кыргызча сүйлөдү?
— Мен кыргызча сүйлөдүм.
— Ким орусча сүйлөдү?
— Айша (Марат) орусча сүйлөдү.
— Сиз эмне жаздыңыз?
— Биз ураан жаздык.
— Алар эмне окушту?
— Алар китеп окушту.
— Сиздер эмне алдыңыздар?
— Биздер китеп, дептер алдык.
— Сен ким менен отурдуң?
— Мен Сергей (Лида) менен отурдум.
— Силер качан келдиңер?
— Биз азыр келдик.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Окончания глаголов прошедшего датированного — берки өткөн чактын мүчөлөрү.

ТАБЛИЦА № 1.

Глаголы на гласную и на звонкую согласную.

В последнем слоге слова гласная	Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Биздер	Сиздер
а, ы, я	дым	дың	ды	дыңар	ышгы	дык	дыңыз	дык	дыңыздар
е, и, э	дим	диң	ди	диңер	ишги	дик	диңиз	дик	диңиздер
о, у, ё, ю	дум	дуң	ду	дуңар	ушгу	дук	дуңуз	дук	дуңуздар
ө, ү	дүм	дүң	дү	дүңөр	үштү	дүк	дүңүз	дүк	дүңүздөр

Правило пользования таблицей окончаний.

Найдите в последнем слоге слова (в повелительной форме глагола) гласную и прибавьте соответствующее окончание лица.

Примечание: Если основа слова оканчивается на гласную букву, то в окончании 3-го лица множественного числа первая гласная выпадает.

Мисалы:

Сана + ышты = сана*шты* (буква „ы" в окончании 3-го лица выпала) — они считали, сүйлө + үштү = сүйлө*шту* (буква „ү" в окончании 3-го лица выпала) — они разговаривали и др.

Тапшырма: *Перепишите таблицу и научитесь ею пользоваться.*

Сөздөр: ал—возьми, бер—дай, тур—встань, көр—смотри (увидь).

Тапшырма: *Перепишите следующие примеры, прибавляя соответствующие окончания лица при помощи таблицы глаголов № 1 на гласную и на звонкую согласную.*

Мен алдым . . ., сен ал . . ., ал ал . . ., силер ал . . ., алар ал . . ., биз ал . . ., сиз ал . . ., биздер ал . . ., сиздер ал . . .

Мен бер . . ., сеп бер . . . ., ал бер . . ., силер бер . . ., алар бер . . ., биз бер . . ., сиз бер . . ., биздер бер . . ., сиздер бер . . . .

Мен тур . . ., сен тур . . ., ал тур . . ., силер тур, . . . алар тур . . ., биз тур . . ., сиз тур . . ., биздер тур . . . . сиздер тур. . . . .

Мен көр . . ., сеп көр . . ., ал кор . . ., сплер көр . . ., алар көр . . ., биз көр . . ., сиз кор . . ., биздер көр . . ., сиздер көр . . .

ТАБЛИЦА № 2.

Глаголы на глухую согласную.

В последнем слоге слова гласная	Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Бпздер	Спздер
а, ы, я	тым	тың	ты	тыңар	ышты	тык	тыңыз	тык	тыңыздар
е, и, э	тим	тиң	ти	тиңер	ишти	тик	тиңиз	тик	тиңиздер
о, у, ё ю	тум	туң	ту	туңар	ушту	тук	туңуз	тук	туңуздар
ө, ү	түм	түң	тү	түңөр	үштү	түк	түңүз	түк	түңүздөр

Тапшырма: *Перепишите таблицу и научитесь ею пользоваться.*

Сөздөр: Ач—открой, ич—пей, ук—слушай, күт—жди, оку—читай (учись).

Тапшырма: *Перепишите следующие примеры, прибавляя соответствующие окончания лица глаголов на глухую согласную по таблице № 2*

Мен ачтым,	ичтим,	уктум,	күттүм.
Сен ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Ал ач . . .	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Силер ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Алар ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Биз ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Сиз ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Биздер ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .
Сиздер ач . . .,	ич . . .,	ук . . .,	күт . . .

Сүйлөшүү:

— Сен эмне ичтиң?
— Мен чай ичтим.
— Сиз кимди күттүңүз?
— Биз Иван Петровичти күттүк.
— Силер эмне жаздыңар?
— Биз плакат жаздык.
— Алар эмне окушту?
— Алар газета окушту.
— Ким кыргызча сүйлөдү?
— Биз кыргызча сүйлөдүк.
— Силер качан кыргызча сүйлөдүңөр?
— Биз азыр кыргызча сүйлөдүк.
— Сиздер кимди күттүңүздөр?
— Биздер вожатыйды күттүк.
. . . . . ?
. . . . . .

Тапшырма: *Придумайте предложения с глаголами прошедшего датированного, образованными от следующих слов:* тазала—чисти, ойно—играй, тап—найди (ищи), сеп—сей и др.


§ 7. Мөмөлүү бак—фруктовый сад.

Менин атам колхоздун мөмөлүү багында иштейт. Жайында мен атама жардам бердим. Бакта эң биринчи алча бышты. Андан кийин алма бышты. Алмадан кийин жүзүм бышты.

Колхоз мөмөдөн көп пайда көрдү. Мөмө адамга абдан пайдалуу. Жайында, күзүндө биз мөмөнү көп жейбиз.

Сөздөр: атам—мой отец, иштейт—работает, жайында—летом, жардам—помощь, эң алгач—сперва (сначала), алча —вишня, алма—яблоко, жүзүм—виноград, жейбиз—едим, бышты—поспел, пайда көрдү—пользу получил (видел).

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла—выучите новые слова.*



Суроолор:


Сенин атаң кайда иштейт? Сен атаңа качан жардам бердиң? Бакта эң биринчи эмне бышты? Андан кийин эмне бышты? Жүзүм качан бышгы? Колхоз эмнеден көп пайда көрдү? Мөмө кимге абдан пайдалуу? Жайында, күзүндө сиз эмнени көп жейсиз?


Тапшырма:

1. Перепишите ответы из статьи „Мөмөлүү бак“ *и подчеркните глаголы.*

2. Кыргызчага которгула - переведите на киргизский язык.

В школе есть фруктовый сад. В саду яблоки, вишня, виноград. В этом году школа собрала много фруктов. Фрукты очень полезны. Летом я помогал отцу. Сначала созрели вишни, а затем яблоки.





§ 8. Огород.

Жаз келди. Жумуш көбөйдү. Биз огород отургуздук. Огородду жакшы бактык. Өз убагында сугардык.

Огороддо бадыраң бышты. Бадыранды нан менен, туз менен жедик. Бадыраң абдан көп болду. Бадырандан кийин картошка бышты. Жаңы бышкан картошканы тамакка кошобуз.

Андан кийин помидор бышты. Помидор адамга абдан пайдалуу. Огороддогу жашылчанын бардыгы бышты. Биз жыйнап алдык. Бадыраң, капуста, помидор жана башкаларды туздадык. Сабиз, картошканы кургак погребге төктүк. Огороддон жашылчаны көп алдык. Огороддон жыйнаган жашылчабыз жайга чейин жетет.

Сөздөр: жакшы бактык—хорошо ухаживали, төктүк—насыпали, өз убагында—своевременно, сугардык—поливали, бышты—поспел, пайдалуу—полезный (полезно), жыйнап алдык—собрали, туздадык—посолили, жайга чейин—до лета, жетет—хватит, албетте—конечно, шалгам—редиска, андан кийин—затем (после).

Тапшырма;

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү.

— Жазында эң биринчи эмне бышат?
— Жазында эң биринчи шалгам бышат.
— Жазында шалгамдан кийин пияз бышат.
— Бадыраң качан бышат?
— Бадыраң эрте бышат.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Кайсы жашылча адамга пайдалуу болот?
— Бардык жашылча пайдалуу болот.
— Помидор пайдалуубу же бадыраң пайдалуубу?
— Помидор пайдалуу болот.
— Физзарядка адамга пайдалуубу?
— Ооба, физзарядка адамга пайдалуу.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Кайсы увак келди? Эмне көбөйдү? Сиз эмне отургуздунуз? Огородду кандай бактыңыздар? Качан сугардыңыздар? Огороддо эмне бышты? Бадыранды эмне менен жедиңиздер? Эмне көп болду? Бадырандан кийин эмне бышты? Жаңы бышкан картошканы эмне кылдыңыздар? Помидор качан бышат? Адамга эмне пайдалуу? Жашылчанын бардыгы быштыбы? Ким жыйнап алды? Эмнелерди туздадыңыздар? Сабиз, картошканы кандай погребге салдынар? Жашылчаны кайдан көп алдыңыздар? Огороддон жыйнаган жашылчаңар кайсы увакытка чейин жетет?

Тапшырма:

Напишите ответы на вопросы словами текста.

Кыргызчага которгула.

Пришла весна. На огороде посадили огурцы, капусту, лук, картошку, помидоры и другие овощи. Поспели огурцы. Огурцы мы ели с хлебом. Огурцов на огороде было очень много.

После огурцов поспели помидоры. Помидоры очень полезные овощи. Огурцы, помидоры, капусту мы стали солить.

Картошку, морковь ссыпали в подвал. Овощей нам хватит до весны.

С огорода мы собрали в этом году очень много овощей. Часть продали на базаре.

Тапшырма:

В следующих примерах прибавьте личные окончания датированного прошедшего времени.

Мен окудум, сен окудуң, ал окуду, сиздер оку . . ., алар оку . . ., биз оку . . ., сиз оку . . ., биздер оку . . ., сиздер оку . . .

Мен ич . . ., сен ич . . ., ал ич . . ., силер ич . . ., алар ич . . ., биз ич . . ., сиз ич . . ., биздер ич . . ., сиздер ич . . .

Мен ташы . . ., сен ташы . . ., ал ташы . . ., силер ташы . . ., алар ташы . . ., биз ташы . . ., сиз ташы . . ., биздер ташы . . ., сиздер ташы . . .


Мен катыш . . ., сен катыш . . ., ал катыш . . ., силер катыш . . ., алар катыш . . ., биз катыш . . ., сиз катыш . . . биздер катыш . . ., сиздер катыш . . .

Сүйлөшүү:

— Пионер вожатый кечээ кайда болду?
— Пионер вожатый кечээ райкомолдо болду.
— Сиз кайда болдуңуз?
— Мен совхоздо болдум.
— Эртең менен силер кайда бардыңар?
— Эртең менен биз китеп магазинине бардык.
— Сиздер китеп магазининен эмне алдыңыздар?
— Биз китеп магазининен китеп, дептер, калем уч, карандаш, боёк сатып алдык.
— . . . . . .
— . . . . . ?

Кыргызчага которуңуздар.

—Вчера учитель где был?
—Вчера наш учитель был в районо.
—Вы где были вчера?
—Мы вчера были в колхозе.
—Утром ученики куда ходили?
—Утром ученики ходили на стадион.
—Что было на стадионе?
—На стадионе физкультурники играли в футбол.



§ 9. Шаарга баруу—поездка в город.

Биз колхоздо турабыз. Биздин колхоз шаардан алыс эмес. Жакында биз шаарга бардык. Колхоздон машинага түштүк. Жол абдан жакшы.

Шаарда көчөлөр кенен жана түз. Биз дыйкандар үйүнө токтодук. Колхоз базарына бардык. Андан кийин магазиндерге бардык. Китеп магазининен китеп, дептер жана башкалар сатып алдым. Дыйкандар үйүндө ашкана бар. Ашканадан тамактандык. Кечинде үйгө келдик.

Сөздөр: алыс эмес—недалеко, жакында—недавно, жол—дорога, кенен—широкий, түз—прямой, дыйкандар үйү—дом дехканина, токтодук—остановились, андан кийин—затем (а потом), жана башкалар—и другие, ашкана—столовая, тамактандык—покушали.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла—выучите новые слова.

Суроолор:

Сиз кайда турасыз? Колхоз шаардан алыспы? Жакында сиз кайда бардыңыз? Кайдан машинага түштүң? Жол кандай? Шаарда көчөлөр кандай? Сиз кайда токтодуңуз? Кайда бардыңыз? Андан кийин кайда бардыңыз? Китеп магазининен эмне алдың? Кайда ашкана бар? Кайдан тамактандыңар? Үйгө качан келдиңер?

Тапшырма:

Ответьте на вопросы—суроолорго жооп бергиле.

Кыргызчага которгула.

Мы живём в совхозе. Совхоз от города недалеко. На днях мы ездили в город. Дорога была хорошая. Мы сели на бричку. Приехали в город. Заходили в магазины. Купили пальто, сапоги и др.

Вечером вернулись домой. Утром я пошёл в школу.

§ 10. Кайталоо.

Напишите примеры с глаголами прошедшего датированного столбцами в 1-м лице, во 2-м лице и т. д., образуя их от следующих слов: оку, сүйлө, ойно, ырда, көр, бар, жаз, аткар, жуун, жардам бер.

Үлгү

Мен окудум.	Сен окудуң.
Мен сүйлө	Сен сүйлө . . .
Мен ойно	Сен . . . . .
Мен ырда	. . . . .
Мен көр	. . . . .
Мен бар	. . . . .
Мен ж з	. . . . .
Мен аткар	. . . . .
Мен жуун	. . . . .
Мен жардам бер .	. . . . .
Ал окуду	Силер окудуңар
Ал сүйлө	Силер сүйлө . . .
Ал	Силер . . . . .
. . . . .	. . . . .
Алар окушту	Биз окудук
Алар сүйлө	Биз сүйлө . . . .
Алар	Биз . . . . .
. . . . .	. . . . .
Сиз окудуңуз	Биздер окудук
Сиз сүйлө	Биздер сүйлө . . .
Сиз	. . . . .
. . . . .	
Сиздер окудуңуздар	
. . . . .	

Тапшырма:

Придумайте предложения с глаголами прошедшего датированного.

Образец—үлгү:

Мен кыргызча сүйлөдүм.
Сен орусча жаздың.
. . . . . .
. . . . . .

§ 11. Театр.

Райондун борборунда театр бар. Театрда жакшы артисттер көп. Бул театрга жумушчулар, колхозчулар, кызматчылар келишет. Өткөн дем алышта алтынчы класстын окуучулары театрга бардык. Театрга биз менен мугалимдер барды. Окуучулар концерт берди. Концертке биздин мектептин окуучулары катышты. Концерт абдан кызык өттү.

Концерттен кийин строй менен мектепке келдик. Мектептен үйгө тарадык. Ата-энелерибизге концерт жөнүндө айтып бердик.

Сөздөр: Борборунда—в центре, өткөн—прошлый, биз менен—с нами, катышты—участвовали, кызык—интересно, тарадык—разошлись, ата-энелер—родители, жөнүндө—о, про, об, айтып бердик—рассказали.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Райондун борборунда эмне бар? Кайда жакшы артисттер көп? Бул театрга кимдер келишет? Өткөн дем алышта алтынчы класстын окуучулары кайда барышты? Биз менен мугалимдер кайда бардык? Ким концерт берди? Концертке кимдер катышты? Концерт кандай өттү? Концерттен кийин кайда келдик? Мектептен кайда тарадык? Кимдерге концерт жөнүндө айтып бердик?

Тапшырма:

Напишите ответы.

Кыргызчага которгула.

В совхозе есть театр. Рабочие, служащие, колхозники вечером приходят в театр. В театре много хороших артистов. Вчера ученики нашего класса ходили в театр. С нами были учителя. Мы из театра вернулись в пять часов. Дома родителям рассказали о концерте. В кино мы всегда ходим организованно. С нами всегда бывают учителя.

§ 12. Кайталоо.

Көнүгүү:

Сиз кечээ эртең менен магазинден үч китеп алдыңыз. Алар бүгүн сабактан кийин таалага барышты. Силер азыр газета окудуңар. Сиздер колхозчуларга жардам бердиңиздер.

1. Перепишите предложения, вставляя в скобках вопросительные слова к каждому слову предложения по образцу, данному ниже.

Үлгү:

Сиз (ким?) *кечээ эртең менен* (качан?) *магазинден* (кайдан?) *үч* (канча?) *китеп* (эмне?) *алдыңыз* (эмне кылдыңыз?).

2. Составьте вопросительные предложения ко всем примерам упражнения по образцу, указанному ниже.

Үлгү:

а) *Ким* кечээ эртең менен магазинден үч китеп алды?
б) Сиз *качан* магазинден үч китеп алдыңыз?
в) Сиз кечээ эртең менен *кайдан* үч китеп алдыңыз?

г) Сиз кечээ эртең менен магазинден *канча* китеп алдыңыз?
д) Сиз кечээ эртең менен магазинден *эмне* алдыңыз?
е) Сиз кечээ эртең менен *эмне кылдыңыз*?

§ 13. Вопросительная частица.

„бы“ (бы, бу, бү, пы, пи, пу, пү) в прошедшем датированном— суроо уланды *„бы“* берки өткөн чак менен.

Если в последнем слоге слова гласная:

	а, ы, я,	то частица—	*бы, пы*
„ „	**е, и, э,**	„	*би, пи*
„ „	**о, ё, у, ю,**	„	*бу, пу*
„ „	**ө, ү,**	„	*бү, пү*

Примечание: после глухих согласных (к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ,) буква **„б“** в частице заменяется **„п“**.

Правило. Вопросительная частица всегда употребляется после того слова, к которому она относится, и пишется слитно.

Мисалы:

Мен жаздымбы, сен жаздыңбы, ал жаздыбы, силер жаздынарбы, алар жазыштыбы, биз жаздыкпы, сиз жаздыңызбы, биздер жаздыкпы, сиздер жаздыңыздарбы.

Мен көрдүмбү, сен көрдүңбү, ал көрдүбү, силер көрдүңөрбү, алар көрүштүбү, биз көрдүкпү, сиз көрдүңүзбү, биздер көрдүкпү, сиздер көрдүңүздөрбү.


Мен окудумбу, сен окудуңбу, ал окудубу, силер окудуңарбы, алар окуштубу, биз окудукпу, сиз окудуңузбу, биздер окудукпу, сиздер окудуңуздарбы.

§ 14. Китеп магазини.

Совет көчөсүндө китеп магазини бар. Ал магазин абдан чоң. Магазинде бир нече бөлүм бар. Магазиндин ичи таза, терезелери чоң.

Биринчи бөлүмдө карандаш, калем сап, калем уч, сыя челек, калем салгыч сатылат. Экинчи бөлүмдө сумка, боёк, портфель, папка сатылат. Үчүнчү бөлүмдө ар түрдүү китептер сатылат. Төртүнчү бөлүмдө дептер, кагаз, карта, глобус жана башкалар сатылат.

Мен үч китеп, жети дептер, эки калем уч, бир сыя челек сатып алдым. Андрей төрт китеп, үч дептер, бир боёк, эки карандаш сатып алды. Акчаны кассага төлөдүк. Кассир чекке штамп



басып берди. Чекти сатуучуга бердик. Сатуучу сатып алган буюмдарды алып берди. Биз үйгө кайттык.

Сөздөр: бөлүм—отдел, калем салгыч—пенал, сатылат—продаётся, төлөдүк—уплатили, штамп басып берди—штамп поставил, сатуучу—продавец, буюмдар—вещи, кайттык—вернулись.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла—выучите новые слова.

Суроолор:

Кайсы көчөдө китеп магазини бар? Ал магазин кандай? Магазинде канча бөлүм бар? Магазиндин ичи кандай, терезелери кандай? Биринчи бөлүмдө эмне сатылат? Экинчи бөлүмдө эмне сатылат? Үчүнчү бөлүмдө эмне сатылат? Төртүнчү бөлүмдө эмне сатылат? Сен эмне сатып алдың? Андрей эмне сатып алды? Кассага эмне төлөдүң? Кассир чекке эмне басып берди? Чекти кимге бердиңер? Сатуучу эмне берди? Сиз кайда кайттыңыз?

Тапшырма:

Ответьте на вопросы словами статьи **„Китеп магазини“.**

Кыргызчага которгула.

На Панфиловской улице есть книжный магазин. В магазине есть несколько отделов. В одном отделе продаются: карандаши, ручки, чернильницы и др. В другом отделе продаются: разные книги, тетради, бумага. Я купил 3 тетради, 5 книг, 1 карандаш, 2 ручки. Зоя купила 6 книг, 10 тетрадей, 2 пера, 1 пенал. Продавец дал нам чек. Мы деньги уплатили в кассу. Кассир нам обратно дал чек. Продавец дал нам купленные вещи. Мы вышли из магазина и пошли домой. Дома готовили уроки.

§ 15. Кайталоо.

Склонение. Имя существительное во множественном числе.

Падежные окончания имен множественного числа прибавляются после аффиксов множественного числа.

Атооч—окуучулар,	отличниктер,	пионерлер.
Илик—окуучулар*дын*,	отличниктер*дин*,	пионерлер*дин*.
Барыш—окуучуларга,	отличниктер*ге*,	пионерлер*ге*.
Табыш—окуучулар*ды*,	отличниктер*ди*,	пионерлер*ди*.
Жатыш—окуучулар*да*,	отличниктер*де*,	пионерлер*де*.
Чыгыш—окуучулар*дан*,	отличниктер*ден*,	пионерлер*ден*.

Тапшырма:

К следующим словам прибавьте аффиксы падежей:

Атооч—шахматчылар,	китептер,	көчөлөр.
Илик—шахматчылар . . ,	китептер . . . ,	көчөлөр . . . .
Барыш—шахматчылар . . ,	китептер . . . ,	көчөлөр . . . .
Табыш—шахматчылар . . ,	китептер . . . ,	көчөлөр . . . .
Жатыш—шахматчылар . . ,	китептер . . . ,	көчөлөр . . . .
Чыгыш—шахматчылар . . ,	китептер . . . ,	көчөлөр . . . .
Атооч—Колхозчулар,	студенттер,	учкучтар.
Илик—колхозчулар . . ,	студенттер . . ,	учкучтар . . .
Барыш—колхозчулар . . ,	студенттер . . ,	учкучтар . . .
Табыш—колхозчулар . . ,	студенттер . . ,	учкучтар . . .
Жатыш—колхозчулар . . ,	студенттер . . ,	учкучтар . . .
Чыгыш—колхозчулар . . ,	студенттер . . ,	учкучтар . . .

Тапшырма:

К следующим существительным прибавьте аффиксы множественного числа и просклоняйте их: тракторчу, агроном, врач, стахановчу, герой, эмгекчи, бригадир.

Сүйлөшүү:

— Колхоздор, совхоздор кызылчаны, пахтаны кайда берет?

— Колхоздор, совхоздор кызылчаны, пахтаны заводдорго, фабрикаларга берет.

— Заводдордон, фабрикалардан кант, кумшекер, кездеме жана башка товарлар чыгат. Бул товарлар жумушчуларга, колхозчуларга, кызматчыларга берилет.

— Институттар кимдерди даярдайт?


— Институттар врачтарды, инженерлерди, агрономдорду, мугалимдерди даярдайт.

— . . . . . .

— . . . . . ?

Тапшырма:

Составьте несколько вопросительных и ответных предложений с именами множественного числа.



§ 16. Кино.

Алтынчы класстын окуучулары кечээ киного бардык. Биз менен мугалимдер да барышты. Бир мугалим билет алып келди. Окуучулар, мугалимдер мектепке чогулдук. Окуучулар катарга тизилдик.

Бир мугалим бизге команда берди. Строй менен кинонун алдына токтодук. Мугалим билеттерди контролёрго көрсөттү. Контролёр бизди орунга отургузду.

Бир уакта залды караңгы кылды. Сүрөттү көрсөттү. Кинодо абдан кызык болду. Сүрөт бүттү.

Биз көчөгө чыктык. Стройго турдук. Строй менен мектепке келдик. Мектептен үйгө тарадык.

Сөздөр: чогулдук—собрались, да—усилительный союз и, катар—ряд, тизилдик—строились, команда берди—дал команду, токтодук—остановились, көрсөттүк—показали, отургузду—посадили, караңгы—темно, сүрөт—картина, кызык—интересно, бүттү—кончилась, чыктык—вышли, тарадык—разошлись.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Алтынчы класстын окуучулары кечээ кайда барды? Окуучулар, мугалимдер кайда чогулушту? Сиз менен кимдер барышты? Билетти ким алып келди? Окуучулар эмнеге тизилди? Сизге ким команда берди? Строй менен кайда токтодунар? Мугалим билеттерди кимге көрсөттү? Контролёр сизди кайда отургузду? Эмнени караңгы кылды? Эмнени көрсөттү? Кинодо кандай болду? Эмне бүттү? Силер кайда чыктынар? Эмнеге турдунар? Строй менен кайда бардынар? Мектептен кайда тарадынар?

Тапшырма:

Суроого жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Сегодня ученики шестого класса ходили в кино. Пионервожатый ходил за билетами. Ученики и учителя собрались в школе. Пионервожатый дал команду. Все ученики шестого класса встали в строй. Они строем пошли в кино. Остановились возле кино. Пионервожатый показал контролёру билеты. Контролёр показал места. Картина была очень интересная.

Сүйлөшүү:

— Окуучулар уюшкан түрдө киного бардыбы?
— Ооба, биздин окуучуларыбыз уюшкан түрдө киного барышты.
— Качан бардынар?
— Биздин класстын окуучулары өткөн дем алыш күнү бардык.
— Силер менен ким барды?
— Биз менен директор жана мугалимдер барды.
— Силер кайсы жерге чогулдунар?
— Биз мектепке чогулдук.
— Кинодон кийин силер кайда бардынар?
— Кинодон кийин биз мектепке келдик.
— Мектептен үйгө тарадык. Үйдө кечинде сабак даярдадык.
— . . . . . ?
— . . . . . .



§ 17. Биз ырыстуу.

Шандуу, шайыр шаттанган,
Биз ырыстуу жаштардан.
Ойнойбуз да күлөбүз,
Жыргап окуп жүрөбүз.

Жыргал күнгө жеткирген,
Улуу Сталин атабыз.
Сталиндин таңында,
Жаштар жыргап жатабыз.

Сөздөр: ырыстуу — счастливый, шандуу — славный, шайыр — весёлый, шаттанган — веселились, жыргап окуп жүрөбүз — радостно учимся, жыргал — радость, Улуу — Великий, таңында — в эпохе.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Ырды жаттагыла.

§ 18. Отрицание „*ба*“ (не) в прошедшем датированном.

Если в последнем слоге слова гласная:	После гласных и звонких согласных	После глухих согласных
а, ы, я, у, ю, то отрицание	*ба,*	*па*
е, и, э, „	*бе,*	*пе*
о, у, „	*бо,*	*по*
ө, ү, „	*бө,*	*пө*

Правило. Отрицание „**ба**“ в прошедшем времени глагола употребляется между основой и личным окончанием.

Мисалы:

Жаздым—я писал, *жазбадым*—я не писал. *Жазбадың*—ты не писал. *Жазбады*—он не писал. *Жазбадынар*—вы не писали, *ачтым*—открыл, *ачпадым*—я не открыл, *ичтим*—я пил, *ичпедим*—я не пил и др.

Примечание: При прибавлении отрицания „**ба**“ в глаголах 3 лица множественного числа, окончание глагола разбивается на две части (кел*иштиатканда, разбивается на две части: ***иш*** + ***т*** бар экен? между ними вставляется отрицательный келип, этом случае согласная „**б**“ части ходит в „**п**“ ,а во второй части *лы на вопросы.*

глагола (келишти) „т“ переходит в „д“ — келишпеди.

Образец:

Жазышты—жазышпады—они не писали. Келишти — келишпеди — они не пришли. Сүйлөштү — сүйлөшпөдү — они не разговаривали.

Мисалы:

Мен келбедим, сен келбединъ, ал келбеди, силер келбединер, алар келишпеди, биз келбедик, сиз келбединиз, биздер келбедик, сиздер келбединиздер.

Мен барбадым, сен барбадың, ал барбады, силер барбадынар, алар барышпады, биз барбадык, сиз барбадыңыз, биздер барбадык, сиздер барбадыңыздар.

Мен ойнободум, сен ойнободуң, ал ойнободу, силер ойнободунар, алар ойношподу, биз ойнободук, сиз ойнободуңуз, биздер ойнободук, сиздер ойнободуңуздар.

Мен сүйлөбөдүм, сен сүйлөбөдүң, ал сүйлөбөдү, силер сүйлөбөдүнөр, алар сүйлөшпөдү, биз сүйлөбөдүк, сиз сүйлөбөдүңүз, биздер сүйлөбөдүк, сиздер сүйлөбөдүңүздөр.

Тапшырма:

В следующих примерах прибавьте отрицание и личное окончание.

Мен санабадым, сен сана . . ., ал сана . . ., силер сана . . ., алар сана . . ., биз сана . . ., сиз сана . . ., биздер сана . . ., сиздер сана . . . .

Мен бер . . ., сен бер . . ., ал бер . . ., силер бер . . ., алар бер . . ., биз бер . . ., сиз бер . . ., биздер бер . . ., сиздер бер . . . .

Мен бөл . . ., сен бөл . . ., ал бөл . . ., силер бөл . . ., алар бөл . . ., биз бөл . . ., сиз бөл . . ., биздер бөл . . ., сиздер бөл . . . .

Мен даярда . . ., сен даярда . . ., ал даярда . . ., силер даярда . . ., алар даярда . . ., биз даярда . . ., сиз даярда . . ., биздер даярда . . ., сиздер даярда . . . .

Сүйлөшүү:

— Сен бүгүн газета окудуңбу?
— Жок, мен бүгүн газета окубадым.
— Шура мектепке келдиби?
— Жок, Шура мектепке келбеди.
— Силер орусча сүйлөштүңөрбү?
— Жок, биз орусча сүйлөшпөдүк.
— Силер кечээ талаада болдуңарбы?
— Жок, кечээ биз талаада болбодук.
— Сиз азыр сбордо болдуңузбу?
— Жок, биз азыр сбордо болбодук, сабакта болдук.
— Алар бүгүн мектепте болуштубу?
— Ооба, алар бүгүн мектепте болушту.

Тапшырма:

Допишите отрицание и окончание лица в следующих примерах:

Мен болбодум, сен болбодуң, ал болбоду, . . . бол . . ., бол . . ., . . . бол . . ., . . . бол . . ., . . . бол . . ., . . . бол . . . .

Мен бар . . ., . . . бар . . ., . . . бар . . ., . . . бар . . ., . . . бар . . ., . . . бар . . ., . . . бар . . . .

Мен көр . . ., . . . көр . . ., . . . көр . . ., . . . көр . . ., . . . көр . . ., . . . көр . . ., . . . көр . . . .

Мен ач . . ., . . . ач . . ., . . . ач . . ., . . . ач . . ., . . . ач . . ., . . . ач . . ., . . . ач . . . и др.

§ 19. Бөжөк.

Жайында Коля—экөөбүз токойго бардык. Токойдон гүл тердик. Бүлдүркөн тердик. Токойдон үйгө кайттык.



Жолдо келе жатсак, астыбыздан бир коён качты. Коён качкан жерге барсак, коёндун эки бөжөгү бар экен. Биз бөжөктөрдү кармап алдык. Үйгө алып келип, сүт бердик. Бөжөктөр чоңойду.

Сөздөр: бөжөк—зайчонок, экөөбүз—вдвоём, токой—лес, тердик—собирали, кара бүлдүркөн—ежевика, коён—заяц, кармап алдык—поймали, чоңойду—выросли.

Тапшырма:


Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Жайында Коля—экөөнөр кайда бардыңар? Токойдон эмне тердиңер? Токойдон кайда кайттыңар? Жолдо келе жатканда, алдыңардан эмне чыкты? Коён качкан жерде эмне бар экен? Силер эмне кармап алдыңар? Бөжөктөрдү үйгө алып келип, эмне бердиңер? Бөжөктөр чоңойдубу?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла—напишите ответы на вопросы.



§ 20. Балык кармоо.

Жайдын күнү. Күн ысык. Сергей мага келип: „Витя, жүр балык кармайбыз!“—деди. Сергей—экөөбүз балык кармоого баруу-га даярдандык. Магазинден кайрымак сатып алдык.

Үйдөн нан, сүт алдык. Экөөбүз кыштактан чыгып жөнөдүк. Кыштактын жанында чоң суу агып жатат.

Жолдо сөөлжан жыйнадык. Экөөбүз чоң сууга келип, кайрымак салдык. Көп балык кармадык. Балыктарды баштыкка салдык.

Үйгө келдик. Апама балыктарды бердик. Апам абдан сүйүндү. Балыктарды апам тазалап, майга бышырды. Жумуштан атам келди. Биз балыкты нан менен жедик. Атам бизди абдан мактады.

Жайында Сергей—экөөбүз балык кармоого бир нече жолу бардык. Балыкты абдан көп кармадык.

Сөздөр: балык кармоо—рыбная ловля, күн—день (солнце), ысык—жарко, мага—ко мне (мне), балык—рыба, деди—сказал (только в предложении), экөөбүз—вдвоём, кайрымак—удочка, сатып алдык—купили, сөөлжан—дождевые черви, жыйнадык—собирали, баштык—мешочек, апам—моя мама, сүйүндү—радовалась, майга бышырды—жарила в сале, атам—мой отец, жедик—съели (покушали), мактады—хвалил, бир нече жолу—несколько раз, дары—лекарство, эгер болсо—если есть.

Тапшырма;

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

— Сиз кечээ канча балык кармадыңыз?
— Мен кечээ он эки балык кармадым.
— Балыктын эти кандай болот?
— Балыктын эти жакшы болот.
— Балыктын майы болобу?

— Балыктын майы өтө дары болот.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Сизде кайрымак барбы?
— Ооба, менде кайрымак бар.
— Сизде кандай кайрымак бар?
— Менде ар түрдүү кайрымак бар.
— Эгер сизде кайрымак болсо, балык кармоого барасызбы?
— Менде кайрымак көп, балык кармоого баралык.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Кайсы увак? Күн кандай? Магазинден эмне сатып алдыңыздар? Сергей экөөңүз кайда барууга даярдандыңыз? Экөөңүздөр кыштактан чыгып, эмне кылдыңыздар? Сергей сизге келип, эмне айтты? Кыштактын жанында кандай суу агып жатат? Экөөңүз кандай сууга келип, кайрымак салдыңыздар? Жолдо эмне жыйнадыңар? Канча балык кармадыңар? Кайда келдиңер? Балыктарды эмнеге салдыңар? Балыктарды кимге бердиңер? Ким абдан сүйүндү? Апаң эмне кылды? Атаң кайдан келди? Сиздер балыкты эмне менен жедиңиздер? Сиздерди ким абдан мактады? Жайында Сергей экөөңүз балык кармоого нече жолу бардыңыздар? Канча балык кармадыңыздар?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

§ 21. Глагол настоящего времени—учур чак.

1. Глагол настоящего времени образуется из двух слов: из основного глагола с деепричастными суффиксами, „ып“, „ип“, „уп“, „үп“, „п“ и из вспомогательного глагола, в роли которого употребляются слова: *„тур“*, *„отур“*, *„жат“*, *„жур“* с соответствующими личными окончаниями. (Окуп турам—читаю, жазып жатам—пишу).

Примечание: В глаголах „бара жатам“ и „келе жатам“ прибавляются особые деепричастные суффиксы „а“ или „е“, которые употребляются только с вспомогательным глаголом *„жат“* соответствующего лица (бара жатам—иду).

2. Глаголы настоящего времени изменяются по лицам и числам, причем окончание лица прибавляется в конце вспомогательного глагола (жазып жатам, жазып жатасың, жазып жатат), а основной глагол не изменяется по лицам.

Мисалы:

Мен жазып жатамын, сен жазып жатасың, ал жазып жатат, силер жазып жатасыңар, алар жазып жатышат, биз жазып жатабыз, сиз жазып жатасыз, биздер жазып жатабыз, сиздер жазып жатасыздар.

Мен жазып отурамын, сен жазып отурасың, ал жазып отурат, силер жазып отурасыңар, алар жазып отурушат, биз жазып отурабыз, сиз жазып отурасыз, биздер жазып отурабыз, сиздер жазып отрасыздар.

Мен жазып жүрөм, сен жазып жүрөсүң, ал жазып жүрөт, силер жазып жүрөсүңөр, алар жазып жүрүшөт, биз жазып жүрөбүз, сиз жазып жүрөсүз, биздер жазып жүрөбүз, сиздер жазып жүрөсүздөр.

Мен жазып турамын, сен жазып турасың, ал жазып турат, силер жазып турасыңар, алар жазып турушат, биз жазып турабыз, сиз жазып турасыз, биздер жазып турабыз, сиздер жазып турасыздар.

Таблица употребления деепричастных суффиксов в глаголах настоящего времени.

Если повелительная форма глагола оканчивается на согласную с гласными в последнем слоге:

а, ы, то употребляется суффикс *ып*.
» е, и, » » *ип*.
» о, у, » » *уп*.
» ө, ү, » » *үп*.

Мисалы:

жаз + ып = жазып,
ил + ип = илип.
Котор + уп = которуп.
Көр + үп = көрүп

Если повелительная форма глагола оканчивается на гласную, то употребляется суффикс п.
Сана + п = санап, оку + п = окуп.

Көнүгүү:

Допишите в следующих примерах суффиксы деепричастий:

Мен окуп отурам, сен оку . . . отурасың, ал оку . . . отурат, силер оку . . . отурасыңар, алар оку . . . отурушат, биз оку . . . отурабыз, сиз оку . . . отурасыз, биздер оку . . . отурабыз, сиздер оку . . . отурасыздар.

Мен ойноп жүрөм, сен ойно . . . жүрөсүң, ал ойно . . . жүрөт, силер ойно . . . жүрөсүңөр, алар ойно . . . жүрүшөт, биз ойно . . . жүрөбүз, сиз, ойно . . . жүрөсүз, биздер ойно . . . жүрөбүз, сиздер ойно . . . жүрөсүздөр.

Мен көрүп турам, сен көр . . . турасың, ал көр . . . турат, силер көр . . . турасыңар, алар көр . . . турушат биз көр . . . турабыз, сиз көр . . . турасыз, биздер көр . . . турабыз, сиздер көр . . . турасыздар.

Таблица личных окончаний глаголов настоящего времени.

Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Биздер	Сиздер
мын / м	сың	т	сыңар	ышат / ушат	быз	сыз	быз	сыздар
мүн / м	сүң	т	сүңөр	үшөт	бүз	сүз	бүз	сүздөр

Если вспомогательный глагол *жат, тур, отур*, то между основой и личным окончанием глагола дополнительно вставляется гласная „*а*“ (кроме 3-го лица множественного числа), и глагол изменяется по первой горизонтальной графе таблицы. Если же вспомогательный глагол *жүр*, то дополнительно вставляется гласная „*ө*“ (кроме 3-го лица множественного числа), и глагол изменяется по второй графе таблицы.

Примечание: К некоторым глаголам прибавляются только определённые вспомогательные глаголы.

Тапшырма:

Чекиттин ордуна жак мүчөлөрүн жазгыла—вместо точек дописывайте личные окончания:

Мен окуп жата . . ., сен окуп жата . . ., ал окуп жата . . ., силер окуп жата . . ., алар окуп жаты . . ., биз окуп жата . . ., сиз окуп жата . . ., биздер окуп жата . . ., сиздер окуп жата . . .

Мен көрүп отура . . ., сен көрүп отура . . ., ал көрүп отура . . ., силер көрүп отура . . ., алар көрүп отуру . . ., биз көрүп отура . . ., сиз көрүп отура . . ., биздёр көрүп отура . . ., сиздер көруп отура . . .

Мен санап жүрө . . ., сен санап жүрө . . ., ал санап жүрө . . ., силер санап жүрө . . ., алар санап жүрү . . ., биз санап жүрө . . ., сиз санап жүрө . . ., биздер санап жүрө . . ., сиздер санап жүрө . . .

Сүйлөшүү:

— Сен эмне кылып жатасың?
— Мен китеп окуп жатамын.
— Ал эмне окуп жатат?
— Ал журнал окуп жатат.
— Силер эмне кылып жатасыңар?
— Алар сабак даярдап отурушат.
— Сиз эмне кылып отурасыз?
— Биз ураан жазып отурабыз.
— Сиздер эмне жазып жатасыздар?
— Биздер плакат жазып жатабыз.
— Сиздер эмне ырдадыңыздар?
— Биз Советтер Союзунун гимнасын ырдадык.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Кыргызчага которгула.

— Вы что делаете?
— Я читаю книгу.
— Он (она) что делает?
— Он (она) пишет плакаты.
— Вы (силер) что поёте?
— Мы поём гимн Советского Союза.
— Вы что пишите?
— Я пишу письмо.
— Они (алар) что читают?
— Они (алар) газеты и журналы читают.
— Ты что готовишь?

— Я готовлю уроки.
— Что делает Володя?
— Володя готовит уроки.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Көнүгүү.

Напишите глаголы настоящего времени столбцами в 1-м лице, во 2-м лице и т. д., образуя их от следующих слов:

Ырда—пой, айт — скажи, жуун — умойся, ойло — думай, сүрт— —вытирай, алмаш — обменяй, аткар—выполняй, карма—лови (держи).

Образец — үлгү:

Мен ырдап жатамын.	. . . . .
Мен айт . . . отур . . .	. . . . .
Мен жуун	Сен ырдап жатасың.
. . . . ойло	Сен айт . . . отур . . .
. . . . сүрт	Сен жуун . . . . .
. . . . алмаш	. . . . .
. . . . аткар	. . . . .
. . . . карма	. . . . .
. . . . .	. . . . .
Ал ырдап жатат	. . . . .
Ал	. . . . .
. . . . .	Силер ырдап жатасыңар
. . . . .	Силер . . . . .
Алар ырдап жатышат	. . . . .
Алар	. . . . .
. . . . .	Сиз ырда . . . . .
Биз ырдап жатабыз	Сиз . . . . .
Биз	. . . . .
. . . . .	Сиздер ырда . . . . .
. . . . .	Сиздер . . . . .
Биздер ырда	. . . . .
Биздер	. . . . .

Придумайте предложения с глаголами настоящего времени.

Үлгү:

Мен кат жазып отурамын.
Сен китеп окуп жатасың.
. . . . . .
. . . . . .

§ 22. Рассмотрите картинки. Скажите, кто что делает?


Напишите ответы по-киргизски.




Зина эмне кылып жатат?

Сергей эмне кылып отурат?

Василий Алексеевич эмне кылып отурат?



Тракторчу эмне кылып жүрөт?



Пахтачылар эмне кылып жатышат?




Уста эмне кылып жатат?



Учкуч эмне кылып жатат?



Өтүкчү эмне кылып жатат?




Колхозчулар эмне кылып жатышат?

Комбайнчы эмне кылып жүрөт?



Пионерлер эмне кылып жатышат?

Чабан эмне кылып жүрөт?



§ 23. Устакана.

Биз мектепте окуп жатабыз. Колхоздо устакана бар. Устаканада бир канча бөлүм бар.

Устаканада ар түрдүү жарактар көп. Биз сабактан кийин устаканага бардык. Окуучулар ар түрдүү оюнчуктар жасадык.

Мен араа менен жыгач кесип жатам. Сен кичине балта менен жарып жатасың. Алар курч балта менен тегиздеп жатат. Биз оюнчук жасап жатабыз.

Сөздөр: Устакана—мастерская, бир канча—несколько, бөлүм—отдел, ар түрдүү—разные, жаратар—инструменты, оюнчук—игрушка, кесип жатам—пилю, жарып жатасың—колешь, курч—острый, тегиздеп жатат—обтесывает (ровняет).

Тапшырма:
Жаңы сөздөрдүү жаттагыла.

Суроолор:

Мектепте ким окуп жатат? Кайда устакана бар? Устаканада канча бөлүм бар? Устаканада эмне көп? Сиз сабактан кийин эмне кылдыңыз? Окуучулар эмне кылышты? Сен араа менен эмне кылып жатасың? Сен балта менен эмне кылып жатасың? Алар курч балта менен эмне кылып жатышат? Ким оюнчук кылып жатат?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.



§ 24. Жакында майрам болот.

Жетинчи ноябрь—Улуу пролетариат революциясынын майрамы. Бул—эмгекчилердин майрамы. Балдар класстарды кооздой башташты. Роза жана Айша ураан жазып жатышат.

„Жашасын Улуу октябрь революциясы!“ Сергей менен Омор желекчелер жана жылдыздар кесип жатышат.

— Мен ороктун жана балканын сүрөтүн тартып жатам—деди, Зоя.

Балдар классты портреттер, ураандар, диаграммалар менен кооздоп жатышат.

Сөздөр: Жакында—скоро, Улуу—Великий, майрам—праздник, эмгекчилер—трудящиеся, кооздошо баштады—начали украшать, ураан—лозунг, жашасын—да здравствует, желекчелер—флаги, кесип жатышат—вырезают, орок жана балка—серп и молот.

Тапшырма:
Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Жетинчи ноябрь кандай майрам? 7-ноябрь кимдердин майрамы? Балдар эмнени кооздошо баштады? Роза жана Айша эмне жазып жатышат? Кандай ураан? Сергей менен Омор эмнелерди кесип жатышты? Зоя эмне деди? Балдар классты эмнелер менен кооздошту?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

§ 25. Жаштын тилеги.

I

Жашым толуп,
Жигит болуп,
Жетип бойго,
Чоңойгондо,
Ойногонду коёмун.

II

Чөлгө барып,
Канал салып,
Суу чыгарып,
Жер сугарып,
Суу инженер боломун.

III

Окуй берип,
Бүтүп келип,
Көркөм менен,
Көз жетпеген,
Курулуштар саламын.

IV

Мен да толом,
Учкуч болом.
Көккө тийип,
Өтө бийик,
Алыс учуп жүрөмүн.

Сөздөр: жаштын тилеги—мечты детей, жашым толуп—когда вырасту, бойго жеткенде—когда созрею, чоңойгондо—стану большим, ойногонду коемун—оставлю игру, чөлгө—в пустыню, окуй берип—продолжая учебу, бүтүп келип—окончив приеду, көз жетпеген—не достижимое взору, курулуштар—строительство (сооружения), учкуч—лётчик, мен да толом—и я буду большим, көккө—к небу, өтө бийик—очень высоко.

Тапшырма:

1. *Запомните слова.*
2. *Выучите стихотворение*—„Жаштын тилеги“.

§ 26. Вопросительная частица „бы“ (ли) с глаголами настоящего времени.

В глаголах настоящего времени вопросительная частица „бы“ прибавляется к вспомогательному глаголу, с которым пишется слитно.

Примечание: При прибавлении частицы к глаголам 3-го лица единственного и множественного числа в окончании глагола буква „т“ опускается.

Мисалы:

Жазып жатат + бы = жазып жата*бы* (буква „т“ выпала).

Мисалы:

Мен иштеп жатам*бы*, сен иштеп жатасың*бы*, ал иштеп жата*бы*, силер иштеп жатасыңар*бы*, алар иштеп жатыша*бы*, биз иштеп жатабыз*бы*, сиз иштеп жатасыз*бы*, биздер иштеп жатабыз*бы*, сиздер иштеп жатасыздар*бы*?

Мен окуп жүрөмүн*бу*, сен окуп жүрөсүң*бу*, ал окуп жүрө*бу*, силер окуп жүрөсүңөр*бу*, алар окуп жүрүшө*бу*, биз окуп жүрө*бүзбу*, сиз окуп жүрөсүз*бу*, биздер окуп жүрө*бүзбу*, сиздер окуп жүрөсүздөр*бу*?

Сүйлөшүү.

— Сен китеп окуп отурасыңбы?
— Ооба, мен китеп окуп отурамын.
— Сергей (Зоя) кат жазып жатабы?
— Сергей (Зоя) кат эмес, макала жазып жатат.
— Силер сүрөт тартып жатасыңарбы?
— Ооба, биз сүрөт тартып жатабыз.
— Алар макала жазып жатышабы?
— Ооба, алар макала жазып жатышат.
— Сиздер мектепке бара жатасыздарбы?
— Ооба, биз мектепке бара жатабыз.
— Силер мектепте окуп жүрөсүңөрбү?
— Биз мектепте окуп жүрөбүз.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Допишите частицу „бы“, употребляя соответствующую гласную.

Мен санап турамбы, сен санап турасың . . ., ал санап тура . . ., силер санап турасыңар . . ., алар санап туруша . . ., биз санап турабыз . . ., сиз санап турасыз . . ., сиздер санап турасыздар . . .

Тапшырма:

Допишите окончание лица и вопросительную частицу „бы“.

Мен сүйлөп отурамбы, сен сүйлөп отур . . ., ал сүйлөп отур . . ., силер сүйлөп отур . . ., алар сүйлөп отур . . ., биз сүйлөп отур . . ., сиз сүйлөп отур . . ., сиздер сүйлөп отур . . . .

§ 27. Улуу октябрь майрамы.

Жетинчи ноябрь күнү биз мектепке жыйналдык. Бардык үйлөргө кызыл желектер илинген. Бүгүнкү күн—башкача күн. Элдин баары таза кийимдер кийген. Көңүлдөрү абдан кубанычтуу.

Мектеп ураандар, портреттер жана түрдүү плакаттар менен кооздолгон. Саат 9 да стройго турдук.

Мен Сталиндин портретин көтөрүп жүрдүм. Биз колонна менен демонстрацияга бардык. Демонстрацияга кызыл аскерлер, жумушчулар, колхозчулар, кызматчылар, окуучулар катышты. Аянтта оркестр ойноп турду. Анда бизди майрам менен куттукташты. Трибунанын жанынан биз „ура“—деп, кыйкырып өттүк. Демонстрация абдан жакшы өттү.

Демонстрация аяктады. Биз строй менен мектепке келдик. Мактептен үйгө тарадык. Кечинде мектепте спектакль болду.

Сөздөр: башкача күн—особый день, эл—народ, көңүлдөрү—настроение, кубанычтуу—радостный, катышты—участвовали, аянт—площадь, куттукташты—поздравляли.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Улуу октябрь майрамын кандай өткөрдүңөр айткыла.—Расскажите, как вы провели Великий Октябрьский праздник.

Сүйлөшүү:

— Сен плакат жазып жатасыңбы?
— Ооба, мен плакат жазып жатамын.
— Ал журнал окуп жатабы?
— Жок, ал журнал эмес, ал китеп окуп жатат.
— Силер сүрөт тартып отурасыңарбы?
— Ооба, биз сүрөт тартып отурабыз.
— Алар эмне даярдап жүрүшөт?
— Алар концерт даярдап жүрүшөт.
— Сиздер концертке катышып жүрөсүздөрбү?
— Ооба, биздер концертке катышып жүрөбүз.
— Сиздерде зачёт башталып жатабы?
— Биздерде зачёт эмес, экзамен башталып жатат.
— Сиз кайда бара жатасыз?
— Биз фабрикага бара жатабыз.
— Сиздер фабрикага мугалимдер менен бара жатасыздарбы?
— Ооба, биз фабрикага мугалимдер менен бара жатабыз.
— Володя Петров сиздин класста окуп жүрөбү?


— Ооба, Володя Петров биздин класста окуп жүрөт.
— Ал кандай окуп жүрөт?
Ал абдан жакшы окуп жүрөт.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— . . . . . .

Сөздөр: сүрөт—рисунок, сүрөт тартып отурасың—ты рисуешь, даярдап жүрүшөт—готовят, катышып жүрүшөт—принимают участие, бара жатасызбы—идете ли, кандай окуп жүрөт—как учится, дагы—ещё, майрам—праздник.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла.*

Кыргызчага которгула.

— Ты сейчас идёшь на стадион?
— Да, я сейчас иду на стадион.
— На стадион ещё кто идет?
— На стадион ещё идут ученики нашего класса.
— Вы (силер) что делаете на стадионе?
— Мы на стадионе готовимся.
— Они в клубе что делают?
— Они в клубе пишут лозунги и плакаты.
— Они к чему готовятся?
— Они готовятся к празднику.
— Как они готовятся к празднику?
— К празднику они готовятся очень хорошо.
— Сейчас Вы что делаете?
— Я сейчас читаю журнал.



§ 28. Сүт ферма.

Алтынчы класстын окуучулары колхоздун сүт фермасына бардык. Сүт ферманын башчысы Раиса Ивановна. Ал бизди жакшы тозуп алды. Бизди ферманын иши менен таныштырды.

Уйлардын турган сарайлары таза жана жарык. Саан уйлардын бардыгы—асыл тукум уйлар. Ар бир уй суткасына 25 литр сүт берет. Уйларын абдан жакшы багат. Уйларды музоосуз саайт.

Музоолор өзүнчө бөлөк багылат. Фермадан сүт май заводуна берилет. Май заводу сүттөн май, сыр, быштак иштеп чыгарат.

Сөздөр: сүт—молоко, башчы—заведующий, таанышгырды—познакомила, саан уй—дойная корова, асыл тукум—породистый, музоосуз—без теленка, саайт—доит, бөлөк—отдельно, май заводу—маслозавод, быштак—брынза.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла.*


Суроолор:

Алтынчы класстын окуучулары кайда барышты? Силерди ким жакшы тозуп алды? Сүт ферманын башчысы ким? Сиздерди эмнеинин иштери менен таанышгырды? Уйлардын турган сарайлары кандай? Саан уйлар кандай? Ар бир уй суткасына канча литр сүт берет? Уйларын кандай багат? Уйларды музоосуз саайбы? Музоолор кайда багылат? Фермадан сүт кайда берилет? Май заводу эмне иштеп чыгарат?

Тапшырма: *Суроолорго жооп жазгыла.*

Кыргызчага которгула.

В нашем колхозе есть молочная ферма. Заведующий молочной фермой Анна Андреевна. Каждая корова в сутки даёт 25—30 литров молока. Молоко сдают маслозаводу. Маслозавод делает масло, сыр и брынзу.



§ 29. Уй короо.

Колхоз жакында жаңы уй короо салды. Короонун төбөсүн жапты. Короо абдан жылуу жана жарык болду. Саан уйлар биргенден турат.

Короонун төбөсүндө труба бар, андан жаман ава чыгат. Малга да таза ава керек. Короого терезе салынган, малга жарык кетет.

рек. Колхоздо мал̀га жем-чөп туура жана уваĸтылуу берилип турат.

Мал доĸтору менен зоотехник күндө көрүп турушат. Ооруганы болсо, дароо дарылайт. Тез айыĸтырат. Ооруган малды изоляторго багып дарылайт.

Сөздөр: уй короо—скотный двор, жаĸында—недавно, төбөсүн жапты—покрыл крышу, бирден—по одной, ава—воздух, керек—надо, туура—правильно, уваĸтылуу—во-время, мал доĸтор—ветеринарный врач, ооруу—больной, дарылайт—лечит, айыĸтырат—вылечивает.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Жаĸында колхоз эмне салды? Эмненин төбөсүн жапты? Короо ĸандай болду? ĸандай уйлар бирден турат? Короонун төбөсүндө эмне бар? Андан эмне чыгат? Малга таза ава керек болобу? Малга жарыĸ керек болобу? Колхоздо малга жем-чөп ĸандай берилип турат? Малды ĸимдер күндө көрүп турушат? Ооругандарын ĸандай дарылайт? ĸандай айыĸтырат? Ооруган малды ĸайда дарылайт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызча ĸоторгула.

Дети были в колхозе. Они ходили смотреть скотный двор. Колхоз недавно построил новый скотный двор. Скотный двор тёплый и чистый. Там коровы стоят по одной. Коровы большие и красивые. Скоту нужен свежий воздух. В стене сделано окно. Скоту нужен свет. Кормят в колхозе правильно. Сено дают по весу. Дают свеклы, жому, жмых. Поэтому в колхозе коровы молока дают много.

Все коровы в колхозе породистые.

§ 30. Кайталоо.

Сен китеп окуп отурасың. Алар ураан жазып жатышат. Сиздер сабаĸка даярданып жатасыздар. Силер сүрөт тартып жатасынар. Биз концертке даярданып жүрөбүз.

1. *Перепишите предложения, вставляя в скобках вопросительные слова к каждому слову предложения по образцу, данному ниже.*

Үлгү:

Сен (ким?) *китеп* (эмне?) окуп отурасың (эмне кылып отурасың).

2. *Составьте вопросительные предложения ко всем примерам упражнения по образцу, указанному ниже.*

Үлгү:

а) *Ким* китеп окуп отурат?
б) Сен *эмне* окуп отурасың?
в) Сен *эмне кылып отурасың?*

§ 31. Жаĸынĸы келер чаĸ—будущее определённое время.

Будущее определённое время выражает действие, которое должно обязательно совершиться.

Мисалы:

Мен азыр ĸат жазамын—я сейчас напишу письмо. Ал эртең совхозго барат—он завтра поедет в совхоз. Колхозчулар кечинде кеңешмеге келишет—колхозники вечером придут на совещание.

Окончания глаголов будущего определённого времени—жаĸынĸы келер чаĸтын мүчөлөрү.

В последнем слоге гласная:	Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Биздер	Сиздер
а, ы, я,	мын / м	сың	т	сынар	ышат	быз	сыз	быз	сыздар
е, э, и,	мин / м	сиң	т	синер	ишет	биз	сиз	биз	сиздер
о, е, у, ю,	мун / м	сун	т	сунар	ушат	буз	суз	буз	суздар
ө, ү.	мүн / м	сүң	т	сүнөр	үшөт	бүз	сүз	бүз	сүздөр

Мисалы:

Мен жаз*а*мын, сен жаз*а*сың, ал жаз*а*т, силер жаз*а*сынар, алар жазышат, биз жаз*а*быз, сиз жаз*а*сыз, биздер жаз*а*быз, сиздер жаз*а*сыздар.

Мен кел*е*мин, сен кел*е*сиң, ал кел*е*т, силер кел*е*синер, алар келишет, биз кел*е*биз, сиз кел*е*сиз, биздер кел*е*биз, сиздер кел*е*сиздер.

Мен көрөмүн, сен көрөсүң, ал көрөт, силер көрөсүңөр, алар көрүшөт, биз көрөбүз, сиз көрөсүз, биздер көрөбүз, сиздер көрөсүздөр.

Мен сүйлөймүн, сен сүйлөйсүң, ал сүйлөйт, силер сүйлөйсүңөр, алар сүйлөшөт, биз сүйлөйбүз, сиз сүйлөйсүз, биздер сүйлөйбүз, сиздер сүйлөйсүздөр.

При образовании глагола будущего определённого времени между основой (повелительного наклонения глагола) и окончанием лица обязательно вставляются соединительные гласные „а“, „е“, „о“, „ө“ или „й“ (жаз+а+мын=жазамын, „а“ соединительная гласная), которые в 3-м лице множественного числа опускаются (жазышат).

Примеры:

Кел+е+мин=келемин, кон+о+мун=кономун, көр+ө+мүн=көрөмүн.

Если слово оканчивается на согласную букву и имеет в последнем слоге „а“, „ы“, „у“, „ю“, „я“, то вставляется *а*
„ „ „е“, „э“, „и“, „ *е*
„ „ „о“, „ё“ „ *о*
„ „ „ө“, „ү“ „ *ө*

В словах, оканчивающихся на гласную букву, вставляется „й“, которая в 3-м лице глагола множественного числа опускается вместе с первой гласной личного окончания глагола.

Примеры:

Сана+й+ышат=санашат („й“, „ы“ выпали), сүйлө+й+үшөт=сүйлөшөт, („й“, „ү“ выпали).

Көнүгүү:

Напишите примеры с глаголами будущего времени столбцами в 1-м лице, во 2-м лице и т. д., образуя их от следующих слов:


аткар—выполняй, алмаш—обменяй, карма—держи (лови), сүрт—вытирай, ырда—пой, ойло—думай, айт—скажи, жуун—умойся.

Образец—үлгү:

Мен аткарамын . . .	Сен аткарасың . . .
Мен алмаш	Сен алмаш . . . . .
Мен карма	Сен карма . . . . .
. . . сүрт	. . . . сүрт . . . .
. . . ырда	. . . . ырда . . . .
. . . ойло	. . . . ойло . . . .
. . айт	. . . . . айт . . . .
. . жуун	. . . . жуун . . . .
Ал аткарат	силер аткарасынар . .
Ал алмаш	силер алмаш . . . .
Ал	силер . . . . .
. . . . .	. . . . .
Алар аткарышат . .	Биз аткарабыз . . . .
Алар алмаш	Биз алмаш . . . . .
Алар	. . . . .
. . . . .	Биздер аткарабыз . .
Сиз аткарасыз	Биздер алмаш . . . .
Сиз алмаш	Биздер . . . . .
Сиз	. . . . .
. . . . .	
Сиздер аткарасыздар	
Сиздер алмаш	
. . . . .	

Придумайте предложения с глаголами будущего времени.

Үлгү: Мен эртең менен таза жуунамын. Сен эртең менен таза жуунасың и др.



§ 32. Күз.

Күзүндө түн узарат, күн кыскарат. Ава салкын болот. Жамгыр көп жаайт. Чөптөр кубарат. Жыгачтын жалбыректары саргаят. Жерге төгүлөт. Кайсы бир куштар ысык жактарга учуп кетишет. Алар жазында кайра келишет. Курт-кумурска ийиндерине кирет. Булар жазга чейин ийиндеринен чыкпайт.

Күзүндө совхоздо, колхоздо жумуш көп болот. Совхоздор, колхоздор күзүндө эгин жыйнайт, пахта терет, кызылча казат, күздүк айдайт. Кышка даярдык көрөт.

Жумушчулар кызматчылар жылуу кийим, отун даярдайт. Күздө жакшы даярданбаса, кышында кыйынчылыкка учурайт.

Сөздөр: күз—осень, түн—ночь, узарат—удлиняется (прибавляется), күн—день, кыскарат—становится короче (убавляется), жамгыр—дождь, чөп—трава, жалбырак—лист, саргаят—желтеет, учуп кетишет—улетают, курт-кумурска—насекомые, ийин—нора, эгин—хлеб, жыйнайт—убирает, кызылча—свекла, казат—копает, күздүк—озимый, кышка—к зиме, даярдык көрөт—готовится, отун—топка, кыйынчылык—трудность, учурайт—встречается.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Күзүндө түн жана күн кандай болот? Ава кандай болот? Эмне көп жаайт? Эмне кубарат? Жыгачтын жалбыректары эмне болот? Кайсы бир куштар ысык жактарга учуп кетишеби? Алар качан кайра келишет? Курт-кумурскалар кайда кирет? Булар качан чыгат? Күзүндө совхоздо, колхоздо жумуш кандай болот? Совхоз, колхоз эмне кылышат? Жумушчулар, кызматчылар эмне даярдайт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Осенью ночь становится длинной, день—короткий. Трава желтеет. Лист деревьев желтеет и падает. Некоторые перелётные птицы улетают в тёплый край. Колхозники готовятся к зиме.

Эгин орулат.
Жалбырак солот.
Токоч толот.
Бул качан болот?

Сөздөр: эгин орулат—хлеб убирается, жалбырак солот—листья высыхают, токоч толот—хлеба созревают.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Ырды жаттагыла.

Сүйлөшүү:

— Сиз эртең менен кайда барасыз?
— Мен эртең менен эрте мектепке барамын.
— Мектептен келгенден кийин, сен эмне кыласың?
— Мектептен келгенден кийин, мен тамактанам, атаэнеме жардам берем жана ойнойм.
— Күзүндө колхозчулар эмне кылышат?

— Күзүндө колхозчулар эгин жыйнашат, пахта теришет, кызылча казышат.
— Силер азыр эмне кыласынар?
— Биз азыр радио угабыз (киного барабыз, сабак окуйбуз).
— Сиздер стенгазетаны качан чыгарасыздар?
— Биз стенгазетаны эртең чыгарабыз.
— Алар эртең кайда барышат?
— Алар эртең фабрикага барышат.
— Сен бүгүн мектептен качан келесиң?
— Мен бүгүн мектептен кеч келем.
— . . . . . ?
— . . . . . .


Кыргызчага которгула.

— Завтра ваш класс куда пойдет?
— Завтра наш класс пойдет на экскурсию.
— Кто с вами вместе пойдет на экскурсию?
— С нами вместе пойдут учителя.
— Вы завтра куда пойдете?
— Мы завтра пойдём на завод.
— Летом пионеры вашей школы куда поедут?
— Летом пионеры нашей школы поедут в пионерский лагерь.

Тапшырма:

Проспрягайте следующие слова в будущем времени:

орундат—выполняй, токто—остановись, жардам бер—помоги ойло—думай, сүйүн—радуйся, даярда—приготовь.



§ 33. Пахта.

Пахта—өтө керектүү өсүмдүк. Советтер Союзунда пахта совхоздору жана колхоздору көп. Артыкча Орто-Азия—пахтанын кени.

Пахта аванын ысык болушун тилейт. Авасы өтө суук жерге пахта бышпайт. Биздин Кыргызстандын Түштүк райондорунда пахта айдалат. Пахтаны машина менен, кол менен терет.

Пахта заводу пахтаны тазалайт, андан кийин фабрикага жиберет. Фабрика кездеме токуп чыгарат. Кездемеден ар түрдүү кийим тигилет.

Сөздөр: пахта—хлопок, керектүү өсүмдүк—нужное растение, өтө—очень, артыкча—особенно, ава—климат, ысык—жарко, тилейт—требует, суук—холодный, бышпайт—не созревает, түштүк район—южный район, кол менен—рукой, терет—собирает, тазалайт—чистит, андан кийин—а потом затем), жиберет—отправляет, кездеме — мануфактура, пахтанын кени—обилие хлопка.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла.*

Сүйлөшүү

ПАХТА.

— Пахтабы?
— Ооба, пахта.
— Пахта кандай болот?
— Пахта ак болот.
— Бригадир пахтадабы?
— Ооба, бригадир пахтада.
— Пахтаны ким терип жатат?
— Пахтаны колхозчулар терип жатат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма: *Өзүңөр бир нече сүйлөм түзгүлө.*

Суроолор:


Пахта кандай өсүмдүк? Советтер Союзунда пахта совхозу, колхозу көппү? Пахтанын кени кайда? Пахта кандай аваны тилейт? Авасы суук жерге пахта бышабы? Кыргызстандын кайсы райондоруна пахта айдалат? Пахтаны эмне менен терет? Пахта заводу пахтаны тазалап, кайда жиберет? Фабрика эмне токуп чыгарат? Кездемеден эмне тигилет?

Тапшырма: *Суроолорго жооп жазгыла.*

§ 34. Кызылча.

Кыргызстанда бир нече кант завод бар. Кант завод кант чыгарат. Кантты кызылчадан жасайт. Кызылчанын мааниси өтө чоң. Колхоздор, совхоздор кызылчаны көп айдашат. Биздин колхоз кызылчаны абдан көп айдайт.

Кызылчанын арасындагы башка чөптөрдү отойт, сугарат. Кызылча күзүндө бышат. Кызылча бышканда колхозчулар казышат.



Казылган кызылчаларды кант заводдоруна тапшырат. Кант завод кызылчадан кант, кумшекер чыгарат. Завод колхоздорго тапшырган кызылчасы үчүн кант, кумшекер берет.

Сөздөр: кызылча—свекла, кант—сахар, мааниси—значение, сугарат—поливает, бышат—поспевает (созревает), казышат—копают, тапшырат—сдаёт, кумшекер—сахарный песок, үчүн—за, кант чыгарат—вырабатывает сахар.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла.*

Сүйлөшүү.

КЫЗЫЛЧА.

— Бу кызылчабы?
— Ооба, бу кызылча.
— Бу кандай кызылча?
— Бу кант кызылча.
— Кызылчадан эмне жасайт?
— Кызылчадан кант жасайт.
— Кызылча кайда?
— Кызылча колхоздо, совхоздо.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— . . . . . .

КАНТ.

— Кантпы?
— Жок, кант эмес, кумшекер.
— Кант кандай болот?
— Кант таттуу болот.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— . . . . . .

Тапшырма: *Калган сөздөр менен да бир нече сүйлөм түзгүлө.*

Суроолор:

Кайда бир нече кант завод бар? Кант завод эмне иштеп чыгарат? Кантты эмнеден жасайт? Эмненин маанисн өтө чоң? Колхоздор, совхоздор эмнени көп айдашат? Сиздин колхозуңуз кызылча айдайбы? Кызылчаны кандай багуу керек? Кызылча качан бышат? Кызылча бышканда, ким казат? Казылган кызылчаларды колхоз, совхоз кайда тапшырат? Кант зовод кызылчадан эмне чыгарат? Завод колхоздорго тапшырган кызылчалары үчүн эмне берет?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.



§ 35. Ашкана.

Атам заводдо иштейт. Заводдо жакшы ашкана бар. Ар дайым тамакты ашканадан ичебиз.

Ашканада эртең мененки тамакты, түшкү тамакты, кечки тамакты даярдайт. Ар дайым меню жазып коёт. Акчаны кассага төлөйбүз. Кассир бизге чек берет. Чекти официантка беребиз. Официант бизге кухнядан тамак алып келет.

Ашканада эртең менен кофе, какао, сүт, пирожки, котлет болот. Түштө сорпо же борщ, палоо же куурдак, компот же кисель жана башкалар болот. Кечинде күрүч ботко, сүт, чай, пирожки жана башкалар болот.

Керегеде ураандар илинип турат. Столдордо гүл турат. Дем алыш күнү тамакты үйдө даярдайбыз.

Сөздөр:

ашкана—столовая, ар дайым—всегда, эртең мененки тамак—завтрак, түшкү тамак—обед, кечки тамак—ужин, даярдайт—готовит, акча—деньги, сорпо—суп, палоо—плов, куурдак—жареное мясо, күрүч ботко-рисовая каша, ар түрдүү—разные, ким менен—с кем, же—или.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

— Бу ашканабы?
— Ооба, бу ашкана.
— Ашкана алыспы?
— Жок, ашкана алыс эмес, ашкана жакын.
— Ашкана качан ачылат?
— Ашкана ар дайым ачык.
— Азыр ашканага барасызбы?
— Ооба, азыр ашканага барамын.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Ким ар дайым мектепке эрте келет?
— Роза (Сергей) ар дайым мектепке эрте келет.
— Эртең менен ар дайым эмне болот?
— Эртең менен ар дайым физзарядка болот.
— Сиз ар дайым мектепке ким менен келесиз?
— Мен ар дайым мектепке Сергей (Роза) менен келемин.
— . . . . . ?
— . . . . . .

тапшырма:

Составьте сами предложения с остальными словами по образцу данных выше примеров.

Суроолор:

Тамакты кайдан ичесиз? Ашканада кандай тамактарды даярдайт? Меню жазып коёбу? Акчаны кимге төлөйсүз? Кассир эмне берет? Официантка эмне бересиз? Официант тамакты кайдан алып келет? Эртең менен кандай тамактар болот? Түшкү тамакка эмне болот? Кечки тамакка эмне болот? Керегеде эмнелер илинип турат? Гүлдөр кайда турат? Дем алыш күнү тамакты кайда даярдайсыздар?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Мы питаемся в столовой. Наша столовая большая, чистая и хорошая. В столовой все время готовят завтрак, обед и ужин. Утром в столовой бывает кофе, какао, пирожки, котлеты и рисовая каша. В обед подают борщ или суп, плов или жаркое, компот или кисель. На ужин подают рисовую кашу или котлеты, кофе или молоко. Официанты обслуживают культурно. В столовой стоят столы и стулья. На столах стоят цветы. Есть радио.

Мы в выходной день завтрак, обед, ужин готовим дома.

§ 36. Вопросительная частица „бы“ с глаголами будущего определенного времени.

Частица **„бы“** употребляется в сочетании с глаголами будущего определенного времени.

При прибавлении частицы **„бы“** к глаголу 3-го лица единственного и мно́жественного числа согласная **„т“** в окончании глагола опускается.

Мисалы:

жаза*т* + бы = жаза*бы* („т“ выпала), жазышат + бы = жазыша*бы*, көрөт + бү = көрө*бү*.

Остальные правила употребления частицы такие же, как и во всех других частях речи.

Мисалы:

Мен аткарамынбы, сен аткарасыңбы, ал аткарабы, силер аткарасыңарбы, алар аткарышабы, биз аткарабызбы, сиз аткарасызбы, биздер аткарабызбы, сиздер аткарасыздарбы.

Мен сүйлөймүнбү, сен сүйлөйсүңбү, ал сүйлөйбү, силер сүйлөйсүнөрбү, алар сүйлөшөбү, биз сүйлөйбүзбү, сиз сүйлөйсүзбү, биздер сүйлөйбүзбү, сиздер сүйлөйсүздөрбү.

Мен келеминби, сен келесиңби, ал келеби, силер келесиңерби, алар келишеби, биз келебизби, сиз келесизби, биздер келебизби, сиздер келесиздерби.

Мен ойноймунбу, сен ойнойсуңбу, ал ойнойбу, силер ойнойсуңарбы, алар ойношобу, биз ойнойбузбу, сиз ойнойсузбу, биздер ойнойбузбу, сиздер ойнойсуздарбы.

Сүйлөшүү:

— Сиз эртең балык кармоого барасызбы?
— Жок, эртең мен балык кармоого эмес, эртең фермага барам.
— Сен фермадан качан келесиң?
— Мен фермадан эртең кечинде келемин.
— Силер эртең сабактан кийин музейге барасыңарбы?
— Ооба, биз эртең сабактан кийин музейге барабыз.
— Сиздер менен музейге сегизинчи класстын окуучулары барышабы?
— Биз менен музейге сегизинчи класстын окуучалары эмес, жетинчи класстын окуучулары барышат.
— Эртең силердин класста пионер сбору өткөрүлөбү?

— Биздин класста пионер сбору эртең эмес, бүгүн өткөрүлөт.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Вместо точек, допишите личные окончания будущего определенного времени с вопросительной частицей „бы.“

Мен көрө . . ., сен көрө . . ., ал көрө . . ., силер көрө . . ., алар көр . . ., биз көрө . . ., сиз көрө . . ., биздер көрө . . ., сиздер көрө . . . .

Мен санай . . ., сен санай . . ., ал санай . . ., силер санай . . ., алар сана . . ., биз санай . . ., сиз санай . . ., биздер санай . . ., сиздер санай . . . .

Мен келе . . ., сен келе . . ., ал келе . . ., силер келе . . ., алар кел . . ., биз келе . . ., сиз келе . . ., биздер келе . . ., сиздер келе . . . .

Мен окуй . . ., сен окуй . . ., ал окуй . . ., силер окуй . . ., алар оку . . ., биз окуй . . ., сиз окуй . . ., биздер окуй . . ., сиздер окуй . . . .

Мен ойной . . ., сен ойной . . ., ал ойной . . ., силер ойной . . ., алар ойно . . ., биз ойной . . ., сиз ойной . . ., биздер ойной . . ., сиздер ойной . . .

Мен жүгүрө . . ., сен жүгүрө . . ., ал жүгүрө . . ., силер жүгүрө . . ., алар жүгүр . . ., биз жүгүрө . . ., сиз жүгүрө . . ., биздер жүгүрө . . ., сиздер жүгүрө . . . .

§ 37. Жатакана.

Биз жатаканада турабыз. Биздин жатакана Панфилов көчөсүндө. Жатакана эки кабат. Бул жатаканада бир нече квартира бар.

Ар бир квартирада үч-төрт бөлмөдөн. Биз экинчи кабатта турабыз. Биздин жаныбызда жолдош Султаналиев турат. Биринчи кабатта ашкана, магазин бар.

Короодо бир нече кампа бар. Короону ар күнү тазалап турат. Короодо спорт площадка бар. Мектептен үйгө кайтканда, биз площадкада ойнойбуз.

Ар бир квартирада электричество жана водопровод бар. Жатаканада тургандар абдан ынтымактуу. Кайсы бир квартираларда телефон бар.

Сөздөр: жатакана — общежитие, турабыз — живём, эки кабат — двухэтажный, бир нече — несколько, ар бир — каждый, экинчи — второй, биздин жаныбызда — около нас, короодо — во дворе, кампа — кладовая, тазалап турат — чистит, ойнойбуз — играем, ынтымактуу — дружные, кайсы бир квартирада — в некоторых квартирах, көшөгө — занавеска.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү.

ЖАТАКАНА.

— Жатаканабы?
— Ооба, жатакана.
— Бу жатаканада кимдер турат?
— Бу жатаканада жумушчулар, кызматчылар турат.
— Жатаканада магазин барбы?
— Жатаканада чоң магазин бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

КОРОО.

— Короодо эмне бар?
— Короодо спортплощадка бар.
— Короо кандай?
— Короо абдан таза.
— Силер короодо эмне кыласынар?
— Биз короодо ойнойбуз.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Составьте с ими предложения с остальными словами по образцу данных выше предложений.

Суроолор:


Сиз кайда турасыз? Жатакана нече кабат? Сиздин жатакана кайсы көчөдө? Кайда бир нече квартира бар? Ар бир квартирада нече бөлмөдөн? Сиз неченчи кабатта турасыз? Жаныңызда ким турат. Биринчи кабатта эмне бар? Кампа кайда? Короону качан тазалайт? Спортплощадка кайда? Мектептен кайтканда силер кайда ойнойсунар? Ар бир квартирада эмне бар? Кимдер ынтымактуу турат? Телефон барбы?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Общежитие находится на Дзержинской улице. В нашем общежитии несколько квартир. Наша квартира на втором этаже. На первом этаже есть магазин и столовая. Во дворе очень чисто. Имеется спортплощадка. В каждой квартире есть электричество и водопровод. Люди в общежитии живут очень дружно.



§ 38. Кыш.

Күздөн кийин кыш келет. Кышында күн кеч чыгат жана эрте батат, ошондуктан түн узун, күн кыска болот.

Кышында ар дайым кар жаайт. Кардан жердин бети көрүнбөйт. Суу тоңун, муз болот. Кышында суук болот. Кышында жылуу кийимдерди киебиз. Үйлөрдү жылытабыз.

Отун, жылуу кийимдерди күзүндө даярдайбыз. Колхоздор, совхоздор малдарына жем-чөптү көп даярдашат. Мал кире турган сарайлары жылуу, жем-чөп көп болот, ошондуктан, колхоз менен совхоздун малдары семиз болот.

Сөздөр: күн кеч чыгат—солнце поздно всходит, батат—заходит, ошондуктан поэтому, түн—ночь, узун—длинная, кыска—короткий, кар жаайт—снег идёт, жер—земля, көрүнбөйт—не видно, муз—лёд, болот—бывает, отун—топка (дрова), малдар—скот, жем—фураж (корм), чөп—сено, семиз—жирный, упитанный.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:


Күздөн кийин эмне болот? Кышында эмне үчүн күн кыска, түн узун болот? Кышында эмне жаайт? Жердин бети көрүнөбү? Эмне үчүн муз болот? Качан суук болот? Жылуу кийимдерди качан киесиздер? Күзүндө эмне даярдайсыздар? Колхоз, совхоз малдарына эмне даярдайт? Колхоз менен совхоздун малдары эмне үчүн семиз болот?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Зимой день—короткий, ночь—длинная. Зимой идёт снег. Люди одевают тёплую одежду. Колхозники к зиме готовятся осенью. Колхозники к весне готовятся зимой: ремонтируют сельхозинвентарь и др.



Суук ызылдайт.
Кулак тызылдайт.
Күртку толот.
Бул качан болот?

Сөздөр: ызылдайт—пронизывает, суук—холод, тызылдайт—щиплет, күртку—сугроб.

Тапшырма:

1. Запомните слова.
2. Ырды жаттагыла.

§ 39. Кайталоо.

Жапар орус тил сабагынан ар дайым отлично баа алат. Сергей кыргызча жакшы сүйлөйт. Сиз ар дайым мектепке эрте келесиз. Алар эртең экскурсияга барышат. Биз үйдө ата—энелерибизге жардам берип турабыз.

1. *Перепишите предложения, вставляя в скобках вопросительные слова к каждому слову предложения по образцу, данному ниже.*

Үлгү: *Жапар* (ким?) *орус тил сабагынан* (кайсы сабактан?) *ар дайым* (качан?) *отлично баа* (кандай баа?) *алат* (эмне кылат?)

2. *Составьте вопросительные предложения ко всем примерам упражнения по образцу, указанному ниже.*

Үлгү:

а) *Ким* • орус тил сабагынан ар дайым отлично баа алат?
б) Жапар *кайсы сабактан* ар дайым отлично баа алат?
в) Жапар орус тил сабагынан *качан* отлично баа алат?
г) Жапар орус тил сабагынан ар дайым *кандай* баа алат?
д) Жапар ар дайым *эмне кылат*?

§ 40. Отрицание „бай“ (не) в будущем определенном времени.

Отрицание „бай“ прибавляется к глаголу определенного будущего времени между основой и личным окончанием. При прибавлении отрицания „бай“ соединительная гласная между основой и личным окончанием выпадает.

Мисалы:

Барамын („бар“—повелительная форма, „а“—соединительная гласная, „мын“ — окончание лица), бар + бай + мын = ***барбаймын***, жазамын — жаз + бай + мын = ***жазбаймын***.

В глаголах 3-го лица множественного числа при прибавлении отрицания окончание глагола разбивается на две части и между ними вставляется отрицание „бай“, звонкая „б“ отрицания после глухой согласной переходит в „п“. Гласная во второй части окончания тоже выпадает.

Мисалы:

Алар барышат — барыш + бай = ***барышпайт***. (Гласная „а“ в окончании глагола *„барышат“* выпала). *Келишет* — келиш + бей = ***келишпейт***.

Отрицание „бай“ изменяется так:
бай, бей, бой, бөй, *пай*, пей, пой, пөй.

Мисалы:

Мен барбаймын, сен барбайсың, ал барбайт, силер барбайсыңар, алар барышпайт, биз барбайбыз, сиз барбайсыз, биздер барбайбыз, сиздер барбайсыздар.

Мен келбеймин, сен келбейсин, ал келбейт, силер келбейсиңер, алар келишпейт, биз келбейбиз, сиз келбейсиз, биздер келбейбиз, сиздер келбейсиздер.

Мен ойнобоймун, сен ойнобойсун, ал ойнобойт, силер ойнобойсунар, алар ойношпойт, биз ойнобойбуз, сиз ойнобойсуз, биздер ойнобойбуз, сиздер ойнобойсуздар.

Мен сүйлөбөйм, сен сүйлөбөйсүң, ал сүйлөбөйт, силер сүйлөбөйсүнөр, алар сүйлөшпөйт, биз сүйлөбөйбүз, сиз сүйлөбөйсүз, биздер сүйлөбөйбүз, сиздер сүйлөбөйсүздөр.

Сүйлөшүү:

— Сиз азыр клубга барасызбы?
— Жок, мен клубга барбаймын, китепканага барам.
— Бүгүн пионерлер сбору болобу?
— Бүгүн пионерлер сбору болбойт, пионерлер сбору эртең болот.
— Кечинде сен стадионго келесиңби?
— Мен кечинде стадионго келбейм.
— Алар келишеби?
— Жок, алар да келишпейт.
— Силер эртең экскурсияга барасыңарбы?
— Жок, биз эртең экскурсияга барбайбыз, экскурсияга бүрсүгүнү барабыз.
— Сиздер топ ойнойсуздарбы?
— Жок, биздер топ ойнобойбуз.
— Директор азыр келеби?
— Директор азыр келбейт, директор бир сааттан кийин келет.
— Бүгүн география сабагы болобу?
— Жок, бүгүн география сабагы болбойт, география сабагы эртең болот.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Проспрягайте в будущем определенном времени с отрицанием следующие слова:

сана, сүйлө, ойно, кел, ише.

Кыргызчага которгула.

— Вы сегодня в библиотеку пойдёте?
— Нет, я сегодня в библиотеку не пойду, в библиотеку пойду завтра.
— Сегодня классное собрание будет?
— Нет, сегодня классное собрание не будет, классное собрание будет завтра.
— Завтра родительское собрание будет?
— Нет, завтра родительское собрание не будет, родительское собрание будет послезавтра (бүрсүгүнү).
— Сегодня после собрания концерт будет?
— Сегодня после собрания концерта не будет.
— Вы завтра на рыбалку пойдете?
— Я завтра на рыбалку не пойду.

— Когда пойдёте на рыбалку?
— Послезавтра.
— . . . . . ?
— . . . . . .

§ 41. Тартип.

Мектептин коридорунда атайын илип койгон бир доска бар. Ал доскага:—„Окуучулар өздөрүн кандай алып жүрүү керек“—деген эрежени илип койгон. Биз мектепте, класста, көчөлөрдө тартипти жакшы сактайбыз. Класста күрөшпөйбүз, чаңдатпайбыз. Таанып кишилерге көргөн жерде амандашабыз. Үйдө ата энелерибизге жардам беребиз. Ата-энелерибиздин айткандарын аткарабыз.

Сөздөр: тартип—дисциплина, атайын—специальный, эреже—правило, сактайбыз—соблюдаем, күрөшпөйбүз—не боремся, чаңдатпайбыз—не пылим, таанып—знакомый, амандашабыз—здороваемся, жардам беребиз—помогаем, аткарабыз—выполняем, бардык жерде—везде.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

ТАРТИП.

Сүйлөшүү:

— Сиз тартипти сактайсызбы?
— Биз тартипти бардык жерде сактайбыз.
— Тартипти ким жакшы сактайт?
— Тартипти биз жакшы сактайбыз.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ТААНЫШ.

— Бу таанышпы?
— Ооба, бу таанып адам.
— Таанышыңыз кайдан келди?
— Таанышым Москвадан келди.
— Таанышыңыз Москвадан качан келди.
— Таанышым Москвадан кечээ келди.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Мектептин коридорунда кандай доска бар? Ал доскага эмне илип койгон? Сиздер тартипти жакшы сактайсыздарбы? Класста эмне кылбайсыздар? Таанып адамдарга кайсы жерде амандашасыздар? Үйдө кимге жардам бересиздер? Ата-энелердин айткандарын аткарасыздарбы?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

§ 42. Кийим.

Жазында, жайында көйнөк, тапочка киебиз. Күзүндө күн салкын болот. Биз күзүндө костюм, ботинки киебиз.

Кышында күн суук болот. Биз кышында абдан жылуу кийимдерди киебиз. Бутубузга өтүк же кийиз өтүк киебиз. Костюмдун сыртынан жылуу пальто же тон киебиз.

Мектепке барганда пальтону, тонду чечип, илгичтерге илебиз. Костюм менен класска киребиз. Класста абдан жылуу. Сабак бүткөндөн кийин үйгө кайтабыз. Үйдө тамактанабыз. Андан кийин лыжа кийимдерибизди кийип, лыжа тебебиз.

Лыжа костюму жеңил жана жылуу болот. Мектепке лыжа кийимин кийип барбайбыз.

Сөздөр: салкын—прохладно, суук—холодно, жылуу—тёплый, чечебиз—снимаем, илгич—вешалка, илебиз—вешаем, киребиз—заходим, бүткөндөн кийин—после окончания, кайтабыз—возвращаемся, жеңил—лёгкий, сырт кийим—верхняя одежда.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

САЛКЫН.

— Күн салкынбы?
— Ооба, күн салкын.
— Күн качан салкын болот?
— Күн жазында, күзүндө салкын болот.
— Күн салкын болгондо сиз кандай кийим киесиз?
— Күн салкын болгондо, биз костюм киебиз.
— . . . . . ?
— . . . . . .

СУУК.

— Күн суукпу?
— Ооба, күн суук.
— Күн качан суук болот?
— Күн кышында суук болот.
— Суукта кандай кийим киесиздер?
— Суукта тон же жылуу пальто, өтүк же кийиз өтүк киебиз.
— . . . . . .
— . . . . . ?

ИЛГИЧ.

— Илгич кайда?
— Илгич коридордо.
— Илгичке эмне илесиздер?
— Илгичке сырт кийимдерибизди илебиз.

— Илгичтин жанында ким турат?
— Илгичтин жанында швейцар турат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Жазында, жайында эмне киесиздер? Күзүндө күн кандай болот? Күзүндө эмне киесиздер? Качан күн суук болот? Кышында кандай кийимдер киесиздер? Бутка эмне кийесиз? Костюмдун сыртынан кандай кийимдер киесиздер? Мектепке барганда, илгичке эмне илесиздер? Класска костюмчан киресиздерби? Класс кандай? Качан үйгө кайтасыздар? Кайдан тамактанасыздар? Андан кийин эмне кыласыздар? Лыжа костюму кандаи болот? Кайда лыжа кийимин кийип барбайсыздар?

Тыпшырма.

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.


Когда бывает прохладно? Когда бываст тепло? Когда бывает холодно? Весной мы одеваем рубашку и тапочки. Зимой одеваем тёплое пальто или шубу. В школе верхнюю одежду снимаем. Вешаем на вешалку. Возле вешалки стоит швейцар. В классе тепло. После урока мы приходим домой. Дома кушаем и идём играть. Катаемся на коньках.

§ 43. Имя прилагательное—сын атооч.

Имя прилагательное в киргизском языке выражает свойство предмета и характер действия, в предложении оно употребляется в сочетании с именами и с глаголами.

Имена прилагательные отвечают на вопросы: *кандай* (какой,—ая,—ое,—ие и как). Биздин класс *таза*. (Кандай—какой). Автомобиль *ылдам* жүрөт. (Кандай—как).

Имена прилагательные склоняются по падежам так же, как имена существительные, но косвенные падежи прилагательных редко употребляются в речи.



§ 44. Пил.

Пил ысык жакта жашайт. Пил—абдан чоң жана күчтүү айбан. **Пилди** адам колго үйрөтөт.

Үйрөтүлгөн пил адамга жакшы пайда келтирет. Пил оор **жүктөрдү** ташыйт. Жоон жыгачтарды жулуп алат. Пил жай жүрөт. Пил жакшы иштейт.

Тапшырма:

Найдите имена прилагательные —сын атоочторду тапкыла

Сөздөр: пил—слон, ысык жак—жаркая страна, жашайт—живёт, күчтүү—сильный, үйрөтөт—приучают, үйрөтүлгөн—приученный, пайда—польза, оор—тяжёлый, жүк—груз, ташыт—переносит, жоон—толстый, жыгач—дерево, жулуп алат—выдёргивает.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү.

ПИЛ.

— Пил күчтүү болобу?
— Ооба, пил күчтүү болот.
— Пил кайда жашайт?
— Пил ысык жакта жашайт.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Пил кайда жашайт? Пил кандай болот? Пилди ким колго үйрөтөт? Үйрөтүлгөн пил адамга кандай пайда келтирет? Пил кандай жүктөрдү ташыйт? Кандай жыгачтарды жулуп алат?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Прилагательные по признакам.
Сөз кандай—какой по цвету.

Тапшырма:

Вместо точек напишите прилагательные.

Кызыл жылдыз.	Кызыл желек.	Кызыл туу.
Ак кар.	Ак кагаз.	Ак бор.
Кара доска.	. . . парта.	. . . көмүр.
Көк көйнөк.	. . . карандаш.	. . . пальто.

Сөздөр: жылдыз—звезда, желек—флаг, туу—знамя, көмүр—уголь, көк—синий (зелёный, голубой), боз—серый, күрөң—коричневый, сары—жёлтый, жашыл—зелёный.

Тапшырма:

Напишите примеры, вставляя вместо точек прилагательные, выражающие признаки цвета.

Кызыл алма.	. . . өрүк.	. . .	картошка.
. . . пальто.	. . . шым.	. . .	көйнөк.
. . . сабиз.	. . . бадыраң.	. . .	чөп.
. . . өтүк.	. . . ботинки.	. . .	юбка.
. . . ат.	. . . үй.	. . .	эчки.

Көнүгүү:

Окуучулар мектепке келишти. Сергейдин пальтосу кара. Зоянын пальтосу кызыл. Менин пальтом көк. Сенин костюмуң күрөң. Марусянын көйнөгү жашыл. Андрейдиң сумкасы сары. Сенин калем сабың кара. Розанын калем сабы кызыл. Менин ботинкам боз. Кларанын ботинкасы кызыл.

Суроолор:

Окуучулар кайда келишти? Сергейдин пальтосу кандай? Зоянын пальтосу кандай? Кимдин пальтосу көк? Сенин костюмуң кандай? Марусянын көйнөгү кандай? Андрейдин сумкасы кандай? Кимдин калем сабы кара? Розанын калем сабы кандай? Кимдин ботинкасы боз? Кларанын ботинкасы кандай?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла, сын атоочтун астын сызгыла.

Кыргызчага которгула.

Было ясное утро. Дети пошли работать в огород. В огороде росли: морковь, зелёный огурец, белая капуста, красная свекла, зелёный лук. Земля была чёрная и плодородная. Дети поработали вместе с колхозниками. Бригадир ребятам принёс большие красные яблоки. Ребята поели. Летом в огороде хорошо.

Вопросы:

Утро было какое? Дети куда пошли работать? Что росло в огороде? Какая земля была? Вместе с кем поработали дети? Какие яблоки принес бригадир ребятам?

§ 45. Кышкы каникул.

Экинчи чейрек бүттү. Чейректе өткөн сабактарды окуучулар кайталады. Кайсы сабактан, неченчи числодо сыноо болорун билдик. Мектептин коридоруна расписание илип койду.

Окуучулар сыноого даярданышты. Мугалимдер консультация өткөрүштү. Сыноо башталды. Бардык сабактан сыноо бүттү.

Класстын жетекчиси, кимдин кандай баа алгандыгын, жыйынтыктады. Бир күнү ата-энелердин чогулушун чакырды. Ата-энелерибиз чогулушка барышты. Окуучулардын алган бааларын, тартиптерин класс жетекчиси айтты. Ата-энелерибиз кубанып кайтты.

Окуучулар кышкы каникулга тарады. Биз каникулду абдан жакшы өткөрдүк.

Сөздөр: кышкы—зимний, чейрек—четверть, кайталады—повторяли, сыноо—испытание, билдик—узнали, даярданышты—готовились, өткөрүштү—проводили, башталды—начался, жетекчи—руководитель, баа—оценка, жыйынтык—итог, кубанды—радовались.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Неченчи чейрек бүттү? Чейректе өткөн сабактарды ким кайталады? Сиздер эмне болорун билдиңиздер? Расписаниени кайда илип койду? Окуучулар эмнеге даярданышты? Мугалимдер эмне өткөрүштү? Сыноо башталдыбы? Бардык сабактардан сыноо бүттүбү? Класстын жетекчиси эмнени жыйынтыктады? Ата-энелердин чогулушун качан чакырды? Ата-энелер кайда барышты? Класс жетекчиси эмне айтты? Кимдер кубанып кайтты? Кышкы каникулга ким тарады? Сиз каникулду кандай өткөрдүңүз?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Сүйлөшүү:

— Кышкы пальтобу?
— Жок, кышкы пальто эмес, күзгү пальто.
— Кышкы каникул качан болот?
— Кышкы каникул бир айдан кийин болот.
— Кышкы каникулда сиз кайда болосуз?
— Кышкы каникулда биз шаарда болобуз.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Чейрек качан бүтөт?
— Чейрек эки айдан кийин бүтөт.
— Бул неченчи чейрек?
— Бул экинчи чейрек.
— Үчүнчү чейрек качан башталат?
— Үчүнчү чейрек, жыйырма күндөн кийин башталат.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— Сиз кайсы сабакты кайталадыңыз?
— Биз географияны кайталадык.
— Кайталоо качан башталат?
— Кайталоо төрт күндөн кийин башталат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма: *Придумайте предложения по образцам, данным выше.*

Кыргызчага которгула.

Скоро кончается третья четверть. Ученики шестого класса начали повторять пройденные уроки. Учителя проводят консультации. Составлено расписание консультаций. Мы знаем, какого числа, по каким предметам будет испытание. Испытание кончилось. Классные руководители подытожили результат испытаний. Назначили родительское собрание. Пришли на собрание наши родители. Родители наши были очень довольны.

Көнүгүү:

Көлөмү кандай—какой по величине?

Шаар—чоң, кыштак—кичине. Дарбыз—чоң, алма—кичине. Үй—чоң, музоо—кичине. Жайында күн—узун, түн—кыска. Кышында күн—кыска, түн—узун. Стол—чоң, орундук—кичине. Китеп—чоң, дептер—кичине. Калем уч—кыска, калем сап—узун. Сумка—калың, дептер—жука.

Сөздөр: көлөм—величина, кыштак—село, узун—длинный, кыска—короткий, калың—толстый, жука—тонкий.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла.*

Суроолор:

Шаар кандай, кыштак кандай? Дарбыз кандай, алма кандай? Жайында күн кандай,түн кандай? Кышында түн кандай, күн кандай? Стол кандай, орундук кандай? Китеп кандай, дептер кандай? Калем уч кандай, калем сап кандай? Сумка кандай, дептер кандай?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Ученики первого класса—маленькие, ученики пятого класса—большие. Магазин большой, ларёк маленький. Капуста большая, редиска маленькая. Тарелка большая, ложка маленькая. Пианино большое, патефон маленький. Гитара большая, мандолина маленькая. Самовар высокий, чайник низкий. Топор длинный, молоток короткий. Пароход большой, лодка маленькая.

Көнүгүү:

Даамы кандай—какой по вкусу?

Кант таттуу, пияз ачуу. Варенье таттуу, шалгам ачуу. Алча кычкыл, коон таттуу. Эртең менен таттуу варенье менен чай ичтим. Атам туздаган бадыраң менен нан жеди. Апам таттуу бал менен чай ичти. Мен таттуу тамакты жакшы көрөм. Атам кычкыл тамакты жакшы көрөт. Апам магазинден ачуу мурч, уксус сатып келди. Атам туздаган балык, таттуу печенье сатып келди.

Сөздөр: таттуу—сладкий, вкусный, ачуу—горький, кычкыл—кислый, туз—соль, туздаган—солёный, бал—мёд, жакшы көрөм—уважаю (люблю), мурч—чёрный перец, сатып келди—купила, даам—вкус, калемпир—красный перец, халва—халва.

Тапшырма:

Перепишите слова, вставляя вместо точек прилагательные, выражающие признаки вкуса.

Бал таттуу. Калемпир ачуу.

Алма . . .	уксус . . .	кызылча . . .
Өрүк . . .	квас	капуста . . .
Коон . . .		варенье . . .
Туз	. . . . .	печенье . . .
Мурч . . .	бадыраң . . .	халва . . . . .
Конфета ,	пияз	компот . . . .

Кыргызчага которгула.

Мы утром ели сладкую кашу. На тарелке лежала солёная рыба. Сестра любит сладкий чай. Я люблю солёную рыбу. Мама купила кислые яблоки. Папа купил сладкое печенье. На столе лежит горькая горчица. Мы пили сладкий чай. После обеда я выпил стакан кислого кваса.

§ 46. Иреттик сан атоочпорядковые числительные.

Суффиксы порядковых числительных **ынчы** (инчи, унчу, үнчү). **Ынчы** изменяется так:

Если в последнем слоге слова гласная:	то суффикс
—а, ы, я,	—*ынчы*
„ „ „ э, и, е,	—*инчи*
„ „ „ о, ё, у, ю	—*унчу*
„ „ „ ө, ү	—*үнчү*

Мисалы:

беш+инчи=беш*инчи*—пятый,—ая,—ое,—ые тогуз+унчу=тогуз*унчу*—девятый,—ая,—ое,—ые төрт+үнчү=төрт*үнчү*—четвертый,—ая,—ое, ые.

Примечание:

Если числительное оканчивается на гласную букву, то в суффиксе первая гласная опускается.

Мисалы:

Алты+ынчы=алты*нчы*—шестой (в суффиксе первая гласная „ы“ выпала). Жайырма+ынчы=жайырма*нчы*—двадцатый.

Сөздөр: ачык — открыто, неченчи — который, бурчу — уголок

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

— Бүгүн неченчи число?

— Бүгүн бешинчи (онунчу, он бешинчи, он жетинчи, жыйырма экинчи) число.

— Дем алыш күн неченчи числодо болот?

— Дем алыш күн биринчи (сегизинчи, он бешинчи, жыйырма экинчи, жыйырма тогузунчу) числодо болот.

— Он сегизинчи бөлмөдө ким турат?

— Он сегизинчи бөлмөдө жолдош Иванов (Шералиев, Султаналиев, Артемьев, Чернов) турат.

— Пионер сбору неченчи класста болот?

— Пионер сбору жетинчи (алтынчы, төртүнчү) класста болот.

— Кыргыз тил сабагы неченчи числодо болот?

— Кыргыз тил сабагы үчүнчү (бешинчи, тогузунчу, он экинчи, он жетинчи) числодо болот.

Тапшырма:

Составьте несколько предложений со словами, указанными в скобках и др.

Тапшырма:

Перепишите следующие примеры, вставляя суффиксы порядковых числительных.

Онунчу, беш . . ., жети . . ., он бир . . ., он сегиз . . ., жыйырма эки . . ., жыйырма төрт . . ., отуз . . ., отуз үч . . ., отуз алты . . ., отуз тогуз . . ., кырк . . ., кырк тогуз . . ., элүү . . ., элүү беш . . ., алтымыш . . ., жетимиш төрт . . ., жетимиш сегиз . . ., бир миң тогуз жүз кырк алты . . ..

§ 47. Ийрим.

Биздин мектепте ар түрдүү ийримдер иштейт. Драма ийрими, шахматчылар ийрими, устачылык ийрими, саймачылар ийрими, дагы ушуга окшогондор. Драмкружок-спектакль коёт. Шахматчылар ийрими турнир өткөрөт. Устачылык ийрими түрдүү оюнчуктар жасайт. Саймачылар сайма саят.

Жакында район боюнча олимпиада болот. Олимпиадага биздин мектептин окуучулары да катышат. Олимпиадада биринчиликти алуу үчүн окуучулар абдан жакшы даярданып жатат.

Сөздөр: ийрим—кружок, устачылык—мастерство (ремесло), саймачылар ийрими—кружок вышивки, дагы ушуга окшогондор—и тому подобные, өткөрөт—проводит, оюнчуктар—игрушки, сайма саят—вышивает вышивку, жакында—на днях (скоро), район боюнча—по району, катышат—участвует, биринчилик—первенство, даярданып жатат—готовится.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Кайсы мектепте ар түрдүү ийримдер иштейт? Кандай ийримдер? Драмкружок эмне коёт? Шахматчылар ийрими эмне өткөрөт? Ар түрдүү оюнчуктарды кайсы ийримдер жасайт? Кимдер сайма саят? Жакында район боюнча эмне болот? Олимпиадага кимдер катышат? Окуучулар эмне үчүн даярданып жатышат?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

В нашей школе работают разные кружки. Вчера драмкружок ставил спектакль. Спектакль ставили в клубе. На спектакль пришли рабочие и колхозники. После спектакля мы пошли домой с родителями. Завтра выходной день, поэтому мы в клубе были до 9 часов вечера. В выходной день все отдыхают.

§ 48. Расписание.

Менин эки расписанием бар. Бир расписание—күндөлүк боло турган сабактын расписаниеси. Ар күнү сабакты расписаниеге карап даярдайм.

Бүгүн эртең боло турган сабакты даярдайм. Экинчи расписание уактымдын расписаниеси.

—Экинчи расписаниеде кайсы уакта туруу керек, саат нечеде мектепке баруу керек, нече саат ойноо керек—бардыгы көрсөтүлгөн. Мен уактымды расписание боюнча пайдаланам.

Менин уактымдан бир саат да бекерге кетпейт.

Сөздөр: күндөлүк—ежедневный, даярдайм—готовлю, уакты—время, кайсы уакта—в какое время, туруу керек—надо вставать, ойноо керек—надо играть, көрсөтүлгөн—показано, расписание боюнча—по расписанию, пайдаланам—пользуюсь (использую), бекерге кетпейт—зря не пропадает.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Сенин канча расписаниең бар? Биринчи расписание эмненин расписаниеси? Ар күнү эмнеге карайсың? Бүгүн кайсы сабакты даярдайсың? Экинчи расписание эмненин расписаниеси? Экинчи расписаниеде эмне көрсөтүлгөн? Сен уактыңды кандай пайдаланасың? Кимдин уактысы бекерге кетпейт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла:

§ 49. Склонение числительных количественных—сан атооч сөздөрдүн жөндөлүшү.

Правило. Числительные количественные в киргизском языке склоняются так же, как и существительные.

Атооч —	бир,	беш,	алты,	он.
Илик —	бирдин,	бештин,	алтынын,	ондун.
Барыш —	бирге,	бешке,	алтыга,	онго.
Табыш —	бирди,	бешти,	алтыны,	онду.
Жатыш —	бирде,	беште,	алтыда,	ондо.
Чыгыш —	бирден,	бештен,	алтыдан,	ондон.

Просклоняйте по падежам следующие слова.

эки, үч, төрт, жети, сегиз, тогуз, жыйырма, отуз, кырк, он бир жана башкалар.

Сүйлөшүү:

— Сен кечээ мектепте саат нечеге чейин болдуң?
— Мен кечээ мектепте саат жетиге чейин болдум.
— Бүгүн үйгө саат нечеде келесиң?
— Бүгүн үйгө саат төрттө келем.
— Консультация саат нечеде башталат?
— Консультация саат алтыда башталат.
— Сенин жолдошуң Капар канча жашта?
— Менин жолдошум Капар он үч жашта.
— Силердин мектебиңерде канча окуучу окуйт?
— Биздин мектебибизде төрт жүз элүү беш окуучу окуйт.

ОРТО МЕКТЕП.

Райондун борборунда бир орто мектеп бар. Бул мектепте биринчи класстан онунчу класска чейин окуйт. Бардык окуучулардын саны беш жүз токсон алты киши. Эки онунчу класс бар.

Мектепте токсон жети комсомолец, үч жүз элүү пионер бар. Комсомолецтер пионерлердин иштерине ар дайым жардам берип турат.

Пионерлер комсомолецтерди көргөндө салют берет. Комсомолецтерди жакшы сыйлайбыз. Бардык окуучулар ынтымактуубуз. Бир бирибизге жардам берип турабыз. Тыным уактысында абдан ынтымактуу ойнойбуз.

Суроолор:

Силердин мектебиңер кайда? Мектепте кандай класстар бар? Окуучулардын саны канча? Мектеп боюнча канча пионер, комсомолец бар? Ынтымактуусуңарбы?

Тапшырма:

1. Суроолорго жооп жазгыла.

2. Переведите на киргизский язык и напишите полные ответы на следующие вопросы (числа пишите прописью).

Сколько классов в вашей школе? Сколько в школе учеников? Сколько учеников в вашем классе? Сколько в школе пионеров? Сколько пионеров в вашем классе? Сколько ежедневно у вас уроков? Сколько минут большая перемена? Сколько в январе дней? В сутках сколько часов? Сколько в минуте секунд?

§ 50. Склонение порядковых числительных—иреттик сан атоочтордун жөндөлүшү.

Порядковые числительные склоняются так же, как и существительные.

Атооч —	Бешинчи,	тогузунчу,	үчүнчү.
Илик —	Бешинчинин,	тогузунчунун,	үчүнчүнүн.
Барыш —	Бешинчиге,	тогузунчуга,	үчүнчүгө.
Табыш —	Бешинчини,	тогузунчуну,	үчүнчүнү.
Жатыш —	Бешинчиде,	тогузунчуда,	үчүнчүдө.
Чыгыш —	Бешинчиден,	тогузунчудан,	үчүнчүдөн.

Тапшырма:

Перепишите примеры и допишите падежные окончания и пропущенные слова следующих порядковых числительных:

А. Онунчу экинчи , төртүнчү.
И. Онунчу . . . . , ... , ... ,
Б. Онунчу . . . . , ... , ... ,
Т. Онунчу . . . . , ... , ... ,
Ж. Онунчу . . . . , ... , ... ,
Ч. Онунчу . . . . , ... , ... ,

А. Алтынчы, он бешинчи, тогузунчу.
И. . . . . , ... , ...
Б. . . . . , ... , ...
Т. . . . . , ... , ...
Ж. . . . . , ... , ...
Ч. . . . . , ... , ...

Сүйлөшүү:

— География неченчи сабактан кийин болот?
— География төртүнчү сабактан кийин болот.
— Жок, география үчүнчү сабактан кийин болот.
— Алтынчыда канча окуучу окуйт?
— Алтынчыда отуз беш окуучу окуйт.
— Сенин иниң неченчи класста окуйт?
— Менин иним үчүнчү класста окуйт.
— Үчүнчүнүн мугалими ким?
— Үчүнчүнүн мугалими Зура Иманалиевна.

Кыргызчага которгула.

В седьмом классе сколько учеников? В пятом классе сколько пионеров? В каком классе учится твоя младшая сестра? Завтра какие уроки в шестом классе?

Тапшырма:
Просклоняйте следующие порядковые числительные по падежам устно и письменно.

Он сегизинчи, жыйырма бешинчи, отуз алтынчы, жүз элүүнчү, эки жүз токсон биринчи, бир миң тогуз жүз кырк жетинчи.

§ 51. Күндөрдүн аттары—название дней.

Бир айда төрт жума болот. Ар жума жети күндөн. Күндөрдүн аттары: жекшемби, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби. Жекшемби—дем алыш күн. Жекшемби күнү жумушчулар, кызматчылар, колхозчулар иштешпейт. Жекшемби күнү окуучулар, студенттер окубайт.

Сөздөр: ишемби—суббота. Жума—неделя (пятница), жекшемби—воскресенье дүйшөмбү—понедельник, шейшемби—вторник, шаршемби—среда, бейшемби—четверг, иштебейт—не работает, окубайт—не учится, бүрсүгүнү—послезавтра.

Тапшырма:
Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Бир айда нече жума болот? Ар жума нече күндөн? Күндөрдүн аттары кайсы? Дем алыш кайсы күнү болот? Жекшемби күнү жумушчулар, кызматчылар, колхозчулар иштейби? Окуучулар, студенттер кайсы күнү окубайт?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

Сүйлөшүү:

— Бүгүн кайсы күн?
— Бүгүн шаршемби.
— Жок, бүгүн шаршемби эмес, бүгүн жума.
— Жекшемби качан болот?
— Жекшемби бүрсүгүнү болот.
— Жок, жекшемби бүрсүгүнү эмес, жекшемби эртең болот.
— Кечээ кайсы күн эле?
— Кечээ бейшемби эле.
— Жок, кечээ бейшемби эмес, кечээ шейшемби эле.
— Дүйшөмбү күнү кандай сабактар болот?

— Дүйшөмбү күнү орус тили, география, математика, кыргыз тили жана дене тарбия сабактары болот.
— Жекшемби күнү сен кииого барасыңбы?
— Жок, мен кииого жекшемби күнү эмес, ишемби күнү барам.
— Ишемби күнү кииого кайсы уакта барасың?
— Ишемби күнү кииого сабактан кийин барамын.
— Дүйшөмбү күнү биздин класс кайда барат?
— Дүйшөмбү күнү биздин класс экскурсияга барат.
— Жок, дүйшөмбү күнү биздин класс экскурсияга эмес, уюшкан түрдө клубга барат.
— Шаршемби неченчи числодо болот?
— Шаршемби тогузунчу числодо болот.
— Жок, шаршемби тогузунчу числодо эмес, шаршемби он биринчи числодо болот.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Кыргызчага которгула.


В году 12 месяцев. В каждом месяце 30 или 31 день. В месяце четыре недели. Названия дней: суббота, воскресенье, понедельник, вторник, среда, четверг, пятница. Воскресенье—выходной день. Рабочие, служащие и колхозники в воскресенье не работают. Студенты и учащиеся в воскресенье не учатся. В клубе мы ходим в субботу. В воскресенье отдыхаем.

Сүйлөшүү:

— Сегодня какой день?
— Сегодня четверг.
— Нет, сегодня не четверг, а пятница.
— Когда был четверг?
— Вчера был четверг.
— Завтра какой день?
— Завтра суббота?
— Нет, завтра не суббота, завтра вторник.
— Нет, вторник послезавтра.
— Какого числа будет понедельник?
— Понедельник будет тринадцатого числа.
— Нет, понедельник будет десятого числа.

§ 52. Жаңайы куштар—дикие птицы.

Сөздөр: каз—гусь, өрдөк—утка, кыргоол—фазан, кекилик—красная куропатка, бөдөнө—перепёлка, таранчы—воробей, булбул—соловей, чабалекей—ласточка, үкү—сова, бүркүт—орёл, сагызган—сорока, карга—ворона, кара чыйырчык—скворец, турна—журавль, ак куу—лебедь.



Тапшырма:

Назовите предметы рисунков по-киргизски.

Кыргызстанда жапайы куштар абдан көп. Жапайы куштардын кайсы бирлери жазда келет. Күзүндө жылуу жактарга кетет. Кайсы бир жапайы куштар ар дайым болот. Менин атам—мергенчи. Өткөн дем алышта атам кыргоол, өрдөк атууга барды. Мен кошо бардым. Машке итибиз бар. Биз алгач өрдөк издедик. Өрдөк сууда сүзүп жүрөт. Атам беш өрдөк атты.

Андан кийин токойго келдик. Токойдо кыргоол көп экен. Машке ит токойду аралады. Учкан кыргоолду атам атты. Эки саатта он кыргоол атты.

Саат беште биз үйгө кайттык.

Сөздөр: кайсы бирлери—некоторые, жылуу жак—тёплая страна, мергенчи—охотник, кошо—вместе, машке—охотничья собака, алгач—сначала, издедик—искали, токой—лес.

Тапшырма:


Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Кыргызстанда жапайы куштар көппү? Кайсы куштар күзүндө ысык жактарга кетет? Кайсы куштар ар дайым болот? Өткөн дем алышта атаң эмне кылды? Ким кошо барды? Кандай итиңер бар? Силер алгач эмне издединер? Өрдөк кайда болот? Атаң канча өрдөк атты? Токойго качан келдиңер? Токойдо эмне көп экен? Машке эмнени аралады? Учкан кыргоолду ким атты? Канча кыргоол атты? Үйгө качан кайттыңар?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.



§ 53. Жаз.

Кыштан кийин жаз келет. Жазында түн кыскарат, күн узарат. Күн жылуу болот. Кар эрийт, жер карайт, суулар көбөйөт. Талаага көк чөптөр жана түрдүү гүлдөр чыгат. Алма, өрүк жана башка жемиш бере турган жыгачтар гүлдөйт. Жазында талаада абдан көңүлдүү болот.

Колхоздун жерин трактор менен айдайт. Трактор менен жер тез жана жакшы айдалат. Трактор менен айдалган жерге эгин абдан жакшы чыгат.

Жазында колхоздо, совхоздо жумуш көп болот.

Сөздөр: эрийт—тает, жер карайт—земля чернеет, көбөйөт—прибавляется, гүлдөйт—цветёт, көңүлдүү болот—бывает весело, айдайт—пашет.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Кыштан кийин эмне келет? Качан түн кыскарат, күн узарат? Күн кандай болот? Кар качан эрийт? Жер качан караят? Эмне көбөйөт? Талаага эмнелер чыгат? Кандай жыгачтар гүлдөйт? Жазында кайда көңүлдүү болот? Колхоздун жерин эмне менен айдайт? Трактор менен жер кандай айдалат? Трактор менен айдаган жерге эгин кандай чыгат? Колхоздо, совхоздо качан жумуш көп болот?


Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Вот пришла весна. Весной день становится длиннее, ночь—короче. Весной тает снег. Растут зелёные травы. Цветут фруктовые деревья. Колхозы земли обрабатывают машинами. Пашут тракторами. Весной все берутся за работу. Колхозы и совхозы земли пашут тракторами быстро и хорошо.

Весной на улице тепло. Во время перерыва мы много бегаем и играем. Весной одеваем лёгкую одежду.



Күн узарат.
Кар эрийт.
Суулар толот.
Бул качан болот?

Сөздөр: узарат—удлиняется.

Тапшырма:

Ырды жаттагыла.


§ 54. Календарьдын бети—страница календаря.

1. Жыйырма экинчи январь—В. И. Лениндин дүйнөдөн кайткан күнү жана 1905-ж. 9-январы.
2. Биринчи Май—Бүткүл дүйнөдөгү эмгекчилердин майрам күнү.
3. Тогузунчу Май—Жеңиш Майрамы.
4. Үчүнчү сентябрь—Японияны жеңген үчүн Жеңиш Майрамы.
5. Жетинчи ноябрь—Улуу Социалисттик Октябрь революциясынын XXX жылдыгы.
6. Бешинчи декабрь—Сталиндик Конституциянын күнү.

1. 22 Января—День памяти В. И. Ленина и 9-января 1905 г.
2. 1 Мая—День всемирного праздника трудящихся.
3. 9 Мая—Праздник Победы.
4. 3 Сентября —Праздник Победы над Японией.
5. 7 Ноября—30 лет Великой Октябрьской социалистической революции.
6. 5 Декабря—День Сталинской Конституции.

Тапшырма:

1. Выучите знаменательные даты календаря.
2. Составьте рассказы по датам календаря, пользуясь хрестоматией.



§ 55. Мектеп.

Панфилов районунда Кызыл—Интернационал атындагы колхоз бар. Биз ошол колхоздо турабыз.

Кызыл—Интернационал атындагы колхоздо он жылдык мектеп бар. Бул мектеп 1932-жылы салынган. Мектепте биринчи класстан онунчу класска чейин окуйт. Бул мектепке Терек жана Биринчи—Май атындагы колхоздун балдары да келип окушат. Мектептин үйү эки кабат. Бул мектепти нечен жүздөгөн ки-

ши бүтүрүп кетти. Жыл сайын бир же эки онунчу класс бүтүрүп турат.

Мен бул мектепке биринчи класстан баштап кирдим. Быйыл үлтынчы класста окуйм. Алты жылдан бери ушул мектепте окуп келе жатам. Онунчу классты ушул мектептен бүтүрөм. Он жылдыкты бүтүргөндөн кийин, институтка кирем. Биздин мектеп область боюнча белгилүү мектеп. Партия менен өкмөт бир нече жолу сыйлаган.

Сөздөр: бүтүрүп кетти—окончили, быйыл—в этом году, алты жылдан бери—в течение шести лет, область боюнча—по области, белгилүү—известная, бир нече жолу—несколько раз, сыйланган—премирована, өкүмөт—правительство.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Кызыл—Интернационал атындагы колхоз кайсы райондо? Сиз кайсы колхоздо турасыз? Кызыл—Интернационал атындагы колхоздо кандай мектеп бар? Бул мектеп неченчи жылы салынган? Мектепте неченчи класстар окуйт? Бул мектепке кайсы колхоздордон балдар келип окушат? Мектептин үйү нече кабат? Мектепти канча киши бүтүрдү? Жыл сайын нече онунчу класс бүтүрүп турат? Сен бул мектепке неченчи класстан баштап кирдиң? Быйыл неченчи класста окуйсуң? Ушул мектепте нече жылдан бери окуп келе жатасың? Онунчу классты кайдан бүтүрөсүз? Он жылдыкты бүтүргөндөн кийин, кайдан окуйсуз? Сиздин мектеп область боюнча кандай мектеп? Мектепти нече жолу сыйлаган?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

Я живу в колхозе имени Панфилова. В нашем колхозе есть средняя школа. Эта средняя школа строилась в 1938 году. В эту школу ходят дети из колхоза имени Кирова и Ленина. Директор этой школы Аманбек Султаналиев и заведующий учебной частью Анна Ивановна. В этом году десятых классов два. В двух классах учатся шестьдесят человек. Школа занимается в две смены. Я учусь в шестом классе. Хожу в первую смену. В прошлом году учился в этой школе в пятом классе. По всем предметам получил оценку „отлично".

Летом вместе с другими отличниками ездил на курорт. На курорт мы ехали поездом. На курорте были 30 дней. Время провели очень хорошо и весело. В этом году тоже буду отличником.

§ 56. Отличник шкокер.

Бешинчи класста Коля деген отличник окуучу бар. Ал бардык сабактан „отлично" баа алды. Тартиби да „отлично". Жолдошторуна ар дайым жардам берет. Коля уактысын абдан жакшы пайдаланат.

Анын өзү түзгөн расписаниеси бар. Ал расписаниеде саат нечеде туруу керек, нечеде мектепке баруу керек, качан ойноо керек, качан ата-энесине жардам берүү керек, сабакты качан даярдоо керек—баары көрсөтүлгөн. Коляны мектептеги окуучулардын—баары жакшы көрөт.

Сөздөр: бардык сабактан—по всем предметам, жардам берет—помогает, пайдаланат—использует, өзү—сам, түзгөн—составил, көрсөтүлгөн—указано, дагы—тоже (ещё).

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

БАРДЫК САБАКТАН.

— Бардык сабактанбы?
— Ооба, бардык сабактан.
— Сыноо бардык сабактан болобу?
— Ооба, сыноо бардык сабактан болот.
— Сыноо бардык сабактан качан башталат?
— Сыноо бардык сабактан жакында башталат.

ЖАРДАМ БЕРЕТ.

— Коля кимге жардам берет?
— Коля окуучуларга жардам берет.
— Коля окуучуларга кандай жардам берет?
— Коля окуучуларга жакшы жардам берет.

Суроолор:

Неченчи класста Коля деген отличник окуучу бар? Ким бардык сабактан „отлично" баа алды? Тартиби кандай? Ар дайым кимдерге жардам берет? Коля уактысын кандай пайдаланат? Кимдин өзү түзгөн расписаниеси бар? Ал расписаниеде эмнелер көрсөтүлгөн? Мектептеги окуучулар кимди жакшы көрүшөт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

В нашем классе есть отличница Зоя. Она по всем предметам получает „отлично". Всегда помогает своим товарищам. Она сегодня по всем предметам получила „отлично". У нее зря не про

залпетк ни один час. Она сама составила расписание, там указано: когда вставать, когда итти в школу, когда помочь родителям, когда играть, когда готовить уроки.

§ 57. Собирательные и дробные числительные—жамдама жана болчектук сан атоочтор.

Собирательные числительные в киргизском языке употребляются в счете от одного до семи.

Собирательные числительные имеют следующие аффиксы: „оо“ или „өө“ и склоняются по особой форме.

Мисалы:

Экөө—двое, үчөө—трое, төртөө—четверо, бешөө—пятеро, алтоо—шестеро, жетөө—семеро.

Склонение собирательных числительных.

Им.	Экөө,	үчөө,	бешөө,	алтоо.
Р.	Экөөнүн,	үчөөнүн,	бешөөнүн,	алтоонун.
Д.	Экөөнө,	үчөөнө,	бешөөнө,	алтоого
В.	Экөөн,	үчөөн,	бешөөн,	алтоон.
М.	Экөөндө,	үчөөндө,	бешөөндө	алтоондо
Ис.	Экөөнөн,	үчөөнөн,	бешөөнөн,	алтоонон.

Сүйлөшүү:

— Кечээ сен Султан—экөөң кайда болдуңар?
— Кечээ мен Султан, Марат—үчөөбүз мектепте болдук.
— Мектепте үчөөң эмне кылдыңар?
— Үчөөбүз ураан жаздык.
— Төлөк, Жумаш, Жекшен, Митя жана Сыдык—бешөө эмне кылып жатышат?
— Алар сабакка даярданып жатышат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Перепишите ответные предложения и подчеркните собирательные числительные.

2. Дробные числительные—болчектүк сан атооч.

Мисалы:

а) $^1/_2$—экиден бир, $^3/_4$—төрттөн үч, $^2/_5$—бештен эки, $^3/_{10}$—ондон үч, $^4/_7$—жетиден төрт.

б) $3^1/_3$—үч бүтүн, үчтөн бир, $5^2/_9$—беш бүтүн, тогуздан эки $10^4/_{17}$—он бүтүн, он жетиден төрт.

в) 0,3—ноль бүтүн, ондон үч, 4, 6—төрт бүтүн, ондон алты, 20.15—жыйырма бүтүн, жүздөн он беш.

При названии дробного числительного сначала называется знаменатель, как числительное количественное в исходном падеже, а затем числитель в именительном падеже ($^3/_5$—бештен үч).

При склонении дробных числительных названия знаменателя в исходном падеже не изменяются, а название числителя ставится в измененной форме соответствующего падежа.

Мисалы:

Им. Бештен	эки,	он бүтүн,	жетиден үч.
Р. Бештен	экинин,	он бүтүн,	жетиден үчтүн.
Д. Бештен	экиге,	он бүтүн,	жетиден үчкө.
В. Бештен	экини,	он бүтүн,	жетиден үчтү.
М. Бештен	экиде,	он бүтүн.	жетиден үчтө.
Ис. Бештен	экиден,	он бүтүн,	жетиден үчтөн.

Сүйлөшүү:

— Төлөн менен Сергей-экөөнүн канча бакма коёну бар?
— Төлөн менен Сергей-экөөнүн алты бакма коёну бар.
— Кечээ Капар, Сергей, Марат, Миша—төртөө кайда барышты?
— Кечээ Капар, Сергей, Марат, Миша—төртөө көргөзмөгө барышты.
— Сен сабак даярдоого канча убактыңды пайдаланасың?
— Мен сабак даярдоого төрттөн бир убактымды пайдаланам.
— Жетөө төрткө бөлүнөбү?
— Жок, жетөө төрткө бөлүнбөйт.
— Алтоонун жартысы канча болот?
— Алтоонун жартысы үчөө болот.
— Он бүтүн төрттөн экиге бөлүнөбү?
— Ооба, экиге бөлүнөт.
— Нечеден тиет?
— Беш бүтүн төрттөн бирден тиет.

§ 58. Китеп киоскасы.

Керектүү китептерди китеп магазининен алдык. Мектепте китеп, дептер, кагаз, карандаш, калем уч, калем сап жана башкаларды сата турган киоск бар. Киоск ар дайым ачык турат. Киоскада Күлжан Мурахметовна иштейт.

Бүгүн мен киоскадан 5 дептер, 3 китеп, 2 калем уч, 1 сыя челек сатып алдым. Бардык сатып алгандарым үчүн 2 сом 85 тыйын төлөдүм. Кулжан Мурахметовна азыр бир араба толо жаңы товар алып келди. Мектептеги окуучулар китеп, дептер, боёк жана башкаларды киоскадан алышат.

Кечээ менин жолдошум киоскадан 1 сумка, 1 боёк, 6 дептер сатып алды. Сумкасы кайыш экен. Сумканын баасы 18 сом 65 тыйын. Киоскага окуучуларга керек болгон ар түрдүү товарлар келет. Келген товарлардын сапаты жакшы жана арзан.

Сөздөр: керектүү—нужные, сатып алгандар үчүн—за покупку, сом—рубль, тыйын—копейка, төлөдүм—уплатил, араба—бричка, толо—полный, кайыш—кожаный, баасы—цена, сапаты—качество, арзан—дёшево, керек—надо (нужно), азырынча—пока, окуу куралдары—учебные пособия.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

КЕРЕКТҮҮ.

— Бул китептер сизге керектүүбү?
— Ооба, бул китептер мага керектүү.
— Керек болгон китептерди сиз кайдан аласыз?
— Керек болгон китептерди китепканадан алабыз.
— . . . . . ?
— . . . . . .

САТЫП АЛДЫМ.

— Сиз киоскадан эмне сатып алдыңыз?
— Мен киоскадан китеп, дептер, боёк, сыя челек жана башкаларды сатып алдым.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Калган сөздөр менен да бир нече сүйлөм түзгүлө.

Суроолор:

Керектүү китептерди кайдан алдыңыздар? Мектепте кандай киоска бар? Киоск качан ачык болот? Киоскада ким иштейт? Бүгүн сиз киоскадан эмне сатып алдыңыз? Бардык сатып алгандарыңыз үчүн канча акча төлөдүңүз? Кулжан Мурахметовна канча жаңы товар алып келди? Мектептеги окуучулар китеп, дептер, карандаш, боёк жана башкаларды кайдан сатып алышат? Кечээ сиздин жолдошуңуз киоскадан эмне сатып алды? Сумкасынын баасы канча? Киоскага кандай товарлар келет? Келген товарлардын сапаты кандай?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

В нашей школе имеется киоск. В этом киоске продаются разные книги, тетради, бумага, карандаши, краски. Вчера я купил в киоске 2 книги, 3 тетради, 2 карандаша. В киоске работает Елизавета Гавриловна. Киоск все время открыт. Вчера Елизавета Гавриловна привезла новые товары. Сейчас мой товарищ в киоске купил 5 книг, 10 тетрадей, 3 карандаша. За все это уплатил 1 рубль 75 копеек.

Ученики нашей школы все учебные пособия покупают в киоске.

В школе киоск работает очень хорошо.

§ 59. Склонение личных местоимений—ат атоочтордун жөндөлүшү.

Личные местоимения в 1-м, во 2-м и 3-м лице единственного числа в киргизском языке склоняются по особой форме, а остальные слова личных местоимений склоняются по общей форме падежных изменений имён.

Таблица склонения личных местоимений.

Ат.	Мен,	сен,	ал,	силер.
Ил.	Менин,	сенин,	анын,	силер*дин*.
Бар.	Мага,	сага,	ага,	силер*ге*.
Таб.	Мени,	сени	аны.	силер*ди*.
Жат.	Менде,	сенде,	анда,	силер*де*.
Чыг.	Менден,	сенден,	андан,	силер*ден*.
Ат.	Алар.	биз,	сиз,	сиздер.
Ил.	Алар*дын*,	биз*дин*,	сиз*дин*	сиздер*дин*.
Бар.	Алар*га*,	биз*ге*,	сиз*ге*,	сиздер*ге*.
Таб.	Алар*ды*,	биз*ди*,	сиз*ди*,	сиздер*ди*.
Жат.	Алар*да*,	биз*де*,	сиз*де*,	сиздер*де*.
Чыг.	Алар*дан*,	биз*ден*,	сиз*ден*,	сиздер*ден*.

Сүйлөшүү:

— Сенден газетаңы ким алды?
— Менден газетаны Муса алды.
— Мугалим сизди көрдүбү?
— Ооба, мугалим мени көрдү.
— Сиздин бакма коёнуңуз барбы?
— Биздин бамка коёнубуз бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Бүгүн мен киоскадан 5 дептер, 3 китеп, 2 калем уч, 1 сыя челек сатып алдым. Бардык сатып алгандарым үчүн 2 сом 85 тыйын төлөдүм. Кулжан Мурахметовна азыр бир араба толо жаңы товар алып келди. Мектептеги окуучулар китеп, дептер, боёк жана башкаларды киоскадан алышат.

Кечээ менин жолдошум киоскадан 1 сумка, 1 боёк, 6 дептер сатып алды. Сумкасы кайыш экен. Сумканын баасы 18 сом 65 тыйын. Киоскага окуучуларга керек болгон ар түрдүү товарлар келет. Келген товарлардын сапаты жакшы жана арзан.

Сөздөр: керектүү—нужные, сатып алгандар үчүн—за покупку, сом—рубль, тыйын—копейка, төлөдүм—уплатил, араба—бричка, толо—полный, кайыш—кожаный, баасы—цена, сапаты—качество, арзан—дёшево, керек—надо (нужно), азырынча—пока, окуу куралдары—учебные пособия.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

КЕРЕКТҮҮ.

— Бул китептер сизге керектүүбү?
— Ооба, бул китептер мага керектүү.
— Керек болгон китептерди сиз кайдан аласыз?
— Керек болгон китептерди китепканадан алабыз.
— . . . . . ?
— . . . . . .

САТЫП АЛДЫМ.

— Сиз киоскадан эмне сатып алдыңыз?
— Мен киоскадан китеп, дептер, боёк, сыя челек жана башкаларды сатып алдым.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:

Калган сөздөр менен да бир нече сүйлөм түзгүлө.

Суроолор:

Керектүү китептерди кайдан алдыңыздар? Мектепте кандай киоска бар? Киоск качан ачык болот? Киоскада ким иштейт? Бүгүн сиз киоскадан эмне сатып алдыңыз? Бардык сатып алгандарыңыз үчүн канча акча төлөдүңүз? Кулжан Мурахметовна канча жаңы товар алып келди? Мектептеги окуучулар китеп, дептер, карандаш, боёк жана башкаларды кайдан сатып алышат? Кечээ сиздин жолдошуңуз киоскадан эмне сатып алды? Сумкасы эмнеден экен? Сумкасынын баасы канча? Киоскага кандай товарлар келет? Келген товарлардын сапаты кандай?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

В нашей школе имеется киоск. В этом киоске продаются разные книги, тетради, бумага, карандаши, краски. Вчера я купил в киоске 2 книги, 3 тетради, 2 карандаша. В киоске работает Елизавета Гавриловна. Киоск все время открыт. Вчера Елизавета Гавриловна привезла новые товары. Сейчас мой товарищ в киоске купил 5 книг, 10 тетрадей, 3 карандаша. За все это уплатил 1 рубль 75 копеек.

Ученики нашей школы все учебные пособия покупают в киоске.

В школе киоск работает очень хорошо.

§ 59. Склонение личных местоимений—ат атоочтордун жондолушу.

Личные местоимения в 1-м, во 2-м и 3-м лице единственного числа в киргизском языке склоняются по особой форме, а остальные слова личных местоимений склоняются по общей форме падежных изменений имён.

Таблица склонения личных местоимений.


Ат.	Мен,	сен,	ал,	силер.
Ил.	Менин,	сенин,	анын,	силер*дин*.
Бар.	Мага,	сага,	ага,	силер*ге*.
Таб.	Мени,	сени	аны,	силер*ди*.
Жат.	Менде,	сенде,	анда,	силер*де*.
Чыг.	Менден,	сенден,	андан,	силер*ден*.
Ат.	Алар.	биз,	сиз,	сиздер.
Ил.	Алар*дын*,	биз*дин*,	сиз*дин*	сиздер*дин*.
Бар.	Алар*га*,	биз*ге*,	сиз*ге*,	сиздер*ге*.
Таб.	Алар*ды*,	биз*ди*,	сиз*ди*,	сиздер*ди*.
Жат.	Алар*да*,	биз*де*,	сиз*де*,	сиздер*де*.
Чыг.	Алар*дан*,	биз*ден*,	сиз*ден*,	сиздер*ден*.

Сүйлөшүү:

— Сенден газетаңы ким алды?
— Менден газетаны Муса алды.
— Мугалим сизди көрдүбү?
— Ооба, мугалим мени көрдү.
— Сиздин бакма коёнуңуз барбы?
— Биздин бамка коёнубуз бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

§ 60. Жапайы айбандар — дикие животные.

Сөздөр: аюу—медведь, пил—слон, карышкыр—волк, түлкү—лиса, арстан—лев, жолборс—тигр, бугу—олень, илбирс—барс, кайсы бир—некоторые, үйрөтөт—учит, зыяндуу—вредный, атат— стреляет.



Тапшырма:

Назовите по-киргизски диких животных по рисункам, данным выше.

ЖАПАЙЫ АЙБАНДАР.

Жапайы айбандар тоодо, токойдо көп болот. Кайсы бир жапайы айбандарды адам кармап алат. Ал айбандарды үйрөтөт. Алар адамга кызмат кылат. Пил, бугу сыяктуу жапайы айбандарды үйрөтөт. Пил, бугу оор жумуштарды аткарат.

Кайсы бир жапайы айбандарды колго үйрөтүүгө болбойт. Кайсы бир жапайы айбандар зыяндуу болот. Зыян келтире турган айбандарды мергенчилер атат.


Жакында мергенчилер тоого барышты. Аюунун эки баласын кармап келишти. Аюунун баласы кичине экен.


Суроолор:

Жапайы айбаидар кайда болот? Жапайы айбандарды адам эмне кылат? Кайсы жапайы айбандар адамга кызмат кылат? Кайсы жапайы айбандарды үйрөтүүгө болбойт? Адамга зыян келтире турган жапайы айбандар кайсылар? Адамга зыян келтире турган жапайы айбандарды мергенчилер эмне кылат? Мергенчилер аюунун нече баласын кармады?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.





§ 61. Жай.

Жаздан кийин жай келет. Жайында күн өтө узун, түн өтө кыска болот. Күндүз күн абдан ысык болот.

Жайында колхозчулар, совхоздогу жумушчулар эгин сугарат, чөп чабышат жана башка түрдүү жумуштарды кылышат. Окуучулар окубайт. Пионерлер пионер лагерине барат. Окуучулар ата-энелерине жардам беришет. Жайында биз сууга түшөбүз.

Сөздөр: өтө, абдан—очень. Күндүз—днём, сугарат—поливает, чөп чабышат—сено косят, сууга түшөбүз—купаемся.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:


Жаздан кийин эмне келет? Жайында күн кандай, түн кандай болот? Жайында колхозчулар, совхоздогу жумушчулар эмне кылышат? Кимдер окубайт? Пионерлер кайда барат? Окуучулар кимге жардам беришет? Жайында ким сууга түшөт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула

После весны наступает лето. Летом день длинный, ночь короткая. Летом бывают дни очень жаркие. В колхозе и совхозе летом работы очень много. Ученики летом не учатся. Пионеры в летнее время находятся в пионерском лагере. Ученики летом помогают своим родителям. Колхозы и совхозы летом машинами косят сено.




Күн кызат.
Чөп сызат?
Гүлдөр толот.
Бул качан болот?

Сөздөр: күн кызат—дни становятся жаркими, чөп сызат—травы волнуются (колышутся).

Тапшырма:

1. Сөздөрдү жаттагыла.
2. Ырды жаттагыла.



§ 62. Комбайн.

Колхоз буудайды абдан көп айдады. Колхозчулар уактылуу сугарды. Буудай жакшы чыкты. Буудай бышты.

МТС те комбайн көп. МТС колхозго комбайн жиберди. Комбайн буудайды орот, бастырат, сапырат жана капка салат. Комбайнды комбайынчы айдайт. Комбайн эмгекти женилдетет.

Кенжегул комбайнчы болуп иштейт. Ал комбайндын бөлүктөрүн жакшы билет. Бузулган бөлүктөрү болсо, өзү түзөтөт. Кенжегул өткен жылы комбайнчылардын курсун бүтүргөн. Ал нормасын ар дайым ашыгы менен толтурат.

Сөздөр: орот—жнёт, бастырат—молотит, сапырат—веет, кап—мешок, женилдетет—облегчает, бөлүктөр—часть, түзөтөт—исправляет, өткен жылы—в прошлом году, бүтүргөн—окончил, ашыгы менен толтурат—перевыполняет.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

БУУДАЙ.

— Бу буудайбы?
— Ооба, бу буудай.

— Буудай кайда көп?
— Буудай колхоздо, совхоздо көп.
— Буудайды эмне менен айдайт?
— Буудайды трактор менен айдайт.
— Буудайды эмне менен бастырат?
— Буудайды комбайн же молотилка менен бастырат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

КАП.

— Бул каппы?
— Ооба бул кап.
— Бу кандай кап?
— Бу чоң кап.
— үйдө канча кап бар?
— Үйдө үч кап бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ӨТКӨН ЖЫЛЫ.

— Өткөн жылы сен кайда окудуң?
— Өткөн жылы мен Украинада окудум.
— Өткөн жылы сиз неченчи класста окудунуз?
— Өткөн жылы мен төртүнчү класста окудум.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Колхоз буудайды канча айдады? Кимдер уактылуу сугарды? Кайда комбайн көп? Буудай кандай чыкты? МТС колхозго эмне жиберди? Эмне бышты? Комбайн буудайды эмне кылат? Комбайн эмнени женилдетет? Комбайнды ким айдайт? Кенжегул ким болуп иштейт? Ал комбайндын эмнелерин жакшы билет? Бузулган бөлүктөрү болсо, өзү түзөтө алабы? Кенжегул өткөн жылы кайсы курсту бүтүргөн? Ал ар дайым нормасын кандай толтурат?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгула.

В этом году колхоз много посеял хлеба. Колхозники хорошо ухаживали за посевами Во—время поливали. Агроном все время был с колхозниками. Агроном рассказывал колхозникам, как надо ухаживать за посевом. Хлеба выросли хорошие. МТС послал в колхоз комбайн. Комбайнером был Петров. Петров в прошлом году окончил курсы. Комбайнер Петров очень хорошо знает свое дело. Он свою норму все время перевыполняет. Колхозники очень уважают комбайнера Петрова. Комбайн облегчает труд. Комбайном без потери и быстро убирают хлеба.



§ 1. Биринчи сентябрь күнү.

Бүгүн биринчи сентябрь. Күн салкын. Ава абдан таза. Көчөлөр таза шыпырылган. Биз эрте турдук. Таза жуундук. Жаңы кийимдерди кийдик. Мектепке жөнөдүк. Ар кайсы көчөдөн топ-топ болгон, окуучулар мектепке келе жатышат. Ар бир окуучунун колунда китеп, дептер жана башкалар бар.

Бардык окуучулар мектептин короосуна жыйналдык. Мугалимдер класстарды көрсөтүштү. Саат сегизде коңгуроо кагылды. Биз өз классыбызга кирдик.

Класста окуу үчүн керек болгон буюмдардын бардыгы даяр экен. Ар бир партага эки окуучудан отурдук.

Биринчи сентябрь күнү бизге беш сабак болду. Сабактан кийин класс жетекчибиз жыйналыш өткөрдү. Жыйналыш жарым саатка созулду.

Күндөлүк боло турган сабактардын расписаниесин көчүрүп жазып алдык. Кечинде мугалимдердин үйгө берген сабактарын даярдадык.

Сөздөр: салкын— прохладно, ава—воздух, топ-топ—группами, коңгуроо—звонок, класс жетекчиси—классный руководитель, созулду—продолжалось.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Бүгүн неченчи число? Күн кандай? Эмне абдан таза? Көчөлөр кандай шыпырылган? Сиздер качан турдуңуздар? Кимдер таза жуунду? Кандай кийимдерди кийдиңиздер? Кайда жөнөдүңүздөр? Ар кайсы көчөдөн топ-топ болгон окуучулар кайда келе жатат?

Ар бир окуучунун колдорунда эмне бар? Бардык окуучулар кайда жыйналышты? Классты кимдер көрсөттү? Саат нечеде коңгуроо кагылды? Сиздер кайсы класска кирдиңиздер? Класста окуу үчүн эмнелер даяр экен? Ар бир партага нече окуучудан отурушту? Биринчи сентябрь күнү сиздерде нече сабак болду? Сабактан кийин ким жыйналыш өткөрдү? Жыйналыш канчага созулду? Боло турган сабактардын расписаниесин көчүрүп жазып алдыңыздарбы? Кечинде кайсы сабактарды даярдадыңыздар?

Тапшырма:

Найдите в статье **„Биринчи сентябрь күнү“** *глаголы прошедшего времени и выпишите их с соответствующими местоимениями.*

Кыргызчага которуңуздар.

Сегодня—первый сентябрь. Мы встали рано утром. Чисто умылись и одели чистую новую одежду. По всем улицам идут ученики в школу. Все ученики собрались во дворе школы. Учителя нас очень хорошо встретили. В 8 часов был звонок на урок. Все ученики зашли в класс. В классе все было приготовлено для занятий.



§ 2. Волейбол.

Мектептин короосунда спорт площадка бар. Площадкада волейболдун тору керилген. Сабак бүттү. Жетинчи класстын окуучулары, алтынчы класстын окуучулары менен волейбол ойнодук. Ар бир класстан 7 адамдан чыкты. Пионер вожатый судья болду.

Бир нече жолу ойнодук. Эң акырында жетинчи класс жеңди. Судья жетинчи класстын окуучуларын мактады.

Сөздөр: тор—сетка, керилген—растянута, бир нече жолу—несколько раз, эң акырында—наконец, жеңди—победил, мактады—похвалил, дагы—ещё.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Мектептин короосунда эмне бар? Волейболдун тору кайда керилген? Эмне бүттү? Жетинчи класстын окуучулары кимдер ме-

нен волейбол ойноду? Ар бир класстан нече адамдан чыкты? Ким судья болду? Канча жолу ойнодунар? Эн акырында кайсы класстын окуучулары женди? Жетинчи класстын окуучулары ким мактады?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которунуздар.

Мы сегодня играли в волейбол. Судьей был Сергей. Мы вышли из игры победителями. Судья нас хвалил. После игры все ученики разошлись по домам. Через 3 дня ещё будем играть. Судьей будет Иван Сергеевич.

§ 3. Притяжательные местоимения.

Мисалы:

Менин—мой (моя, моё, мои).
Сенин—твой.
Мунун—его.
Силердин—ваш.
Алардын—их.
Биздин—наш.
Сиздин—ваш.
Биздердин—наши.
Сиздердин—ваши.

В русском языке существительное не изменяется по лицам, а употребляется в сочетании с соответствующим местоимением. В киргизском языке прибавление местоимения к существительному для выражения принадлежности не обязательно, а прибавляются аффиксы притяжательных местоимений.

Аффиксы притяжательных местоимений с именами существительными—таандык мүчөлөр.

Существительные имеют следующие основные аффиксы притяжательных местоимений: м, ң, сы, цар, сы, быз, цыз, быз, цыздар.

Мисалы:

Менин ат*ам*, сенин ат*аң*, мунун ата*сы*, силердин ата*ңар*, алардын ата*сы*, биздин ата*быз*, сиздин ата*ңыз*, биздердин ата*быз*, сиздердин ата*ңыздар*.

Изменение гласных в аффиксах.

Гласная аффикса притяжательных местоимений меняется в зависимости от гласной в последнем слоге основы.

Порядок изменения гласных в аффиксах смотрите по нижеследующей таблице.

Примечание—эскертүү: Если основа существительного оканчивается на „к“, „п“, то при прибавлении аффикса притяжательности согласные „к“, „п“ переходят в „г“, „б“ (китеп—китебим—моя книга, тарак—тарагым—мой гребень).

Таблица притяжательных аффиксов существительных.
Если основа слова оканчивается на гласную букву, то имена имеют следующие аффиксы:

В последнем слоге слова гласная	Менин Мой	Сенин Твой	Мунун Его	Силердин Ваш	Алардын Их	Биздин Наш	Сиздин Ваш	Биздердин Наши	Сиздердин Ваши
а, ы, я	м	ң	сы	цар	сы	быз	цыз	быз	цыздар
е, и, э	м	ң	си	цер	си	биз	циз	биз	циздер
о, ё, у, ю	м	ң	су	цар	су	буз	нуз	буз	цуздар
ө, ү	м	ң	сү	цөр	сү	бүз	нүз	бүз	нүздөр

Если основа слова оканчивается на согласную букву, то имена имеют следующие аффиксы:

а ы, я,	ым	ың	ы	ынар	ы	ыбыз	ыңыз	ыбыз	ыңыздар
е, и, э	им	иң	и	инер	и	ибиз	иңиз	ибиз	иңиздер
о, ё, у, ю	ум	уң	у	унар	у	убуз	уңуз	убуз	уңуздар
ө, ү,	үм	үң	ү	үнөр	ү	үбүз	үңүз	үбүз	үңүздөр

Көнүгүү:

Сөздөр: ата—отец, эже—старшая сестра, карындаш—младшая сестра, ини—младший брат.

Перепишите следующие примеры, прибавляя соответствующие аффиксы притяжательных местоимений.

Үлгү:

Менин	атам,	эжем,	карындашым,	иним.
Сенин	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .
Мунун	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .
Силердин	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .
Алардын	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .
Биздин	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .
Сиздин	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .
Сиздердин	ата . . .,	эже . . .,	карындаш . . .,	ини . . .

Сүйлөшүү:

— Сенин атаң кайда иштейт?
— Менин атам заводдо (фабрикада, колхоздо, совхоздо) иштейт.
— Мунун агасы кайда окуйт?
— Мунун агасы Москвада (Фрунзеде) окуйт.
— Алардын иниси барбы?
— Алардын иниси бар, ал балдар бакчасында.
— Силердин апаңар кайда иштеп жатат?
— Биздин апабыз колхоздо (совхоздо, фабрикада, заводдо) иштеп жатат.
— Сиздин кагазыңыз барбы?
— Ооба, кагазыбыз бар.
— Сиздердин үйүңүздөр кайсы көчөдө?
— Биздин үйүбүз Киров көчөсүндө.

Көнүгүү:

Перепишите следующие примеры столбцами в 1-м лице, во 2-м лице и т. д., прибавляя соответствующие аффиксы притяжательных местоимений и пропущенные слова.

Дептер, сумка, сызгыч, сыя челек, калем уч, калем салгыч, кагаз, резинка.

Менин дептерим.
менин сумка . . . . . ,
мен . . сызгыч . . . . ,
. . . сыя челек . . . . ,
. . . . . келем уч . . .
. . . калем салгыч . .
. . . кагаз . . . . . .
. . . резинка . . . . .

Мунун дептери . . . . ,
Мунун . . . . . ,
. . . . . ,

Алардын дептери,
Алардын . . . . . .
. . . . . .

Сенин дептериң.
Сенин сумка . . . . . .
Сенин сызгыч . . . . .
. . . . . сыя челек.
. . . . калем уч . . . .
. . . калем салгыч . . .
. . . кагаз . . . . . .
. . . резинка . . . . .

Силердин дептериңер.
Силердин . . . . . .
. . . . . .

Биздин дептерибиз.
Биздин . . . . . .
. . . . . .

Сиздин дептериңиз.
Сиздин . . . . . ,
. . . . . ,

Сиздердин дептериңиздер.
Сиздердин . . . . . .
. . . . . .

Биздердин дептерибиз.
Биздердин . . . . . .
. . . . . .

Придумайте предложения со словами, имеющими аффиксы притяжательных местоимений.

Үлгү:

Менин эжем совхоздо иштейт.
Сенин атаң фабрикада иштейт. и т.д.



§ 4. Үй-Бүлө.

Биздин үй-бүлөбүздө жети киши бар. Алар: атам, апам, агам, эжем, карындашым, иним жана мен.

Менин атам заводдо иштейт. Апам мектепте иштейт. Агам, Кызыл Армияда. Ал—учкуч. Агам жакында үйгө отпускага келип кетти. Эжем совхоздо аграном болуп иштейт. Карындашым бешинчи класста окуйт. Иним балдар бакчасында.

Мен мектепте окуйм. Мен биринчи чейректе бардык сабактан „отлично“—деген баа алдым. „Экинчи чейректе да „отлично“ деген баа аламын“—деп, мугалимге убада бердим. Ар дайым жолдошторума жардам берем. Мектептеги коом иштерине катышам.

Сөздөр: үй-бүлө—семья, учкуч—лётчик, бардык сабактан—по всем предметам, баа—оценка, коом иштери—общественная работа.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Сиздердин үй бүлөңүздөрдө нече жан бар? Алар ким? Атаң кайда иштейт? Апаңыз кайда иштейт? Агаң кайда, ал—ким? Агаң жакында отпускага келип кеттиби? Эжеңиз совхоздо ким болуп иштейт? Карындашың нечинчи класста окуйт? Ининиз кайда? Сиз кайда окуйсуз? Сиз биринчи чейректе бардык сабактардан кандай баа алдыңыз? Мугалимдерге эмне убада бердиңиз? Жолдошторуңузга жардам берип турасызбы? Мектептеги коом иштерине катышып турасызбы?

Тапшырма:

1. Суроолорго жооп жазгыла.

2. Подчеркните в ответах слова с притяжательными аффиксами и напишите к ним соответствующие местоимения.

Кыргызчага которуңуздар.

В нашей семье шесть человек. Они следующие: отец, мать, старший брат, старшая сестра, младший брат и я. Отец мой работает в колхозе. Мать работает в детяслях. Старший брат и старшая сестра учатся в институте. Я учусь в средней школе. Наш колхоз считается передовым колхозом в районе. Наш колхоз ежегодно перевыполняет свой план. Отец мой работает бригадиром. Председатель колхоза Иван Сергеевич Соловьев. Дисциплина в колхозе очень хорошая.

Все колхозники и колхозницы живут культурно и зажиточно. Во всех домах имеется радио и электричество.

§ 5. Вопросительная частица „*бы*“ (бы, бу, бү) в сочетании с аффиксами притяжательных местоимений в существительных.

Если в последнем слоге

основы гласная:	а, ы, я,	то употребляется частица	*бы*
„ „	е, и, э	„ „	*би*
„ „	о, ё, у, ю	„ „	*бу*
„ „	ө, ү	„ „	*бү*

Мисалы:

Менин сумкам*бы*, сенин сумкаң*бы*, мунун сумкасы*бы*, силердин сумканар*бы*, алардын сумкасы*бы*, биздин сумкабыз*бы*, сиздин сумкаңыз*бы*, биздердин сумкабыз*бы*, сиздердин сумкаңыздар*бы*?

Тапшырма:

Төмөнкү сөздөргө „бы“ жалгагыла—в нижеследующих словах допишите частицу „бы“ (с соответствующей гласной).

Менин калемим . . ., сенин калемиң . . ., мунун калеми . . ., силердин калемиңер . . ., алардын калеми . . ., биздин калемибиз . . ., сиздин калемиңиз . . ., биздердин калемибиз . . ., сиздердин калемиңиздер . . .


Тапшырма:

Төмөнкү сөздөргө таандык мүчөлөр жана суроо уланды „бы“ жалгагыла.

Кол, көз, чач, калем уч, карандаш ж. б.

Үлгү:

Менин колумбу, көзүмбү и т. д.
Сенин колуңбу, көзүңбү и т. д.



§ 6. Жатакана.

Биз Киров көчөсүндөгү № 69 жатаканада турабыз. Ал жатакана үч кабат. Биздин квартирабыз экинчи кабатта. Биздин квартирабызда бир нече бөлмө бар. Бул жатаканада заводдун жумушчулары жана башка кызматкерлер турат. Жатаканада от бир жерден жагылат. Бардык квартиралар пар менен жылынат.

Биздин катарыбызда жолдош Султан Муратов турат. Жолдош Муратовдун үй бүлөсүндө төрт киши бар. Жолдош Муратов басмаканада иштейт. Аялы магазинде иштейт. Муратовдун баласы мени менен бир класста окуйт. Кызы балдар бакчасында.

Жатакананын биринчи кабатында магазин жана аптека бар.

Сөздөр: жатакана—общежитие, от—огонь, жагылат—топится, пар менен—паром, анын үй бүлөсүндө—в его семье, бас-

макана—типография, мени менен—со мной, кызматкер—работник.

Тапшырма:
Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Киров көчөсүндөгү № 69 жатаканда ким турат? Ал жатаканада нече кабат? Сиздердин квартираңыздар неченчи кабатта? Сиздин квартираңызда канча бөлмө бар? Бул жатаканада кайсы жумушчулар жана кызматкерлер турушат? Жатаканада от кайдан жагылат? Квартиралар эмне менен жылынат? Жолдош Султан Муратов кимдин катарында турат? Жолдош Султан Муратовдун үй бүлөсүндө канча киши бар? Муратов өзү кайда иштейт? Муратовдун аялы кайда иштейт? Муратовдун баласы ким менен бирге окуйт? Кызы кайда? Магазин жана ашкана жатаканын неченчи кабатында?

Тапшырма:
1. *Суроолорго жооп жазгыла.*
2. *Таандык мүчөлөрдүн астын сызгыла.*

Кыргызчага которуңуздар.

Мы живём в общежитии на Сталинской улице, в доме № 75. В общежитии живут рабочие хлебозавода. Рядом с нами живёт товарищ Чернов. В семье тов. Чернова пять душ: мать, отец и трое детей. В нашей квартире четыре комнаты. В квартире товарища Чернова три комнаты. При общежитии имеется столовая. Она на втором этаже. Все рабочие кушают в столовой. Столовая открыта с восьми часов утра до девяти часов вечера.



§ 7. Ашкана.

Жатаканада туруучулар тамакты ар дайым ашканадан ичишет. Ашканада эртең мененки, түшкү жана кечки тамактар сатылат. Ашкананын тамактары арзан жана даамдуу. Биз талонду ашканадан ай сайын сатып алып турабыз. Сырттан келүүчүлөр талонду кассадан алышат. Касса ар дайым ачык.

Ашканада эртең менен какао, кофе, чай, пирожки, ботко, котлет жана башкалар болот.

Түшкү тамакка биринчиге—сорпо же борщ, экинчиге—палоо же куурдак, үчүнчүгө компот же кисель болот. Кечки тамакка күрүч ботко, котлет, балык, какао, кофе, сүт жана башкалар болот.

Дем алыш күнү ашканадан тамак ичпейбиз. Дем алыш күнү апам тамакты үйдө даярдайт.

Сөздөр: ар дайым—всегда, ай сайын—ежемесячно, сырттан келүүчүлөр—приходящие, кууруган—жареный, даамдуу—вкусный (съедобный).

Тапшырма:
Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Жатаканада туруучулар тамакты кайдан ичишет? Ашканада кайсы тамактар сатылат? Ашкананын тамактарынын сапаты кандай? Ким ашканадан талонду айлык кылып сатып алат? Сырттан келүүчүлөр талонду кайдан алышат? Касса кайсы убактарда ачык болот? Ашканада эртең менен эмнелер болот? Түштө эмнелер берилет? Ашканада кечинде эмнелер болот? Сиздер дем алыш күнү да тамакты ашканадан ичесиздерби? Апаң кайсы күнү тамакты үйдө даярдайт?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

Рядом с нами живёт Николай Петрович Ломакин. Жена Ломакина работает в амбулатории. Его старший сын работает на заводе. Сын Ломакина Сергей Николаевич—стахановец. Дирекция завода недавно премировала за хорошую работу Сергея Николаевича Ломакина. Моя старшая сестра учится в педагогическом институте. Она недавно приехала в отпуск. Моя младшая сестра учится в начальной школе, в первом классе. Сестра моя учится хорошо. Мама сегодня ходила на родительское собрание. Мама хвалила меня и мою сестру за хорошие оценки.

§ 8. Отрицание „*эмес*“ (не) в сочетании с аффиксами притяжательных местоимений.

Отрицание **„эмес“** употребляется после имён с притяжательными аффиксами и пишется раздельно.

Мисалы:

— Бу сенин дептериңби?
— Жок, бу менин дептерим эмес.
— Мына бу силердин сызгычынарбы?
— Бу биздин сызгычыбыз эмес.
— Алардын сыя челегиби?
— Жок, алардын сыя челеги эмес.
— Илинип турган сиздин пальтоңузбу?
— Илинип турган биздин пальтобуз эмес, сиздин пальтоңуз.

Тапшырма:

Составьте предложения, прибавляя к существительным соответствующие аффиксы притяжательных местоимений и отрицание **„эмес“**: пальто, галоши, шапка, ботинки, кур (пояс), тон, калем уч, калем салгыч.

Үлгү:

Менин пальтом эмес	Сенин пальтоң эмес . . . . .
Менин	Сенин . . . . .
. . . . .	. . . . .
Мунун пальтосу эмес	Силердин пальтоңор эмес . .
Мунун	Силердин . . . . .
. . . . .	. . . . .
. . . . .	. . . . .
Алардын пальтосу эмес . . .	Биздин пальтобуз эмес . . .
Алардын	Биздин . . . . .
. . . . .	. . . . .
Сиздин пальтоңуз эмес . . .	Сиздердин пальтоңуздар эмес.
Сиздин	Сиздердин . . . . .
. . . . .	. . . . .

Тапшырма:

Придумайте предложения с именами во всех лицах с аффиксами притяжательных местоимений и отрицанием **„эмес“**.

Үлгү:

Колхоздо менин апам эмес, атам иштеп жатат.
Сенин карындашың эмес, эжең келди и т. д.
. . . . . .

Сүйлөшүү.

— Сенин пальтоң карабы?
— Жок, менин пальтом кара эмес, көк.
— Сенин сыяң көкпү?
— Жок, менин сыям көк эмес, менин сыям кара.
— Сиздин квартираңыз алыспы?
— Биздин квартирабыз алыс эмес, жакын.

— Сиздердин жолдошуңуздарбы?
— Жок, биздин жолдошторубуз эмес.
— . . . . . .
— . . . . . .

§ 9. Чогулуш.

Кечээ биздин класста чогулуш болду. Чогулушта редколлегиянын мүчөлөрүн кайра шайладык. Мындан ары биздин класстын стенгазетасы айына эки жолу чыгарыла турган болду. Редколлегияга мени да көрсөтүштү. Жыйналыштан кийин редколлегиянын мүчөлөрү кеңешме өткөрдүк.

Өз арабыздагы милдеттерибизди бөлүштүрдүк. Сулайманов сүрөтчүлүккө көрсөтүлдү. Стенгазетага ылайыктуу макала жыйнай баштадык. Класстагы окуучулар макала беришти.

Макаланын көпчүлүгү мындай жазылган: окуунун сапатын жогорулатуу, тартипти жакшы сактоо, социалисттик коом мүлкүн сактоо жана башкалар.

Сөздөр: мүчөлөр—члены, кайра шайладык—перезбирали, мындан ары—в дальнейшем, мени да—и меня, кеңешме—совещание, өз ара—между собой, милдет—обязанности, бөлүштүк—распределили, сүрөтчү—художник, ылайыктуу макала—соответствующая статья, көпчүлүгү—большинство, сапаты—качество, жогорулатуу—повышать, коом мүлкү—общественная собственность, бүт—весь, созулду—продолжалось, жыйналыш—собрание.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

КЕҢЕШМЕ.

— Бүгүн клубда кеңешме болдубу?
— Ооба, бүгүн клубда кеңешме болду.
— Кеңешмеге кимдер келди?
— Кеңешмеге колхоздун мүчөлөрү бүт келди.
— Кеңешме канча убакытка созулду?
— Кеңешме эки саатка созулду.
— . . . . . ?
— . . . . . .

СҮРӨТЧҮ.

— Бу класста ким сүрөтчү?
— Бу класста Мурат сүрөтчү.
— Сүрөтчү Мурат нече жашта?
— Сүрөтчү Мурат он беш жашта.
— . . . . . ?
— . . . . . .

МАКАЛА.

— Сен стенгазетага макала жаздыңбы?
— Ооба, мен стенгазетага кечээ бир макала жаздым.
— Сиз эмне тууралу макала жаздыңыз?
— Мен тартип тууралу макала жаздым.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Жыйналышта кимдерди кайра шайладыңыздар? Сиздердин класста жыйналыш качан болду? Мындан ары сиздердин класстын стенгазетасы айына нече жолу чыгарыла турган болду? Жыйналыштан кийин кандай кеңешме болду? Редколлегияга сизди да көрсөтүштүбү? Өз ара милдеттериңиздерди бөлүштүрдүңүздөрбү? Сүрөтчүлүккө ким көрсөтүлдү? Кандай макала жыйнай баштадыңыздар? Макаланы кимдер беришти?

Макала эмне тууралу жазылды?

Тапшырма.

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

Сегодня в нашей школе было собрание. На собрании отчитывались члены редколлегии. На этом собрании переизбирали членов редколлегии. Наша школьная стенгазета выпускается в месяц три раза.

На стене висит маленький ящик. Ученики свои статьи опускают в ящик. Ученик пятого класса Иванов Сергей написал одну интересную статью. Его статью мы выпустим в следующем номере. Кроме школьной стенгазеты, каждый класс выпускает свою классную стенгазету. Классные стенгазеты выпускаются в месяц два раза.

Нам очень хорошо помогают работники районной газеты. С нами специально проводят беседы. Мы часто приходим к ним за советом. Они всегда нас встречают хорошо. Дают советы.

§ 10. Мектептеги китепкана.

Биздин мектепте чоң китепкана бар. Китепканада жакшы китептер өтө көп. Кайсы бир уакта колхозчулар да биздин китепканадан пайдаланышат.

Китепкананын жанында китеп окуй турган бөлмө бар. Ал бөлмөдө бир нече стол, орундук турат. Стол кызыл сукно менен жабылган. Столдо гүлдөр, графинде кайнаган суу, стакан турат. Ал бөлмөдө, каалоочулар болсо, китеп, журнал, газета окушат.

Китепканадан китепти он күнгө чейин гана алууга болот. Мен китепти ар дайым үйгө алып окуймун. Китеп окуй турган бөлмөдө ар дайым жаңы газета жана журнал көп болот.

Ар күнү мен 50—60 бет окуйм. Китепканадан китепти 8—9 күндө жаңылап алып турам. Алган китептеримдин барактарын айрыбайм. Арасына жазбайм, абдан жакшы сактайм.

Сөздөр: кайсы бир уакта—иногда, пайдаланышат—пользуются, китеп окуй турган бөлмө—комната для чтения, жабылган—покрыт, кайнаган суу—кипячёная вода, каалоочулар—желающие, гана—только, алууга болот—можно получить, кызык—интересный, бет—страница, айрыбайм—не рву, сактайм—берегу.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

— Бу кайнаган суубу?
— Ооба, бу кайнаган суу.
— Кайнаган суу эмнеде?
— Кайнаган суу графинде.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Сиздердин мектепте китепкана барбы? Китепканада кандай китептер өтө көп? Колхозчулар сиздердин китепканадан пайдаланышабы? Кайда китеп окуй турган бөлмө бар? Ал китеп окуй турган бөлмөдө эмнелер бар? Стол кандай сукно менен жабылган? Столдо эмнелер турат? Бөлмөдө кимдер китеп, журнал, газета окушат? Китепканадан китепти нече күнгө чейин алууга болот? Сиз китепти ар дайым кайда окуйсуз? Жаңы газеталар, кызык журналдар китеп окуй турган бөлмөдө көппү? Ар күнү сен нече бет окуйсуң? Китепканадан китепти нече күндө алып турасың? Алган китептерди кандай сактайсың?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

В нашей школе есть школьная библиотека. В этой библиотеке очень много интересных книг. При библиотеке имеется читальная комната. Эта комната всё время открыта. В читальной комнате на столе лежат свежие газеты, интересные журналы. Школьной библиотекой пользуются и колхозники. В читальной комнате на окне стоят цветы, на столе в графине есть кипячёная вода. Я книги из библиотеки беру домой. Библиотека книги даёт только на 10 дней. Я книги меняю через 6—7 дней. Все ученики нашей школы берут книги из библиотеки.

§ 11. Спряжение имён в настоящем времени.

В киргизском языке имена, относящиеся к профессии, могут изменяться по лицам. К именам прибавляются окончания лица, а вспомогательный глагол (есть) настоящего времени опускается.

Мисалы:

окуучу+мун=окуучумун—я (есть) ученик, пионер+мин-пионермин—я (есть) пионер, Студент+мин=студентмин—я (есть) студент.

Личные окончания имён следующие:

мын, сың—сыңар, быз,—сыз, сыздар и т. д.

Личные окончания имён изменяются в соответствии с гласной в последнем слоге слова. (Смотрите прилагаемую таблицу).

Таблица спряжения имён в настоящем времени:

В последнем слоге слова гласная.	Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Биздер	Сиздер
а, ы я,	мын	сың	—	сынар	—	быз	сыз	быз	сыздар
е, и, э	мин	сиң	—	синер	—	биз	сиз	биз	сиздер
о, е, у, ю	мун	сун	—	сунар	—	буз	суз	буз	суздар
ө, ү	мүн	сүн	—	сүнөр	—	бүз	сүз	бүз	сүздөр

Мисалы:

Мен кызматчы***мын***, пионер***мин***, окуучу***мун***, өтүкчү***мүн***.

Сен кызматчы***сың***, пионер***сиң***, окуучу***сун***, өтүкчү***сүң***.

Ал кызматчы—, пионер—, окуучу—, өтүкчү—.

Силер кызматчы***сыңар***, пионер***синер***, окуучу***сунар***, өтүкчү***сүңөр***.

Алар кызматчы—, пионер—, окуучу—, өтүкчү—.

Биз кызматчы***быз***, пионер***биз***, окуучу***буз***, өтүкчү***бүз***.

Сиз кызматчы***сыз***, пионер***сиз***, окуучу***суз***, өтүкчү***сүз***.

Сиздер кызматчы***сыздар***, пионер***сиздер***, окуучу***суздар***, өтүкчү***сүздөр***.

Көнүгүү:

Перепишите следующие слова и проспрягайте их в настоящем времени по данным образцам:

окуучу, трактөрчу, темирчи, балыкчы, кароолчу, отличник, стахановчу, мергенчи, учкуч.

Үлгү:

Мен окуучумун.
Мен . . . . . .
. . . . . .

Ал окуучу.
. . . . . .
. . . . . .

Алар окуучу
. . . . . .
. . . . . .

Сиз окуучусуз
Сиз . . . . . .
. . . . . .
. . . . . .

Сен окуучусуң.
Сен . . . . . .
. . . . . .

Силер окуучусуңар
Силер . . . . . .
. . . . . .

Биз окуучубуз
Биз . . . . . .
. . . . . .

Сиздер окуучусуздар
Сиздер . . . . . .
. . . . . .
. . . . . .

§ 12. Мекеме.

Биздин мектептин жанында бир мекеме бар. Ал мекеменин үйү үч кабат. Терезелери чоң, жарык. Ал мекемеде бир нече бөлүм бар. Бөлүмдөр төмөнкүлөр: жалпы бөлүм, бухгалтерия, машина бюросу жана башкалар. Анда иштеген кызматчылар да көп.

Мекемеде кызмат эртең менен саат тогузда башталат. Түштө жарым саат тыным болот. Мекемеде буфет бар.

Кызматчылар тыным убактысында буфеттен тамактанышат. Буфетте ысык тамак да болот. Тыным убактысында кызматчылар сүйлөшөт, газета окушат, дем алышат. Кызмат саат беш жарымда аяктайт. Кызматчылар үйлөрүнө кайтышат.

Сөздөр: мекеме—учреждение, бөлүм—отдел, жалпы бөлүм—общий отдел, анда—там, түштө—в полдень, тыным убактысында—во время перерыва, дем алышат—отдыхают, аяктайт—кончается, кайтышат—возвращаются.

Тапшырма: *Жаңы сөздөрдү жаттагыла.*

Сүйлөшүү:

БӨЛҮМ.

— Бу мекемеде канча бөлүм бар?
— Бу мекемеде бир нече бөлүм бар.
— Василий Алексеевич кайсы бөлүмдө иштейт?
— Василий Алексеевич—управляющий.
— Сиздин атаңыз кайсы бөлүмдө иштейт?
— Менин атам бухгалтерияда иштейт.
— . . . . . ?
— . . . . . .
— . . . . . .

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ.

— Жалпы бөлүм неченчи бөлмөдө?
— Жалпы бөлүм элүү бешинчи бөлмөдө.
— Жалпы бөлүмдө нече киши иштейт?
— Жалпы бөлүмдө он эки киши иштейт.
— Жалпы бөлүм неченчи кабатта?
— Жалпы бөлүм экинчи кабатта.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ТҮШТӨ.

— Түштө тыным болобу?
— Ооба, түштө тыным болот.
— Түштө сиз кайда барасыз?
— Түштө мен фермага барамын.
— Түшкө чейин канча саат калды?
— Түшкө чейин эки саат калды.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Биздин мектептин жанында эмне бар? Терезелери кандай? Ал мекеменин үйү нече кабат? Ал мекемеде канча бөлүм бар? Кандай бөлүмдөр? Мекемеде кызмат эртең менен саат нечеде башталат? Ал мекемеде канча кызматчы иштейт? Түштө канча саат тыным болот? Мекемеде буфет барбы? Кызматчылар тыным убактысында кайдан тамактанышат? Буфетте ысык тамак болобу? Тыным убактысында кызматчылар эмне кылышат? Кызмат саат нечеде аяктайт? Кызматчылар кайда кайтышат?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которгуздар.

Наша школа на Советской улице. Рядом с нашей школой есть учреждение. Это учреждение находится в большом 3-х этажном здании. В этом учреждении есть несколько отделов. Товарищ Кенжегулов работает в бухгалтерии. Бухгалтерия на втором этаже. В общем отделе работает Елизавета Гавриловна. Работа начинается с восьми часов утра. В полдень бывает перерыв. Работа кончается в четыре 30. В этом учреждении есть буфет. В буфете всегда бывает горячая пища. Во время перерыва служащие завтракают в буфете. В буфете имеются разные закуски.

Во время перерыва служащие отдыхают: читают газеты, разговаривают.

§ 13. Спряжение имён с отрицанием „*эмес*“ (не) в настоящем времени.

При спряжении имён с отрицанием „*эмес*“ окончание лица прибавляется к отрицанию „*эмес*“, а имена остаются без изменения.

Мисалы:

Мен кызматчы эмес*мин*, сен кызматчы эмес*сиң*, ал кызматчы эмес, силер кызматчы эмес*сиңер*, алар кызматчы эмес, биз кызматчы эмес*пиз*, сиз кызматчы эмессиз, биздер кызматчы эмеспиз, сиздер кызматчы эмес*сиздер*.

Таблица

Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Бизде›	Сиздер
эмесмин	эмессиң	эмес	эмессиңер	эмес	эмеспиз	эмессиз	эмеспиз	эмессиздер

Көнүгүү:

Проспрягайте следующие имена с отрицанием „эмес“ в настоящем времени по данному образцу:

тракторчу, аграном, өтүкчү, уста, жылкычы, темирчи, эсепчи, сүрөтчү, сатуучу.

Үлгү:

Мен тракторчу эмесмин.
Мен . . . . . .
. . . . . .

Ал тракторчу эмес.

Ал . . . . . .
. . . . . .

Алар тракторчу эмес.
Алар . . . . . .
. . . . . .

Сиз тракторчу эмессиз.

Сиз . . . . . .
. . . . . .

Сен тракторчу эмессиң.
Сен . . . . . .
. . . . . .

Силер тракторчу эмессиңер.
Силер . . . . . .
. . . . . .

Биз тракторчу эмеспиз.
Биз . . . . . .
. . . . . .


Сиздер тракторчу эмессиздер.
Сиздер . . . . . .
. . . . . .

Суйлөшүү:

— Сен бригадирсиңби?
— Жок, мен бригадир эмесмин, мен агрономмун.
— Сиз окуучусузбу?
— Жок, мен окуучу эмесмин, мен студентмин.
— Сиздер комсомолецсиздерби?
— Жок, биз азырынча комсомолец эмеспиз, пионербиз.
— Алар колхозчуларбы?
— Жок, алар колхозчулар эмес, алар жумушчулар.
— Силер кызматчысыңарбы?
— Жок, биз кызматчы эмеспиз, биз колхозчубуз.
— Иван Петрович тракторчубу?
— Жок, Иван Петрович тракторчу эмес, ал комбайнчы.

Тапшырма:

Составьте сами разговор по данному выше образцу.



§ 14. Колхоз.

I

Биздин колхоз Панфилов районунда. Биздин колхоздо ар түрдүү улуттардан бар: кыргыз, орус, өзбек, казах, украинец жана башкалар. Колхоздун аты Кызыл-Интернационал. Кыштактын ортосунда эки кабат чоң ак үй бар, ал үй—орто мектеп. Мектептин катарында магазин бар. Кыштактын чет жагында электр станциясы бар. Бардык колхозчулардын үйүндө электр орнотулган.

Электр станциясынын жанында тегирмен бар. Ал тегирмен Кызыл-Интернационал атындагы колхоздуку. Колхоз буудай, арпа, кызылча жана башка өсүмдүктөрдү айдайт. Мал чарбачылыгын өстүрөт.

Колхоздун башкармасы мектептен алыс эмес.

(Аягы бар—Продолжение следует).

Сөдзөр: улуттар—нации, ар түрдүү—разные, аты—имя, кыштак—село, ортосунда—в середине, орто мектеп—средняя школа, катарында—рядом, чет жагында—на краю, тегирмен—мельница, атындагы—имени, буудай—пшеница, арпа—ячмень, мал чарбачылыгы—животноводство, өстүрөт—выращивает, башкарма—правление, алыс эмес—недалеко.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Суйлөшүү:

КЫШТАК.

— Бу кыштакта нече көчө бар?
— Бу кыштакта үч көчө бар.
— Жок, бу кыштакта үч көчө эмес, бу кыштакта төрт көчө бар.
—Бу кыштакта электр станциясы барбы?
— Ооба, бу кыштакта электр станциясы бар.
— Бу кыштакта нече үй колхозчу турат?
— Бу кыштакта эки жүз элүү үй колхозчу турат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ОРТО МЕКТЕП.

— Бу орто мектепби?
— Ооба, бу орто мектеп.
— Бу орто мектепте нече класс окуйт?
— Бул орто мектепте он алты класс окуйт.
— Орто мектепте нече онунчу класс бар?
— Бу орто мектепте бир онунчу класс бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

КАТАРЫНДА.

— Мектептин катарында эмне бар?
— Мектептин катарында клуб бар.
— Бешинчи класстын катарында неченчи класс окуйт?
— Бешинчи класстын катарында сегизинчи класс окуйт.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Сиздин колхоз кайсы райондо? Сиздин колхоздо кандай улуттар бар? Колхоздун аты эмне? Кыштактын ортосунда кандай үй бар? Ал үй кандай мектеп? Мектептин катарында эмне бар? Электр станция кайда? Колхозчулардын үйлөрүндө электричествосу барбы?

Сүйлөшүү:

— Сен бригадирсиңби?
— Жок, мен бригадир эмесмин, мен агрономмун.
— Сиз окуучусузбу?
— Жок, мен окуучу эмесмин, мен студентмин.
— Сиздер комсомолецсиздерби?
— Жок, биз азырынча комсомолец эмеспиз, пионербиз.
— Алар колхозчуларбы?
— Жок, алар колхозчулар эмес, алар жумушчулар.
— Силер кызматчысыңарбы?
— Жок, биз кызматчы эмеспиз, биз колхозчубуз.
— Иван Петрович тракторчубу?
— Жок, Иван Петрович тракторчу эмес, ал комбайнчы.

Тапшырма:

Составьте сами разговор по данному выше образцу.



§ 14. Колхоз.

I

Биздин колхоз Панфилов районунда. Биздин колхоздо ар түрдүү улуттардан бар: кыргыз, орус, өзбек, казах, украинец жана башкалар. Колхоздун аты Кызыл-Интернационал. Кыштактын ортосунда эки кабат чоң ак үй бар, ал үй—орто мектеп. Мектептин катарында магазин бар. Кыштактын чет жагында электр станциясы бар. Бардык колхозчулардын үйүндө электр орнотулган.

Электр станциясынын жанында тегирмен бар. Ал тегирмен Кызыл-Интернационал атындагы колхоздуку. Колхоз буудай, арпа, кызылча жана башка өсүмдүктөрдү айдайт. Мал чарбачылыгын өстүрөт.

Колхоздун башкармасы мектептен алыс эмес.

(Алгы бар—Продолжение следует).

Сөдзөр: улуттар—нации, ар түрдүү—разные, аты—имя, кыштак—село, ортосунда—в середине, орто мектеп—средняя школа, катарында—рядом, чет жагында—на краю, тегирмен—мельница, атындагы—имени, буудай—пшеница, арпа—ячмень, мал чарбачылыгы—животноводство, өстүрөт—выращивает, башкарма—правление, алыс эмес—недалеко.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

КЫШТАК.

— Бу кыштакта нече көчө бар?
— Бу кыштакта үч көчө бар.
— Жок, бу кыштакта үч көчө эмес, бу кыштакта төрт көчө бар.
—Бу кыштакта электр станциясы барбы?
— Ооба, бу кыштакта электр станциясы бар.
— Бу кыштакта нече үй колхозчу турат?
— Бу кыштакта эки жүз элүү үй колхозчу турат.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ОРТО МЕКТЕП.

— Бу орто мектеппи?
— Ооба, бу орто мектеп.
— Бу орто мектепте нече класс окуйт?
— Бул орто мектепте он алты класс окуйт.
— Орто мектепте нече онунчу класс бар?
— Бу орто мектепте бир онунчу класс бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

КАТАРЫНДА.

— Мектептин катарында эмне бар?
— Мектептин катарында клуб бар.
— Бешинчи класстын катарында неченчи класс окуйт?
— Бешинчи класстын катарында сегизинчи класс окуйт.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Сиздин колхоз кайсы райондо? Сиздин колхоздо кандай улуттар бар? Колхоздун аты эмне? Кыштактын ортосунда кандай үй бар? Ал үй кандай мектеп? Мектептин катарында эмне бар? Электр станция кайда? Колхозчулардын үйлөрүндө электричествосу барбы?

Тегирмен эмненин жанында? Ал тегирмен кимдики? Колхоз эмне айдайт? Мал чарбачылыгын өстүрөбү? Колхоздун башкармасы кайда?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которунуздар.

Наш колхоз в Буденновском районе. Все колхозники живут культурно. Есть в колхозе электростанция. В середине села есть большое 2-х этажное здание. Это здание—наша школа. В нашей школе учится много учеников. Рядом с нашей школой есть большой магазин. В магазине работают несколько продавцов. В магазине есть книжное отделение. Я сегодня в магазине купил книги, тетради и др. вещи.



КОЛХОЗ.

(Уландысы)

II

Колхоздун өстүргөн малынын бардыгы асыл тукум мал. Асыл тукум уйдан сүт көп чыгат. Асыл тукум жылкы күлүк болот. Күлүк—жакшы аттар, биздин Советтик Армиябызга керек. Асыл тукум койдун жүнү жибектей, эти таттуу, сүтү көп болот. Колхоздо жем-чөп абдан көп. Малдары үчүн жылуу короолор салынган.

Кызыл-Интернационал атындагы колхоз эгинди, кызылчаны, жашылчаларды трактор менен айдайт, машина менен жыйнайт.

Колхозчуларга ысык тамакты жумуш кылган жерине жеткирип берет. Эмгекке жараган колхозчудан бирөө да калбастан, жумушка бүт чыгышат. Бардык колхозчу нормаларын ашыгы менен орундатышат.

(Аягы бар).

Сөздөр: асыл тукум—породистый, жылкы,—лошадь, күлүк—бегунец (скакун), жүн—шерсть, жибек—шёлк, жыйнайт—убирает, ысык тамак—горячая пища, жеткирип берет—доставляет, эмгек—труд, ашыгы менен орундайт—перевыполняет.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Суйлөшүү.

АСЫЛ ТУКУМ.

— Бу асыл тукум атпы?
— Ооба, бу асыл тукум ат.
— Силердин колхозунарда асыл тукум жылкы көппү?
— Биздин колхоздогу жылкынын бардыгы асыл тукум.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ЖИБЕК.

— Бу жибек көйнөкпү?
— Ооба, бу жибек көйнөк.
— Жибек көйнөктү кайдан алдың?
— Жибек көйнөктү колхоздогу магазинден алдым.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ЫСЫК ТАМАК.

— Ысык тамак качан даяр болот?
— Ысык тамак бир сааттан кийин даяр болот.
— Сиздердин мектепте ысык тамак уюштурулганбы?
— Ооба, биздин мектепте ысык тамак уюштурулган.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

— Колхоздун өстүргөн малдары кандай? Кандай уйдан сүт көп чыгат? Асыл тукум жылкы кандай болот? Биздин Советтик Армияга кандай аттар керек? Асыл тукум койдун жүнү, эти, сүтү кандай болот? Колхоздо жем—чөп кандай? Малдар үчүн жылуу короолор салынганбы? Колхоз эгинди, кызылчаны, жашылчаны эмне менен айдайт? Эмне менен жыйнайт? Жумушка кылган уакта жумушчуларга ысык тамак кайда берилет? Колхозчулар жумушка кандай чыгышат? Нормаларын кандай орундатышат?

Тапшырма:


Суроолорго жооп жазгыла.

Колхоз „Красный Интернационал“ занимается животноводством и земледелием. Скот в колхозе чистокровный. В колхозе очень много заготовлено корма. Для скота построены тёплые сараи.

Колхоз землю пашет тракторами, убирает посевы машинами.

Мы летом помогаем своим родителям. Работаем на огороде и в саду. Ухаживаем за садом, собираем фрукты.

Утром в колхозе дают звонок. Все колхозники, как один, собираются за десять минут. Затем бригадами отправляются на работу. Завтрак и обед привозят туда, где они работают.



КОЛХОЗ.

III

Уландысы.

Норманы сапаттуу ашык орундатуу үчүн, колхозчулар бир бирин социалисттик мелдешке чакырган. Бригада менен бригада мелдешти. Биздин Кызыл—Интернационал атындагы колхоз Киров атындагы колхозду социалисттик мелдешке чакырды. Район боюнча Кызыл-Интернационал атындагы колхоз биринчиликти алды. Райондогу көчмө Кызыл тууну алды.

Колхозчулар абдан оокаттуу жана маданияттуу турушат. Ар бир колхозчунун үйүндө радио бар, газета, журнал алышат.

Кыштактын ортосунда колхоздун клубу бар. Колхозчулар ар күнү кечинде клубга келишет. Клубда доклад же лекция болот. Андан кийин кино же концерт болот.

Сөздөр: сапат—качество, орундатуу үчүн—для выполнения, социалисттик мелдеш—социалистическое соревнование, чакырган—вызвал, мелдешти—соревновалась, район боюнча,—по району, биринчилик—первенство, көчмө Кызыл туу—переходящее Красное знамя, оокаттуу—зажиточно, жана—и, андан кийин—а потом, после.

Тапшырма:
Сөздөрдү жаттагыла.

Суйлөшүү:

СОЦИАЛИСТТИК МЕЛДЕШ.

— Кайсы колхозду социалисттик мелдешке чакырды?
— Биздин колхозубуз Сталин атындагы колхозду социалисттик мелдешке чакырды.
— Социалисттик мелдеште кайсы колхоз биринчиликти алды?
— Социалисттик мелдеште биздин колхозубуз биринчиликти алды.
— . . . . . ?
— . . . . . .

МЕКТЕП БОЮНЧА.

— Мектеп боюнча кайсы класста отличник көп?
— Мектеп боюнча биздин класста отличник көп.
— Мектеп боюнча канча комсомолец бар?
— Мектеп боюнча алтымыш комсомолец бар.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Тапшырма:
Калган сөздөр менен да бир нече сүйлөм түзүңүздөр.

Суроолор:

Колхозчулар эмне үчүн бир-бирин социалисттик мелдешке чакырды? Бригада ким менен мелдешти? Биздин Кызыл-Интернационал атындагы колхоз кайсы колхозду социалисттик мелдешке чакырды? Район боюнча кайсы колхоз биринчиликти алды? Райондогу көчмө Кызыл тууну ким алды? Колхозчулар кандай турушат? Кимдин үйүндө радио бар жана ким газета, журнал алат? Колхоздун клубу кайда? Колхозчулар ар күнү кайда келишет? Клубда эмне болот?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которунуздар.

Наш колхоз соревнуется с колхозом имени Кирова. Бригада соревнуется с бригадой. Колхозники соревнуются с колхозниками. В этом году наш колхоз „Красный Интернационал“ по району занимает первое место. Недавно получили переходящее Красное знамя. У нас все колхозники живут зажиточно и культурно. У каждого колхозника дома есть радио и электричество. Колхозники получают газеты и журналы. Колхозники слушают

доклады или интересные лекции. После лекции или доклада в клубе всегда бывает кино или концерт.

§ 15. Спряжение имён в будущем определенном.

При спряжении имён в будущем определенном имена не изменяются, а изменяется по лицам вспомогательный глагол будущего времени „бол".

Таблица изменения вспомогательного глагола *„бол"* в будущем определенном:

Мен	Сен	Ал	Силер	Алар	Биз	Сиз	Биздер	Сиздер
болому	болосуң	болот	болосуңар	болушат	болобуз	болосуз	болобуз	болосуздар

Мисалы:

Мен агроном болом, сен агроном болосуң, ал агроном болот, силер агроном болосуңар, алар агроном болушат, биз агроном болобуз, сиз агроном болосуз, биздер агроном болобуз, сиздер агроном болосуздар.

Көнүгүү:

Проспрягайте следующие примеры в будущем определенном времени по данному ниже образцу:

Врач, инженер, учкуч, мугалим, танкист, машинист, комбайнер, стахановчу, жазуучу.

Үлгү:

Мен врач болом . . .
Мен . . . . . .
. . . . . .
Ал врач болот . . . .
Ал . . . . . .
. . . . . .
Алар врач болушат . .
Алар . . . . . .
. . . . . .
Биздер врач болобуз .
Биздер . . . . . .
. . . . . .
Сиздер врач болосуздар.
Сиздер . . . . . .
. . . . . .

Сен врач болосуң . . .
Сен . . . . . .
. . . . . .
Силер врач болосуңар
Силер . . . . . .
. . . . . .
Биз врач болобуз . . .
Биз . . . . . .
. . . . . .
Сиз врач болосуз . . .
Сиз . . . . . .
. . . . . .

Сүйлөшүү:

— Сен ким болосуң?
— Мен инженер боломун.
— Силер ким болосуңар?
— Биз учкуч болобуз.
— Алар ким болушат?
— Алар мугалим болушат.
— Сиз эмне болосуз?
— Мен доктор болом.
— Сергей (Клара) ким болот?
— Клара (Сергей) сүрөтчү болот.
— Сиздер ким болосуздар?
— Биз агроном болобуз.

Тапшырма:

Өзүңөр сүйлөшүү түзгүлө—составьте сами разговор.

§ 16. Жайлоо.

Колхоз малын ар жылы жайлоого жиберет. Жайлоо салкын, суу таза, ар түрдүү сонун чөптөр абдан көп. Жайлоодо мал жакшы семирет. Өткөн жылы Сергей—экөөбүз жайкы каникулда жайлоого бардык. Биздин колхоздо уй, кой, эчки, жылкы абдан көп.

Жайлоодо кымыз, сүт, айран көп болот. Биз кымыз ичтик. Кымыз адамга өтө пайдалуу.

Жайлоодо жапайы куштар, жапайы айбандар көп. Бир күнү чабандар карышкырдын эки кичине күчүгүн кармап келди. Карышкырдын күчүктөрүн зоопаркка жиберди.

Сергей—экөөбүз көп балык кармадык. Он бешинчи августта үйгө кайттык.

Сөздөр: жайлоо—летнее пастбище, сонун—замечательный. карышкырдын күчүгү—волчата.

Тапшырма:


Сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Колхоз малын кайда жиберет? Жайлоо кандай? Кайда мал жакшы семирет? Өткөн жылы Сергей—экөөң кайда бардыңар? Кайда мал көп? Жайлоодо эмне көп болот? Ким кымыз ичти? Кымыздын адамга пайдасы болобу? Жайлоодо жапайы куштар, айбандар болобу? Чабандар эмне кармап келди? Күчүктү кайда жибериштиң? Сергей—экөөң эмне кармадыңар? Үйгө качан кайттыңар?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.



§ 17. Совхоз.

I.

Биздин колхозго жакын жерде бир чоң совхоз бар. Бул совхоздун жери абдан көп. Совхоз эгинди, маданий өсүмдүктөрдү көп айдайт. Асыл тукум малдарды да көп өстүрөт.

Совхоздо бир нече ферма бар. Алар: сүт фермасы, кой фермасы, жылкы фермасы, дан эгин фермасы, маданий өсүмдүктөр фермасы, куш фермасы жана башкалар.

Ар бир фермада иштеген жумушчулар да абдан көп. Ар бир фермада жумушчулар үчүн атайын салган үйлөр бар.

Жумушчулар шаарчасында электричество жана радио бар. Ар бир фермада башталгыч мектептер жана жумушчулар клубу бар. Борбордук жумушчулар шаарчасында бир орто мектеп бар. Жумушчулардын балдары башталгыч мектепти фермалардан бүтүрөт. Орто мектепти борбордук жумушчулар шаарчасынан бүтүрүшөт. Орто мектепти бүткөндөр чоң шаарлардагы ар түрдүү институттарга барып киришет. Быйыл совхоздогу орто мектепти 32 окуучу бүттү. Бардыгы түрдүү институттарда окуп жатышат.

(Алгы бар).

Сөздөр: жакын жерде—недалеко, жер—земля, маданий өсүмдүктөр—технические культуры, жумушчулар шаарчасы—рабочий городок, башталгыч мектеп—начальная школа.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Сиздердин колхозго жакын жерде кандай совхоз бар? Бул совхоздун жери канча? Совхоз кандай малдарды өстүрөт? Совхоздо кандай фермалар бар? Ар бир фермада канча жумушчу иштейт? Ар бир фермада жумушчулар үчүн атайы салган үйлөр барбы? Жумушчулар шаарчасында электричество жана радио барбы? Фермаларда мектеп, клуб барбы? Борбордук жумушчулар шаарчасында кандай мектеп бар? Жумушчулардын балдары башталгыч мектепти кайдан бүтүрөт? Орто мектепти кайсы жерден бүтүрөт? Орто мектепти бүткөндөр кайда барып окушат? Быйыл совхоздогу орто мектепти канча окуучу бүттү? Алар кайда окуп жатышат?


Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызча которуңуздар.

Рабочие совхоза живут в рабочем городке. В рабочем городке есть электричество и радио. Совхоз в основном занимается земледелием, но есть несколько животноводческих ферм. На центральной ферме есть одна средняя школа. В этой школе учатся дети рабочих совхоза.

Совхоз находится недалеко от нашего колхоза. Иногда мы под выходной день ходим в совхоз. В совхозе очень весело.



СОВХОЗ.

(Уландысы).

II

Жумушчулар клубунда түрдүү докладдар, лекциялар болуп турат. Докладдан, лекциядан кийин кино же концерт болот.

Жумушчулар бош убактысын абдан маданияттуу өткөрүшөт. Клубда драмкружок, хор кружок жана башка кружоктор иштейт.

Колхоз-совхоз театрынын артисттери, ар фермага барып, концерт же спектакль коюшат.

Совхоздогу ар бир жумушчунун менчиктүү үйлары, кой-лору бар. Ар кимиси өзүнчө огород айдашат. Бардык жумушчулар оокаттуу турушат.

Бул совхоз—республика боюнча алдыңкы совхоздон. Ар жылы эгин, маданий өсүмдүктөр тапшыруу планын, мал өстүрүү планы жана башка пландарын ашыгы менен орундатат.

Планын ашыгы менен өз увагында орундаткандыгы үчүн, партия менен өкмөт ар жылы сыйлайт.

Сөздөр: менчиктүү мал—скот индивидуальный, бош убакты—свободное время, маданияттуу—культурно, өткөрөт—проводит, оокаттуу турушат—живут зажиточно, алдыңкы—передовой, ар жылы—ежегодно, ашыгы менен орундашат—перевыполняют.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Жумушчулар клубунда эмнелер болуп турат? Докладдан, лекциядан кийин эмне болот? Жумушчулар бош убактысын кандай өткөрүшөт? Клубда кандай кружоктор иштейт? Колхоз-совхоз театрынын артисттери спектакль, концерт коюп турушабы? Совхоздогу жумушчулардын менчиктүү малдары барбы? Алар өздөрү үчүн огород айдашабы? Жумушчулар кандай турушат? Бул совхоз реслублика боюнча кандай совхоз? Ар жылы планын кандай орундатат? Партия менен өкмөт ар жылы эмне үчүн сыйлайт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

В каждой ферме есть начальная школа. Рабочие вечером собираются в школе. Там ежедневно работают разные кружки. В выходной день драмкружок ставит спектакль. Все рабочие совхоза в своём личном пользовании имеют скот. Живут зажиточно. Свободное время проводят очень культурно.

Этот совхоз по республике считается передовым совхозом. Всегда планы своевременно выполняет и перевыполняет.

Партия и правительство несколько раз награждали совхоз за хорошую работу.

§ 18. Спряжение имен с вопросительной частицей „*бы*“ и отрицанием „*эмес*“ в будущем времени.

Вопросительная частица **„бы“** (бу) всегда употребляется после окончания лица глагола **„бол“**, с которым пишется слитно.

Мисалы:

Мен инженер боломунбу, сен инженер болусуңбу, ал инженер болобу, силер инженер болосуңарбы, алар инженер болушабы, биз инженер болобузбу, сиз инженер болосузбу, сиздер инженер болосуздарбы.

Сүйлөшүү:

— Сен агроном болосуңбу?
— Жок, мен агроном эмес, мен мал доктор болом.
— Силер мал доктор болосуңарбы?
— Жок, биз мал доктор эмес, агроном болобуз.
— Сиз учкуч болосузбу?
— Жок, мен учкуч эмес, танкист болом.
— Сен танкист болосуңбу?
— Жок мен танкист эмес, учкуч болом.
— Силер инженер болосуңарбы?
— Жок, биз инженер эмес, биз мугалим болобуз.
— Сиздер тракторчу болосуздарбы?
— Жок, биз тракторчу эмес, биз комбайнчы болобуз.
— . . . . . .?
— . . . .

Тапшырма:

Өзүңөр сүйлөшүү түзгүлө—сами составьте разговор.

§ 19. Мал чарбачылардын кеңешмеси.

Калинин районунда мал чарбачылардын кеңешмеси өткөрүлдү. Кеңемшеге эң алдыңкы катардагы стахановчу мал чарба усталары катышты.

Кеңешмеде социалисттик мал чарбачылыгын өстүрүү жөнүндө доклад жасалды. Кеңешмеге катышуучулар жарыш сөзгө чыгышты. Кеңешме абдан жандуу өткөрүлдү.

Социалисттик мал чарбачылыгынын усталары, мал чарбасын өстүрүү үчүн Улуу көсөмүбүз И. В. Сталинге ант беришти.

Атактуу мал чарбачыларга кеңешмеде сыйлыктар берилди. Кеңешменин аягында колхоз—совхоз театрынын артисттери концерт берди. Кеңешмеге катышуучулар абдан кубанып кайтышты.

Кеңешмеге катышкандар колхоздогу малчыларды чогултуп, кеңешмедеги уккан, көргөнүн айтышты.

„Улуу жолбашчыбыз жолдош Сталинге берген антты орундатуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү колдонолу“—деп, убада кылып тарашты.

Сөздөр: мал чарбачылар—животноводы, кеңешме—совещание, өткөрүлдү—проводилось, эң алдыңкы катардагы—самые передовые, усталар—мастера, катышты—участвовали,

жарыш сөз—прения, жандуу өттү—прошло оживлённо, Улуу—Великий, көсөм—вождь, ант—клятва, даңк—слава, сыйлык—премия, убада—обещание.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Кайсы райондо мал чарбачылардын кеңешмеси өткөрүлдү? Кеңешмеге кимдер катышты? Кеңешмеде кандай докладдар болду? Жарыш сөзгө кимдер чыкты? Кеңешме кандай өткөрүлдү? Социалисттик мал чарбачылыгынын усталары, мал чарбасын өстүрүү үчүн кимге ант беришти?

Кеңешмеде кимдерге сыйлык берилди? Колхоз—совхоз театрынын артисттери качан концерт берди? Кеңешмеге катышуучулар кубанып кайтыштыбы? Кеңешмеге катышкандар колхоздогу малчыларды чогултуп алып, эмне айтышты?

Улуу жолбашчыбыз жолдош Сталинге берген антты орундатуу үчүн эмне кылышты?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

В Молотовском районе было совещание мастеров животноводства. На совещании принимали участие знатные животноводы. Участники совещания дали клятву Великому вождю пролетариата, товарищу Сталину. Мастера—животноводы были премированы. Артисты колхозно—совхозного театра для участников совещания дали концерт.

§ 20. Прошедшее недатированное—байыркы өткөн чак

Форма прошедшего недатированного времени употребляется в тех случаях, когда дата совершения действия не уточнена. В переводе на русский язык прошедшее недатированное может передаваться формой глагола совершенного и несовершенного вида.

Основные аффиксы глаголов прошедшего недатированного следующие:

ган (ген, гон, гөн, кан, кен, кон көн). К этим аффиксам глаголов прибавляются соответствующие окончания лица и числа:

мын, сың, сыңар, сыз, быз, сыздар и др.

Мисалы:

Менин агам механика заводунда—стахановчу. Ал заводдо дагы бир канча стахановчулар бар. Жакында стахановчулардын кеңешмеси болду. Кеңешмеге заводдогу стахановчулар бүт катышты. Кеңешмеде заводдун директору доклад жасады. Жарыш сөзгө бир нече стахановчулар чыгып сүйлөдү.

Кеңешмеде стахановчулар нормаларын мындан ары да ашыгы менен орундатып турууга убадаларын беришти. Стахановчулардын кеңешмеси эки күнгө созулду. Кеңешме механика заводунун клубунда өткөрүлдү. Ар күнү кеңешменин артынан оюн коюлуп турду. Кеңешме абдан жакшы өттү.

Кеңешменин артынан, катышуучу стахановчуларга сыйлык берилди. Катышуучулар абдан ыраазы болуп кайтышты. Стахановчулар өз-өз цехтерине келип, кеңешмеде болгондордун бардыгын жумушчуларга айтып түшүндүрдү. Жумушчулар нормаларын ашыгы менен орундатуу үчүн, мурункудан да жакшы тырышып иштешти.

Сөздөр: бөлүктөр—части, даярдайт—готовит, ыраазы—довольны, жарыш сөз—прения, мындан ары—в дальнейшем, убада беришти—дали обещание, созулду—продолжалось, катышуучулар—участники, коюлуп турду—ставили (спектакль).

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Сиздин аганыз кайда иштейт? Механика заводунда иштеген жумушчулар көппү? Механика заводу эмне кылат? Сиздин аганыз заводдо—ким? Ал заводдо канча стахановчу бар? Стахановчулардын кеңешмеси качан болду? Кеңешмеге кимдер катышты? Кеңешмеде ким доклад жасады? Жарыш сөзгө кимдер чыгып сүйлөштү? Кеңешмеде стахановчулар эмне кылуу үчүн убадаларын беришти? Стахановчулардын кеңешмеси нече күнгө созулду? Кеңешме кайда болду? Ар күнү кеңешменин артынан эмне болуп турду? Кеңешме кандай өттү?

Кеңешменин артынан катышуучуларга эмне берилди? Кимдер абдан ыраазы болуп кайтышты? Стахановчулар өз цехтерине келгенде, андагы жумушчуларды чогултуп алып, эмне айтты? Нормасын мурункусунан да ашыгы менен орундатуу үчүн кимдер жакшы тырышып иштеп жатат?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

§ 39. Таш көмүр.

Таш көмүр отундардын эң жакшысы. Таш көмүрдү жумушчулар жердин астынан казып алышат.

Биздин Советтер Союзунда таш көмүр кени абдан көп. Ташкөмүр заводдордо, мекемелерде, паровоздордо жана башка жерлерде жагылат. Таш көмүр башка отундарга караганда берекелүү болот. Таш көмүрдүн мааниси өтө чоң.

Таш көмүрдүн кени бизден алыс эмес. Биз ар күнү таш көмүр жагабыз. Казылган таш көмүрлөр, таш көмүр чыгып турган жерлерге жиберилет. Менин атам шахтыда иштейт. Бул шахтыда көп жумушчулар иштейт.

Сөздөр: таш көмүр — каменный уголь, отун — топливо, жердин астынан—из-под земли, казып алат—выкапывает (добывает), таш көмүр кени—залежи угля, мааниси—значение, алыс эмес—недалеко.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

ТАШ КӨМҮР.

— Таш көмүр кандай отун?
— Таш көмүр абдан жакшы отун.
— Таш көмүр кени силерден алыспы?
— Таш көмүр кени бизден алыс эмес.
— Сиздердин үйүңүздөрдө таш көмүр көппү?
— Биздин үйдө таш көмүр абдан көп.
— . . . . . ?
— . . . . . .

ОТУН.

— Сиздер отунду кайдан аласыздар?
— Биз отунду токойдон алабыз.
— Отунду кайсы убакта аласыздар?
— Биз отунду күзүндө алабыз.
— Сиздерге отун көп керек болобу?
— Ооба, бизге отун көп керек болот.
— . . . . . ?
— . . . . . .

МЕКЕМЕ.

— Бу мекемеби?
— Ооба, бу мекеме.
— Бу кандай мекеме?
— Бу районо.
— Бу мекемеде канча кызматчы иштейт?
— Бу мекемеде бир нече кызматчы иштейт.
— . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Таш көмүр кандай отун? Таш көмүрдү жумушчулар кайдан казып алышат? Биздин Советтер Союзунда таш көмүр кени көппү? Таш көмүрдү кайда пайдаланат? Таш көмүр башка отундарга караганда кандай болот? Таш көмүрдүн мааниси кандай? Таш көмүрдүн кени сиздерден алыспы? Сиздер ар күнү эмне жагасыздар? Казылган таш көмүрлөр кайда жиберилет? Сиздин атаңыз кайда иштейт? Бул шахтада канча жумушчу иштейт?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

В Советском Союзе очень много каменного угля. Каменный уголь—самая хорошая топка. Каменным углем топят заводы, фабрики, паровозы. Каменного угля в Киргизии тоже много. Наш колхоз недалеко от шахты. Мой отец работает в колхозе. Старший брат работает на шахте. В прошлый выходной я с братом ходил на шахты. Он мне показывал шахты и рассказал, как добывается уголь.

Дома мы ежедневно топим печи углём. Углём топить экономно и хорошо.

§ 40. Глаголы желательной формы—тилек этиш.

Образование глаголов желательной формы с аффиксом „гай“ и частицей „эле“.
Гласная и согласная в аффиксе „гай“ желательного глагола изменяются в соответствии с гласной и согласной последнего слога основного глагола (кел+гай—келгей эле, бол+гай—болгой эле, ач—гай—ачкай эле).
При изменении по лицам в глаголах с частицей „эле“ личные окончания прибавляются к частице „эле“ (жазгай элем, жазгай элен, жазгай эле,—элек,—элениз—элек,—элеңиздер).

Таблица аффиксов желательной формы.

Если в последнем слоге слова гласная а, ы, я, у, ю, то *гай, кай*;
» » » и, э, е, » *гей, кей*;
» » » о, ё, » *гой, кой*;
» » » ө, ү, » *гөй, көй*.

Жазгай элем.
Билгей элем.
Болгой элем.
Көргөй элем.

Примечание: После глухих согласных „г“ аффикса переходит в „к“.

Ач+гай=ач*кай* элем,
ич*кей* элем,
от*көй* элем.

Мисалы:

Мен баргай элем, сен баргай элең, ал баргай эле, алар барышкай эле, биз баргай элек, сиз баргай элеңиз, биздер баргай элек, сиздер баргай элеңиздер.

Мен билгей элем, сен билгей элең, ал билгей эле, силер билгей элеңер, алар билишкей эле, биз билгей элек, сиз билгей элеңиз, биздер билгей элек, сиздер билгей элеңиздер.

Көнүгүү:

Мен Москвага баргай элем—как бы мне поехать в Москву. Метрону көргөй элем—как бы (хотя бы) увидеть мне метро. Бүгүн мен отлично алгай элем—как бы (хотя бы) мне сегодня получить отлично. Бүгүн биз ушул иште бүтүргөй элек.


Көнүгүү:

Образуйте и напишите примеры с глаголами желательной формы столбцами в 1-м лице, во 2-м лице и т. д., образуя их от следующих слов:

оку, тап, көр, ойно, сакта, ач, орундат, сүйлө, бийле, ырда, сатып ал.

Үлгү:

Мен окугай элем.	Сен окугай элең.
Мен тап	Сен тап . . . . .
. . . көр	. . . көр . . . . .
. . . ойно	. . . ойно . . . . .
. . . сакта	. . . сакта . . . . .
. . . ач	. . . ач . . . . .
. . . . .	. . . . .
. . . . .	. . . . .
Ал окугай эле	Силер окугай элеңер
. . . . .	. . . . .
Алар окугай эле	Биз окугай элек.
. . . . .	. . . . .
Сиз окугай элеңиз	Биздер окугай элек
. . . . .	. . . . .
Сиздер окугай элеңиздер	. . . . .
. . . . .	. . . . .
. . . . .	. . . . .
. . . . .	. . . . .



§ 41. Пароход.

Окуу жылы аяктады. Биз жайкы каникулга тарадык. Отличник пионерлер курортко бара турган болдук. Курортко пароход менен баруу керек.

Айылдан пароходго чейин машина менен келдик. Бир нече отличник пионерлерди бир мугалим жеткирип келди. Ал мугалим

кассадан бизге билет алып келди. Билетти каютага алды. Биз билетти көрсөтүп, пароходго түштүк.

Күн ачык. Жайдын күнү пароходдо жүрүү абдан көңүлдүү. Пароход пристанька келип токтоду. Пристаньдын жанында гостиница бар экен. Биз гостиницага буюмдарыбызды койдук.

Пристаньга барып, кайык алдык. Кайыкка минип, тамаша кылдык. Балык кармадык. Сууга түштүк. Кечинде гостиницага келип жаттык. Эртең менен биз үчүн атайын машина келди. Биз машинага минип, курортко келдик. Курортто жакшы эс алдык.

Сөздөр: окуу жылы—учебный год, аяктады—кончился, жайкы—летний, жеткирип келди—провожал (сопровождал), көңүлдүү—весело, буюм—вещи, биз үчүн—для нас, атайын машина—специальная машина, эс алдык—отдыхали.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Окуу жылы аяктадыбы? Сиздер кайсы каникулга тарадыңыздар? Отличник пионерлер кайда бара турган болду? Курортко эмне менен барууга керек? Айылдан пароходго чейин эмне менен келдиңиздер? Отличник пионерлерди ким жеткирип келди? Ал мугалим сизге кассадан эмне алды? Билетти каютага алдыбы?

Сиздер, билетти көрсөтүп, эмнеге түштүңүздөр? Күн кандай эле? Жайдын күнү пароходдо жүрүү кандай? Пароход кайда келип токтоду? Пристаньдын жанында эмне бар экен? Сиздер буюмдарыңыздарды кайда койдуңуздар? Пристаньга барып, эмне сатып алдыңыздар? Кайыкка минип, эмне кылдыңыздар? Балык кармадыңыздарбы? Сууга түштүңүздөрбү? Кечинде кайда барып жаттыңыздар? Эртең менен сиздер үчүн атайын машина келдиби? Сиздер машинага минип, кайда бардыңыздар? Курортто кандай эс алдыңыздар?

Тапшырма:

Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

В прошлом году, в июне месяце, кончился учебный год. Отличников посылали на курорт. На курорт надо было ехать пароходом. Наш колхоз недалеко от пристани. До пристани мы ехали на подводе. Из нашей школы ехали пятнадцать отличников. Нас провожал один учитель. Учитель подошёл к кассе и купил для нас билеты. На пароходе ездить хорошо и весело. Мы на пароходе ехали несколько дней.

Пароход подошёл к пристани и остановился. Мы сошли с парохода. Около пристани был дом пионеров. Мы остановились в доме пионеров. Там покушали и пошли к пристани. Взяли лодки и покатались. Купались долго. К вечеру вернулись обратно.

Утром пришла машина. Мы сели на машину и приехали на курорт. Сразу пошли в баню. На курорте жили один месяц. На курорте было хорошо и весело.



§ 42. Футбол оюнов.

Жакында биздин мектептин окуучулары стадионго барып, футбол ойнодук. Стадионго эл көп чогулду. Эки жактан эки команда чыкты. Биринчи командanын кийгендери кызыл майка, экинчи командanын кийгени көк майка.

Командаларды көргөндө эл кол чабышты. Судья карап турду. Оюн башталды. Биринчи команда топту экинчи командanын воротасынан өткөрө турган болду, бирок воротаны сактап турган адам жиберберди. Топту дагы кууп келишти, дагы жиберген жок. Үчүнчү жолу топ воротадан өтүп кетти.

Үч партия ойнодук. Эки партияны биринчи команда алды. Бир партияны экинчи команда алды.

Жетекчибиз оюндун натийжасын жариялады.

Сөздөр: эл—народ, чогулду—собрались, жак—сторона, кол чабышты—аплодировали, топ—мяч, жибербеди—не пустил, өтүп кетти—прошёл, жетекчи—руководитель, натийжа—результат, жариялады—объявил.

Тапшырма:

Сөздөрдү жаттагыла.

Сүйлөшүү:

ЧОГУЛДУ.

—Эл чогулдубу?
—Ооба, эл чогулду.
—Пионерлер саат нечеде чогулат?
—Пионерлер саат беште чогулат.

— Пионерлер саат беште кайда чогулат?
— Пионерлер саат беште клубга чогулат.
— Кечээ алтынчы класстын окуучулары кайда чогулду?
— Кечээ алтынчы класстын окуучулары мектепке чогулду.
— . . . . . ?
— . . . . . .

КОЛ ЧАБЫШТЫ.

— Кимдер кол чабышты?
— Отурган эл кол чабышты.
— Чогулушта сен сүйлөгөндө кол чабыштыбы?
— Чогулушта мен сүйлөгөндө кол чабышты.
— . . . . . — . . . . . ?
— . . . . . .

Суроолор:

Сиздин мектептин окуучулары стадионго качан барып футбол ойноду? Кайда эл көп чогулду ? Канча команда чыкты? Биринчи команданын кийгени кандай майка, экинчи команданын кийгени кандай майка? Командаларды көргөндө кимдер кол чабышты? Ким карап турду? Оюн башталдыбы? Биринчи команда топту эмне кылды? Топту дагы кууп келдиби? Үчүнчү жолу топту кайдан өткөрүп кетти? Нече партия ойнодуңуздар? Эки партияны кайсы команда алды? Бир партияны кайсы команда алды? Оюндун натийжасын ким жариялады?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

Вчера ученики нашей школы ходили на стадион. Время было пять часов. Народу собралось много. Первую команду называли „Динамо", а вторую команду—„Фрунзе". Появились команды. Народ долго аплодировал появлению команды. Игра начинается. Все участники игры играли очень напряжённо. Мяч носится по полю. Сейчас он прорвётся в ворота. Ворота зорко охраняются. Слышится напряжённое дыхание. Мяч прямо летит в ворота. Но вратарь бросается на землю. Он отразил противника. Публика аплодирует. Мяч снова носится по полю.

§ 43. Ишенимдүү сторож.

Кыштакта мөмө жыгачы абдан көп эле. Жазында бак гүлдөдү. Калың жалбыректын арасында түрдүү куштар сайрашты. Күзүндө алма, алмурут, кара өрүк жана башкалар абдан көп болду.

Күзүндө бир күнү балдар жыйналды. Тобу менен бакка барышты. Чымчыктардын уяларын бузушту. Чымчыктар ал бактан качып жоголушту. Бакта бир да чымчык калган жок. Күз өттү. Кыш келди. Кыштан кийин жаңы жаз келди. Бирок бак жым-жырт. Эч кандай дабыш билинбейт.

Бакта курт-кумурска көбөйдү. Курт-кумурсканы жей турган чымчыктар жок. Алар жалбыректарды жеп койду. Жайдын күнү мөмөлүү жыгачтар жалбыраксыз, кыштын күнкүдөй болуп турду. Күзүндө эч кандай мөмө болбоду.

Чымчык мөмөлүү бактын ишенимдүү сторожу. Бактагы зыяндуу курт-кумурскаларды терип жейт.

Сөздөр: ишенимдүү—надёжный, мөмө жыгачы—фруктовые деревья, гүлдөдү—цвели, калың—густой, жалбырак—лист, сайрашты—пели, тобу менен—толпой, уялар—гнёзда, бактан качышты—покинули сад, калган жок—не остался, бирок—но, жым-жырт—тишина, эч кандай—никакой, дабыш—звук, курт-кумурска—насекомые.

Тапшырма:
Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

Суроолор:

Кайда мөмөлүү жыгачтар абдан көп? Бак качан гүлдөдү? Калың бактын арасында эмнелер сайрашты? Күзүндө эмнелер көп болду? Күзүндө бир күнү кимдер жыйналды? Тобу менен кайда барышты? Чымчыктардын уяларын эмне кылышты? Чымчыктар кайда качып жоголушту? Бакта чымчык калдыбы? Күзүндө эмне болду? Эмне келди? Кыштан кийин кандай жаз келди? Бак кандай болду? Бакта дабыш билинеби? Курт-кумурска кайда көбөйдү? Бакта курт-кумурска жей турган куштар барбы? Жалбыректарды эмне жеп койду? Жайдын күнү мөмөлүү бактар кандай болуп турду? Күзүндө мөмө болдубу?

Чымчык мөмөлүү бактын эмнеси? Бактагы зыяндуу курт-кумурсканы эмне терип жейт?

Тапшырма:
Суроолорго жооп жазгыла.

Кыргызчага которуңуздар.

В одной деревне было очень много фруктовых садов. Деревья весной цвели, в густой зелени пели птицы. Осенью много собрали яблок, груш, слив и других фруктов.

Ребятишки собрались толпой. Пошли во фруктовый сад. Разорили птичьи гнёзда. Птицы покинули сад и больше не вернулись. В саду не осталось ни одной птицы. Пришла зима. После зимы пришла новая весна. В садах тихо.

В саду развелись вредные насекомые. Они пожрали не только цветы, но и листья. Летом фруктовые деревья стояли голые, как зимой. Осенью не оказалось никаких фруктов. Птицы—самые верные сторожа сада.

На другом краю деревни был тоже такой же фруктовый сад. В этом саду ребята не разорили птичьи гнёзда. Вредных насекомых в этом саду не было. Их уничтожали птицы. Там осенью было много яблок, груш, слив и других фруктов.

ХРЕСТОМАТИЯ.

5-чи КЛАСС

В. И. ЛЕНИНДИН МЕКТЕП ТУРМУШУНАН—



Володянын Коля Нефедьев деген жолдошу бар. Коля эсепти билбейт. Абдан капа болду. Бир күнү Коля Нефедьев Володяга келди.

„Володя, сен мага эсептен жардам бер"—деди. Володя ар дайым жолдошторуна жардам берет. Дароо китепти алды. Коляга түшүндүрдү. Коля эсепти жакшы билди.

Володя ар күнү гимназияга жарым саат эрте келет. Жолдошторуна жардам берет.

Володя класска келгенде, балдар мындай дейт:

Ульянов келди! Володя! Жардам бер! Жаңы эреже түшүндүр!

Балдар Володяга кезекке турушат. Володя балдарга айтып берет, түшүндүрөт. Окуучулардын баары Ульяновду абдан жакшы көрөт.

Володя сабакта тынч отурат. Мугалим сураса, туруп жооп берет. Бардык сабакты жакшы билет. Отметкалары ар дайым „беш".


Сөздөр: эсеп—арифметика, капа болду—расстроился, жардам—помощь, деди—сказал, мага—мне, ар дайым—всегда, дароо—сразу, түшүндүрдү—объяснял, жарым—половина, мындай дейт—так говорят, эреже—правило, кезекке—на очередь, тынч отурат—не шалит, сидит тихо.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

5-ый КЛАСС

СТАЛИН МЕНЕН.



Туу көтөрүп майрамдайбыз,
Эрик бизде, таң бизде.
Алга баскан жениш менен,
Кайгысы жок эл бизде.
Адамзаттын акылманы,
Улуу Сталин шер бизде!

Сөздөр: туу—знамя, эрик—свобода, таң—свет, алга—вперёд, жениш—победа, кайгысы жок—горя нет, адамзат — человечество, акылман—мудрец, шер—храбрый (сильный), Улуу—Великий.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Ырды жаттагыла.

И. В. СТАЛИНДИН МЕКТЕПТЕ ОКУП ЖҮРГӨН ЖЫЛДАРЫ—

—ШКОЛЬНЫЕ ГОДЫ И. В. СТАЛИНА.

И. В. Сталин эртең менен эрте турат. Таза жуунат. Кийимдери таза.

Мектепке эрте келет. Балдар И. В. Сталинди алыстан таанийт.



— Мына, биздин Иосиф, келе жатат—деп, кыйкырышат. Астынан тозуп чыгат. Иосиф топту да жакшы ойнойт. Ал жакшы ойной турган балдардан тандап алат. Оюнда анын партиясы ар дайым жеңет. Иосиф уактысын бошко жибербейт. Уактысы болсо, дароо китеп окуйт.

Китепканада ал окубаган китеп жок. Кийин китепти магазинден сатып алып окуду. Окуган китебин бүт билет, башкаларга айтып берет. Анын айткандарын чоң кишилер да угушат. Чондор таң калышат.

Иосиф бардык сабакты окуучулардан жакшы билет. Жолдошторуна ар дайым жардам берет.

Он беш жашта мектепти бүтүрдү. Мактоо кагаз алды.

Иосиф Виссарионович Сталин—Улуу көсөм, сүйкүмдүү мугалимибиз жана атабыз.

Сөздөр: алыстан—издали, тааныйт—узнают, кыйкырышат—кричат, топ—мяч, тандап алат—выбирает, оюн—игра, анын—его, женет—побеждает (победят), чоң киши—взрослые, угушат—слушают, таң калат—удивляется, мактоо кагаз—похвальный лист. Улуу көсөм—Великий вождь, сүйкүмдүү—любимый.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

МЕКТЕПТЕГИ МИТИНГА.

Биринчи сентябрь күнү окуу жылы башталды. Эртең менен көчө-көчөдөн балдар топ-топ болуп, мектепке жыйналышты. Райондук партия, совет уюмдарынан өкүлдөр келишти. Мектептин короосуна жыйналды. Мектептин директору митингени ачты.

Райондон келген өкүлдөр жаңы окуу жылын куттукташты. Окуучулардын тартипти сактоо жана билимге ээ болуу жөнүндө айтышты.

Биздин класстын бир окуучусу чыгып мындай деди: Советтер өлкөсүнүн балдары сүйкүмдүү атабыз Сталинге узун өмүр тилейбиз!

Жашасын, бизди жыргалдуу турмушка жеткизген Улуу Сталин!

Дүркүрөгөн кол чабуулар.

Советтер Союзунун гимнасын ырдадык. Митинг аяктады.

Сөздөр: топ-топ болуп—группами, көчө-көчөдөн—по всем улицам, уюм—организация, өкүл—представитель, куттукташты—поздравляли, билим—знание, билимге ээ болуу жөнүндө—о приобретении знаний (об овладении знанием), мындай деди—сказал так, өлкө—страна, узун өмүр тилейбиз—пожелаем долгой жизни, жыргалдуу турмуш—счастливая жизнь, дүркүрөгөн кол чабуулар—громкие аплодисменты.

БАЛДАРДЫН КӨЗ АЙНЕГИ.

Таята мага көз айнек сатып бергин—деди, Асанкул таятасына.

— Аны эмне кыласың?—деди, таятасы.

— Мен да сага окшоп, китеп окуймун.

— Макул, мен сага көз айнек сатып берейин, бирок балдар үчүн арналган көз айнек алам—деди. Таятасы бир аз күндөн кийин, ага алиппе сатып берди.

Сөздөр: балдардын көз айнеги—детские очки, таята—дедушка, деди—сказал, сага окшоп—как ты, окуймун—буду читать, макул—ладно, бирок—но, балдар үчүн арналган—предназначенный для детей, ага—ему, алиппе—букварь.

Тапшырма:

1. Сөздөрдү жаттагыла.

2. Расскажите своими словами содержание статьи „Балардын көз айнеги".

КҮН КЫСКАРДЫ.

Биз эрте турдук. Таза жуундук. Тамак ичтик. Андан кийин мектепке бардык. Мектепте сабакты окудук. Үйлөрүбүзгө жөнөдүк. Үйгө келдик. Чечиндик, тамак ичтик. Тамактан кийин бир аз эс алдык. Андан кийин эшикке чыгып ойнодук. Бир аздан кийин кеч кирди. Үйлөрүбүзгө кайттык. Сабак даярдоого отурдук. Мына ошентип, күн батты. Караңгы болду. Үйгө шам жагылды. Күндүн кандай өткөнү билинбей калды.

Кыш айларында күн кыскарат, түн узара баштайт. Күндүн абдан кыскарып, түндүн абдан узарып, токтогон күнү—22-декабрь.

Сөздөр: күн—день, кыскарды—укоротилось (убавился), узара баштады—прибавилась, жөнөдүк—отправились, чечиндик—разделись, бир аз—немного, эс алдык—отдыхали, кеч кирди—настал вечер, мына ошентип—таким образом, күн батты—солнце село, караңгы—темно, шам—лампа.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

КАРАГАТ ТЕРҮҮ.

Ваня менен Сергей карагат терүү үчүн тоого барышты. Карагат абдан көп. Карагатты көп териштн. Идиштерин толтурушту. Үйүнө алып келишти. Энелерине беришти.

—Мына, карагат терип келдик. Алгыла!—деди, алар.

Сөздөр: карагат—чёрная смородина, терүү үчүн—для собирания, толтурушту—наполнили, идиш—посуда, беришти—дали, алгыла—возьмите.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

2. Расскажите о прогулке за ягодами.

УЙ.

Уй—жакшы мал. Уй тазалыкты сүйөт. Уйду жакшы багуу керек. Уягында жем чөп берип туруу керек. Уягында сугаруу керек. Уйдун жаткан жайын тазалап туруу керек.


Биздин уй абдан сүттүү.

Күнүнө үч маал саайбыз. Сааган сайын 10 литр сүт берет. Биз уйду жакшы багабыз. Жем чөптү норма боюнча беребиз. Уягында сугарабыз.

Сөздөр: мал—скот, тазалык—чистота, сүйөт—уважает, багуу керек—ухаживать надо, увагында—во-время, жем—фураж (корм), чөп—сено, сугаруу керек—надо поить, жаткан жайы—местонахождение, тазалап туруу керек—надо чистить, сүттүү—молочная, уч маал—три раза, саайбыз—доим сүт—молоко, норма боюнча—по норме.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.



КӨК МУЗОО.

Гүлбааранын апасы колхоздо жакшы иштеп жүрдү. Жумушка эрте чыгат. Бир күн да жумуштан калбады. Ошондуктан эпкиндүү болуп, бир асыл тукумдуу музоо менен сыйланды. Алган музоосу көк эле.

Аны Гүлбаара бакмак болду. Ал мектепте окуйт. Бардык сабактарынан „жакшы“, „эң жакшы“—деген баалар алып жүрдү.

Күнүгө сабактан келгенде музоону карайт. Андан кийин сабагын даярдайт.

Апасы музоону кандай кылып багууну үйрөтүп жүрдү.

Гүлбаара музоону таза багып жүрдү. Жата турган жерин ар дайым тазалап, кургак самандан төшөп коёт. Таза чака менен суу берет. Тамакты уактысы менен берет.

Мына, ушундай жакшы баккандыктан, музоосу кыштан семиз чыкты.

Жаз чыкканда музоону жакшы; көк чөптүү жерге бакты. Көк музоо чоң жакшы болду. Оюн салып, Гүлбааранын сүзүп ойнойт.

Гүлбаара эң эле кубанып жүрдү. Гүлбаара көк музоонун жанында мындай деп ырдайт:

Сөздөр: көк—мышастый (синий, сизый), чыгат—выходит, ошондуктан—поэтому, эпкиндүү—ударница, сыйлады—премировали, эң жакшы—отлично, баалар—оценки, үйрөтүп жүрдү—учила, семиз—упитанный, сүзүп ойнойт—бодая, играет.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Расскажите, как вы ухаживаете за домашними животными.

КӨК МУЗОО.

— Ой, көк музоо, көк музоо!
Жемге, чөпкө семирдиң.
Кундуз жүнүң кулпунуп,
Баш бербедиң, элирдиң.
Ой, көк музоо, көк музоо!
Моюнчаңды үзбөгүн.
Сылап, сыйпап бакчу мен,
Куру бекер сүзбөгүн.
— Ой, көк музоо, көк музоо!
Айран, сүтүң көлдөсүн.
Өзүң өндүү музоону,
Ферманын ую төлдөсүн.

Сөздөр: кундуз—выдра, кулпунат—отливает (блестит), элирдиң—набрался энергии, моюнчак—ошейник, нашейник, сылап-сыйпап—гладя (лаская), куру бекер—напрасно, зря, сүзбө—не бодайся.

Тапшырма:

1. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
2. Ырды жаттагыла.

КҮЧҮК.

— Ысмайыл, мына бу күчүктү ал. Жакшылап бак. Бул азыр жаш. Муну чоңойт—деди, атасы.

Ысмайыл күчүгүнө „Каблан“ деген ат койду. Күчүгү чоңойду. Абдан короочу болду.

Ысмайыл күчүгүн сүйөт. Күчүгү Ысмайылды сүйөт.

Каблан короого карышкыр жибербейт.

Сөздөр: жакшылап бак—хорошо ухаживай, жаш—молодой, деди—сказал, ат койду—дал имя, короочу—сторожевая, карышкыр—волк.

Тапшырма:

Жаңы сөздөрдү жаттагыла.

БААТЫР ИТ.

— Ит, эмне үрөсүң?
— Карышкырды коркутам.
— Ит, куйругунду эмнеге кысасың?
— Карышкырдан корком.

Сөздөр: ит—собака, үрөсүң—лаешь, коркутам—пугаю, куйрук—хвост, кысасың—поджала, корком—боюсь.

МЫШЫК.

Мышыктын баласы короодо ойноп жүрдү. Абдан көңүлдүү, абдан кубанычтуу.

Күтпөгөн учурда итти көрдү. Селт эте түштү. Белин бүкчүйттү. Төрт буту менен жерди бекем басып, муруттарын сербейтти.

Ит тим басып өттү. Ит өтүп кеткенче:

„Тийсең эле курудуң"—дегендей болуп, тумшугун кыймылдатып, кышылдайт.

Сөздөр: мышык—кошка, короо—двор, кубанычтуу—радостно, күтпөгөн учурда—неожиданно, селт эте түштү—вздрогнул, белин бүкчүйттү—стал крючком, тийсең эле курудуң—если заденешь, то пропадешь.

Тапкыла—отгадайте

Тону бар, киерине
Чапаны жок,
Муруту бар, ээгинде
Сакалы жок.

Сөздөр: мурут—ус, сакал—борода, ээк—подбородок.

ЁЛКА.

Мына, ёлка карачы,
Тегеренип ойнойбуз.
Биз советтин балдары,
Жаңылыкты ойлойбуз.
Жаңы жылды куттуктап,
Өсүштү санап ырдайбыз.
Кучагында өлкөмдүн,
Шаттык менен жыргайбыз.

Сөздөр: карачы—посмотрите (смотрите), тегеренип—вокруг (кружась), куттуктап—поздравляя, өсүү—вырастание (рост), шаттык—радость, жыргайбыз—наслаждаемся.

Тапшырма:

Ырды жаттагыла.

ИТ МЕНЕН КАРГА.

Эшик алдында байланган ит сөөк кемирип жатты. Ошол уакта эки карга учуп келди. Иттин жанына конду. Алар сөөктү тартып алмак болду.

Каргалардын бири иттин куйругун чокуду. Ит, карганы кабайын деп, мойнун бурганда экинчи карга сөөктү алып кетти.

Сөздөр: карга—ворона, алдында—перед, байланган—привязанная, сөөк—кость, кемирип жатты—грызть, ошол уакта—в это время, учуп келди—прилетели, иттин куйругун чокуду—клюнула хвост собаки.

ТӨӨ.


Бак жана чөптөр болсо, суулуу жерде өсөт. Суусуз, чөпсүз жерде төө адамга чоң кызмат кылат. Себеби—төө ысыкка эң чыдамдуу мал болот. Ал бир нече күн суу ичпей, чөп жебей, оор жүктөрдү жана кишилерди ташыйт.

Сөздөр: суусуз—безводный, чөпсүз—без сена, себеби—потому что, оор жүк—тяжёлый груз, ташыйт—перевозит.

Табышмак—загадка.

Апан тапан,
Жаман чапан.
Ийри комуз—
Жарык жылдыз.

Сөздөр: ийри—неровный, комуз—музыкальный инструмент, жарык—свет, светлый, жылдыз—звезда.



ЭКИ ЭЧКИ.

Бир күнү эки эчки жайытка чыкты. Өзөндүн боюна барды. Өзөндө терең суу болот. Сууга арта салынган ичке жыгачты көрөт. Ошол ичке жыгач аркылуу өйүзгө өтмөкчү болушат. Бирок алар бири бирине жол беришпейт. Жол талашат. Сүзүшө кетет. Сүзүшүп жатып, экөө тең сууга түшүп кетишет.

Сөздөр: жайыт—пастбища, өзөн—река, русло реки, долина реки, терең—глубокий, арта салынган—переход (узкий мостик через ручей), ичке жыгач аркылуу—по тонкой жёрдочке, жол беришпейт—не уступают, талашат—спорят, сүзүшө кетет—бодаются, экөө тең—обе, оба, сууга түшүп кетти—упали (падали) в воду.

БАЛЧЫЛАР.

Жаз келди. Өсүмдүктөр гүлдөй баштады.

Балчылар чыга башташты. Ал балчылар—аарылар.

Алар гүлдөрдү сорушат. Бал жасашат.

Балчы абышка бал челектерди орнотту. Аарылар бал челектерге бал жыйнай баштады.

Бир күнү балдар бал челектерден бал жемек болушту. Бирок балдарды аарылар жолоткон жок.

Аарылар Балды өздөрү жасайт, өздөрү кайтарат.

Сөздөр: балчылар—пчеловоды, өсүмдүктөр—растения, аарылар—пчёлы, сорушат—сосут, высасывают, бал—мёд, абышка—дедушка (старик), бал челек—простой улей, орнотту—установил, жыйнай баштады—начали собирать, жемек болушту—хотели покушать, жолоткон жок—не допустил, жасайт—сделает, кайтарат—сторожит.

АТАСЫНЫН БЕРГЕН САТЫ.

Акматтын тууган күнүнө белек кылып, атасы саат берди. Акмат ар увакытта сааттын чыкылдаганын тыңшайт. Саат чык-чык этет. Сонун чыкылдайт экен—деп, ойлонот.

Акмат жолдоштору менен ойноп жүрүп, сууга түшмөк болду. Анда:

— Сен колуңдан саатыңды алып кой,—деди Адыл.

— Жок, колумдан түшүрбөйм,—деди, Акмат.

— Аның эмнең? Саат менен сууга түшөсүңбү?—деди, Адыл.

— Саат менен түшөм, колумдан эч качан чечпейм—деди, Акмат.

Ошентип сууга түштү. Саатка суу кирди да токтоп калды. Акмат суудан чыкты да ыйлады.

— Ой, мен саатты эмне кылдым! Ой эмне кылдым! Атам берген саатты буздум!—деп ыйлады.

Акмат атасы менен саат устасына барды. Уста саатты ошо замат оңдоп койду. Акмат кубанып, күлүп жиберди.

Сөздөр: саат—часы, белек—подарок, тууган күнү—день рождения, чыкылдаганын—тиканье, тыңшайт—слушает, сонун—замечательно, аның эмне—почему, токтоп калды—остановились, ыйлады—заплакал, буздум—испортил, ошо замат—сразу, оңдоп койду—исправил, күлүп жиберди—засмеялся.

КЫРГЫЗСТАН.

Кыргызстан—негизинен мал чарба республикасы. Пахтачылык, эгинчилик, кенчиликке окшогон чарбачылыгы да өтө көп. Түштүгүндө пахта айдалат. Түндүгүндө эгин айдалат, мал өстүрүлөт. Кыргызстандын түштүгүндө: Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Кызыл-Кыя таш көмүр кендери бар. Кыргызстанда кант заводу, механикалык завод, жибек, нооту фабрикалары бар. Кинолор, театрлар бар. Дагы көп өнөр жайлар бар. Алар иштеп жатат. Аларда иштеп жаткан жумушчулардын турмушу абдан жакшы. Алар маданияттуу турушат.

Сөздөр: негизинен—в основном, мал-чарба—скотоводческий, эгинчилик—хлебопашество (земледелие), кенчилик—добывающая промышленность (промысел), түштүк—юг, түндүгүндө—на севере, таш көмүр—каменный уголь, жибек—шёлк, ноот—сукно, өнөр жай—промышленность, турмуш—жизнь, маданияттуу—культурно.



Биз, Совет өлкөсүнүн балдары, жыргалдуу турмушта турабыз.

Биздин турмушту ким жыргалдуу кылды? Биздин өлкөнү ким жыргалдуу кылды?

Большевиктердин партиясы.

Ленин—Сталиндин партиясы.

Сөздөр: өлкө—страна (край), жыргалдуу—счастливый, кылды—сделал.



СТАЛИН ӨЗ АТАБЫЗ.

Кучактатып мойнунан,
Алма берип колунан.
Эркелетип атабыз,
Эркин өсүп жатабыз.

Жайнап жашыл гүлдөйбүз,
Кайгы-капа билбейбиз,
Ойнойбуз да, жыргайбыз,
Жыргал ырын ырдайбыз.

Жыргап эркин жатабыз,
Сталин өз атабыз.
Портретин көтөрүп,
Көчөлөрдөн өтөлүк.

Сөздөр: кучакта—обнимай, обойми, моюн—шея, эркелетип—лаская, эркин—свобода, гүлдөйбүз—цветём, кайгы-капа—горе, нужда.

Тапшырма:
Ырды жаттагыла.

И. В. СТАЛИН.



Биздин атабыз Улуу Сталин—Советтер Союзунун Генералиссимусу. СССР элдери Сталинди өзүбүздүн бир тууган Сталинибиз деп аташат. Ал биздин сүйгүнчүктүү жолбашчыбыз жана атабыз.

Сталин атабыздын жетекчилиги астында биздин Кызыл Армиябыз адам баласынын душманы болгон фашисттерди кыйратып салды. Атабыз Сталин бизди жыргалдуу турмушка жеткирди. Атабыз Сталинге узун өмүр тилейбиз.

Сөздөр: бир тууган—родной, сүйгүнчүктүү—любимый, жолбашчы—вождь, жетекчилиги астында—под руководством, адам баласынын душманы—враги человечества, кыйратып салды—окончательно уничтожил, узун өмүр тилейбиз—желаем долгой жизни.

СТАЛИН ТУУРАЛУ ЫР.

Чолпонумсун тандагы,
Жарык берген дүйнөгө.
Элим үчүн жаралып,
Эрик бердин сүйлөөгө.

Сөздөр: чолпон—звезда, тандагы—перед зарёй, дүйнөгө—всему миру, эрик—свобода.

Тапшырма:
Ырды жаттагыла.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН ГИМНИ.

Эркин республикалар бекем союзун,
Түбөлүккө бириктирди Улуу Русь.
Жашасын элдердин эркинен түзүлгөн
Бирдиктүү, кубаттуу Советтик Союз!

Элдер достугунун ишенимдүү тиреги,
Биздердин эркин мекен данктанат!
Советтердин туусу, элибиздин туусу,
Жеңиштен жеңишке алып барат!

Добулду жарып, эркиндик күн нур чачты,
Улуу Ленин бизге жарык жол ачты.
Элдер үчүн Сталин биздерди өстүрүп,
Эмгек менен эрдиктерге шыктантты.

Элдер таалайынын ишенимдүү тиреги,
Биздердин эркин мекен данктанат!
Советтердин туусу, элибиздин туусу,
Жеңиштен жеңишке алып барат!

Биз армияны согуштарда өстүрдүк,
Бетпак зордукчуну жексен кылабыз!
Майданда чечип келечектин тагдырын,
Биз мекенди данкка алып барабыз!

Элдер атагынын ишенимдүү тиреги,
Биздердин эркин мекен данктанат!
Советтердин туусу, элибиздин туусу,
Жеңиштен жеңишке алып барат!

ГИМН СОВЕТСКОГО СОЮЗА.

Союз нерушимый республик свободных
Сплотила навеки Великая Русь.
Да здравствует созданный волей народов,
Единый, могучий Советский Союз!

Славься, Отечество наше свободное,
Дружбы народов надёжный оплот!
Знамя советское, знамя народное
Пусть от победы к победе ведёт!

Сквозь грозы сияло нам солнце свободы,
И Ленин великий нам путь озарил.
Нас вырастил Сталин—на верность народу,
На труд и на подвиги нас вдохновил.

Славься, Отечество наше свободное,
Счастья народов надёжный оплот!
Знамя советское, знамя народное
Пусть от победы к победе ведёт!

Мы армию нашу растили в сраженьях,
Захватчиков подлых с дороги сметём!
Мы в битвах решаем судьбу поколений,
Мы к славе Отчизну свою поведём!

Славься, Отечество наше свободное,
Славы народов надёжный оплот!
Знамя советское, знамя народное
Пусть от победы к победе ведёт!

ЧОЛПОНБАЙДЫН КААРМАНДЫГЫ.

Чопонбай Түлөбердиев немецтик-фашисттерге каршы күрөштө чоң каармандык иш көрсөттү.

Чолпонбайлардын бөлүгү немецтерге чабуул койду. Кызыл аскерлер немецтердин чебине жетип барышты. Ошо кезде немецтердин пулемёту катуу атып, жол бербей койду. Чолпонбай жолдошторунан илгери өттү да немецтердин пулемётун көздөй барды. Пулемётко жеткенде, анын оозун өзүнүн денеси менен каптап жата калды. Пулемёт ата албай калды. Кызыл аскерлер немецтердин чебин алып, өздөрүн кырышты.



Мына ошентип, Чолпонбай немецтерди жеңүүгө жардам кылды. Ал баатырларча өлүм менен өлдү. Аны биз эч качан унутпайбыз, сүйөбүз, сыйлайбыз. Ал Советтер Союзунун Баатыры.

Сөздөр: каармандык—геройство, күрөш—борьба, бөлүк—подразделение, чабуул койду—атаковали, катуу—сильно, жол бербей койду—не подпускали, кырышты—уничтожили, эч качан—никогда, унутпайбыз—не забудем, баатыр—герой.

Суроолор:

Немецтик-фашисттерге каршы күрөштө ким чоң каармандык көрсөттү? Кимдердин бөлүгү немецтерге чабуул койду? Ошол кезде немецтердин пулемёту кандай атып турду эле? Чолпонбай жолдошторунан илгери өтүп, кайсы жакты көздөй барды? Немецтин пулемётуна жеткенде Чолпонбай эмне кылды?

Немецтин пулемёту ата алдыбы? Кызыл аскерлер немецтердин чебин алып, немецтерди эмне кылышты?

Немецтерди женүүдө Чолпонбай кандай жардам көрсөттү? Ал кандай өлүм менен өлдү?

Чолпонбайды биз эч качан унутпайбыз, сүйөбүз, сыйлайбыз. Чолпонбай Советтер Союзунун Баатыры.



ЧАМГЫР.

(Жомок).

Иягери бир абышка чамгыр айдайт. Чамгыр өтө чоң болуп, жакшы чыгат. Чамгыр бышкандан кийин, абышка жерден сууруп алгысы келет. Абышка тартып, тартып жула албайт.

Абышка кемпирин чакырат. Абышка чамгырды тартат, кемпир абышканын этегинен тартат. Экөөлөп тартып, тартып жула алышпайт.

Амалы кеткенде кичинекей жээнин чакырат. Абышка чамгырдын сабагынан тартат, кемпир абышканын этегинен тартат, жээни таянесинин этегинен тартат. Үчөөлөп тартып да жула алышпайт. Кичине жээн Кумайыкты чакырып келет. Абышка чамгырдын сабагынан, кемпир абышканын этегинен, жээни таянесинин этегинен, Кумайык жээндин этегинен, тартат. Төртөөлөп тартып да жула алышпайт.

Айла кеткенде Кумайык мышыкты чакырып келет. Абышка чамгырдын сабагынан, кемпир абышканын этегинен, жээни таянесинин этегинен, кумайык жээндин этегинен, мышык Кумайыктын куйругунан тартат. Бешөөлөп тартып да жула алышпайт.

Такыр айла кеткенде, мышык барып, чычканды чакырып келет. Дагы кайтабаштан: абышка чамгырды, кемпир абышканын этегинен, кичине жээн кемпирдин этегинен, Кумайык жээндин этегинен, мышык Кумайыктын куйругунан, чычкан мышыктын куйругунан тартат. Акыры алтоолоп тартып, чамгырды жулуп алышат.

Сөздөр: чамгыр—репка, илгери—давным-давно, сууруп алгысы келет—хочет вытащить, тартып, тартып—тянет-потянет, жула албайт—вытащить не может, кемпир—бабушка (старуха), жээни—внучка, таянеси—бабушка, Кумайык—жучка, чычкан—мышь, жомок—сказка, абышка—дедушка.

ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ—ВРЕМЕНА ГОДА.

1 . . .	3 . . .
Күн узарат.	Эгин орулат.
Кар эрийт.	Жалбырак солунат.
Суулар толот.	Токоч толот.
Бул качан болот?	Бул качан болот?
2 . . .	**4 . . .**
Күн кызат.	Суук ызылдайт.
Чөп сызат.	Кулак тызылдайт.
Гүлдөр толот.	Күртку толот.
Бул качан болот?	Бул качан болот?

Тапшырма:

Ырды жаттагыла.

ТОКОЙДО.

Биз токойго бардык. Токойдо бак көп. Биз токойду араладык. Токойдо кайың бар. Токойдо карагай бар. Токойдо тал бар. Токойдо терек бар. Токойдо кара жыгач бар. Токойдун чөбү узун. Акмат коён көрдү. Коён бизден качты. Акмат коёнду кубалады. Биз Акматтын артынан жүгүрдүк. Коён бизге жеткирбеди. Биз катуу чуркадык. Коён бизден да катуу чуркады. Биз коёнго жетпедик. Токойдо балдар оюн курду. Биз оюн ойнодук.

Сөздөр: токой—лес, араладык—ходили (без дороги), карагай—сосна, тал—верба, терек—тополь, качты—убегал, убежал, кубалады—гнался, чуркадык—бегали, жетпедик—мы не догнали, оюн—игра.

ЖАҢЫ ҮЙДӨ.

Жумушчуларга чоң үй салынды. Ал үй фабриканын жанында. Бул үйгө Иван, Жакып үй-бүлөсү менен жана бир топ жумушчулар кириштн. Ажар да көчүп келди. Алар жаңы үйдө тура башташты. Турган бөлмөлөрү кең жана жарык. Кечкисин электр лампасы жанат. Бул үйдө клуб да бар. Жумушчуларга кино көрсөтүлөт. Үйдүн жанында кир жуугуч үй бар. Кир ошондо жуулат. Турган үйдө кир жуулбайт, ошондуктан туруучу үйлөрү таза жана көңүлдүү.

Сөздөр: үй салды—построили дом, үй-бүлө—семья, бир топ—несколько, тура башташты—начали жить, кечкисин—по вечерам, жанат—горит, көрсөтүлөт—показывается, кир жуугуч үй—прачечная, жуулат—стирается.

АЛДАБА, АЛДАСАҢ, ИШЕНБЕЙТ.

Бир күнү бир бала кой жайып жүрүп, ой ойлонду. Ою мындай: айылдагы адамдарды алдамак. Карышкыр! Карышкыр!—деп кыйкырсам, бардыгы келишет. Оой... Карышкыр!... Карышкыр!— деп кыйкырды.

Айылдагы адамдардын бардыгы мылтык, союл алышып келишти. Келишсе эч нерсе жок. Ошентип, бала эки, үч ирет алдады.

Бир күнү койго чындап эле карышкыр тийди.

Бала:—Карышкыр! Карышкыр! —деп кыйкырды. Айылдагылар:—алдап жатат, — дешип чыгышпады. Карышкыр бир канча койду тамактап, бир козуну көтөрүп кетти.

Сөздөр: алдаба—не обманывай, алдасаң ишенбейт —если обманешь, то не верят, ой—мечта (мысль), алдамак болду — решил обмануть, кыйкыр—крикни, мылтык—винтовка, союл—большая палка, эч нерсе — ничего, ирет—раз, алдады —обманул, чындап—в самом деле, алдап жатат—обманывает.

КЫШКА КАМЫНУУ.

Кирпи кышка камынды. Бир ийин тапты. Аны үй кылып алды. Үйү абдан сонун болду. Бирок төшөнчү жок болду. Кирпи төшөнчү издеди. Ар кайсы жакка чуркады. Бир топ жалбырак тапты. Тапкан жалбыректарын жыйнады. Жалбыректарга оонол, тебеледи. Жалбыректар ийнелерине сайылды. Ошентип, кирпи жалбыракты үйүнө алып келди.

Сөздөр: камынды—готовился, ийин—нора, төшөнчү—постель, издеди—искал, ар кайсы жакка—на все стороны, ооноп тебеледи—валяясь собирал, ийнелерине—на иголки, сайылды—накололись, набрались, ошентип—таким образом, кышка камынуу—подготовка к зиме.

ЖАМАН ЖОЛДОШ.

Эки бала токойго барышат. Кокусунан бир чоң аюуга жолугат. Бирөө жыгачтын башына чыга качат. Бирөө жолдо калат. Ал жолдо калган бала, аюу нак өзүн көздөй келе жатканын көрөт. Амалы кеткенден кийин, өлүмүш болуп, жатып калат. Аюу балага келет да аны жыттайт. Бала дем чыгарбай жата берет. Аюу жыттап, жыттап кетип калат.

Аюу кеткенден кийин, жыгачка чыга качкан бала жолдошуна келет.

—Сенин кулагыңа аюу эмне деп шыбырап кетти?—дейт, ал бала.

—Аюу коркунуч иш түшкөн кезде жолдошун таштай качкан киши жаман болот,—деп, айтты дейт, экинчиси.

Жолдошу уялып калат.

Сөздөр: кокусунан — случайно, жолугат—встречает, өлүмүш болуп жатып калат—притворился мёртвым, жыттайт—нюхает, дем чыгарбайт—не дышит, шыбырап кетти—пошептал, коркунуч—опасность, уялып калат—становится ему стыдно.

АРСТАНДАР ЖАНА ЖОЛБОРСТОР.

Ысык жактардагы токойлордо арстандар жана жолборстор да жашайт. Арстан да, жолборс да жырткыч айбандар. Өзүнүн алы жеткен айбандарды жейт. Арстан абдан күчтүү. Таманы менен бир серпип, өгүздү жыга алат.

Жолборс да күчтүү жырткыч жана абдан ачуулу болот. Бул экөөнө кез келген айбандардан кутулуучу аз болот.

Сөздөр: арстан—лев, жолборс—тигр, жактар—страны, жашайт—живут, жырткыч—хищные, күчтүү—сильный, таманы менен—лапой, өгүз—бык, жыга алат—может повалить, ачуулу—сердитый (злой).

КУУ ТҮЛКҮ.

Бир абышка менен кемпир бар экен. Бир күнү абышка кемпирине:

—Мен балык кармоого барайын,—деди.

—Кемпири.

Барсаң—бар,—деди.

Абышка өзөнгө барып, көп балык кармады. Чанасына салды да, үйүнө жөнөдү. Абышка келе жатып, жолдо жаткан түлкүнү көрөт. Чанадан түшүп, түлкүнүн жанына келет. Түлкү өлгөн эмедей сулк жатат.

Абышка сүйүнүп:

—Кемпириме жакалык таптым,—деп, чанага салат да чанасын айдап жүрө берет. Түлкү туруп, балыктарды бир-бирден чууруп таштай берет. Балыкты ыргытып бүтүп, өзү да түшүп кетет. Абышка сүйүнгөнүнөн артына карабайт. Ошентип, үйүнө келип, шашып:

—Кемпир, кемпир! Сага жакалык алып келдим. Алгын, ал чанада турат!—деди.


Кемпири эшикке чыгып, чанадан эч нерсе тапкан жок. Үйүнө кайра кирип:

—Кана, жакалык эмес, балыгың да жок—деди.

Абышка шашкалактап, эшикке чыгып чананы карап:

—Аттигин ай! Өлбөгөн куу түлкү турбайбы!—деп, санын бир чаап, өкүндү.

Сөздөр: куу—хитрый, чана—сани, өлгөн эмедей—как мёртвый, сүйүндү—обрадовался, жакалык—на воротник, шашат—торопится, аттигин ай—как жаль (эх), санын бир чаап—ударив по бедру, өкүндү—жалел, пожалел.



АК КУУ, ЧАЯН ЖАНА БАЛЫК.

(Тамсил).

Бир күнү ак куу, чаян, балык жолугушту. Булар жүк тартмак болушту. Үчөө тең арабага чегилишти. Арабаны тарта башташты. Жүк оор да эмес эле: ак куу көккө тартат; чаян кургакка тартат; балык суугa тартат. Булар абдан чарчашты. Бирок араба эч козголбойт.

Сөздөр: ак куу—лебедь, чаян—рак, балык—щука, жүк—груз, чегилишти— запряглись, оор—тяжёлый, көккө—к небу (в облака), кургакка—на сушу, тартат—тянет, чарчашты—устали.

ТҮЛКҮНҮН КҮЧҮКТӨРҮ.


Токойдо бир түлкү турган экен. Түлкүнүн жакшы үйү бар. Үйүндө анын күчүктөрү турушат. Күчүктөрү кичинекей экен. Алар үйүнүн тегерегинде ойноп жүрүшөт. Өтө көңүлдүү турушат. Энеси тамак таап берет.

Сөздөр: түлкү—лиса, турган экен—жила, күчүктөрү—лисята, үйүнүн тегерегинде—вокруг дома, өтө көңүлдүү—очень весело, энеси—мать.

ЖЭЭРДЕ БЭЭ ЖАНА АНЫН КУЛУНУ.

Жээрде бээ кулун тууду. Кулуну менен жээрдө бээ аткана-да турат. Кулуну уктаганда энеси козголбой турат.

Кулун ойгонду. Ичке, алсыз буттары менен өйдө турду. Энесине жакын келди. Тумшугу менен кабыргага түртө баштады. Ал эмчек эмгиси келди, бирок эмгендин иретин билбейт.



Энеси чөп жеп турат да кулунун карап коёт. Кулун бир аз турду. Энесинин эмчегин соро баштады. Жээрде бээ болсо, аны жыттап эркелетет.

Сөздөр: жээрде—рыжая, тууду—ожеребилась (родила), аткана—конюшня, уктаганда—когда спит, энеси—мать, козголбойт—не шевелится, ойгонду—проснулся, ичке—тонкий, алсыз—бессильный, бут—нога, өйдө турду—встал, тумшук—морда, кабырга—ребро, эмчек—сосок, эмгиси келди—захотел пососать, иретин—порядок, соро баштады—начал сосать, жыттайт—нюхает, эркелетет—ласкает.

АЮУНУН БАЛДАРЫНЫН СУУГА ТҮШКӨНҮ.

(В. Бианки).

Биздин бир тааныш мергенчи суу бойлоп, токойдо кетип бара жатты. Жыгачтын бутактарынын сынгандыгы угулду. Мергенчи коркту, жыгачка чыкты.

Бир аюу эки баласын токойдон эрчитип, суунун жээгине чыкты. Аюу бир баласын желкесинен тиштеп алып, суугa чөмүлтүп жатты. Баласы туйлап бакырып жатты, бирок энеси таза жууганча жиберген жок.

Экинчиси муздак суудан коркуп, токойго качып кирди. Энеси кууп жетип, жазасын берди, андан кийин биринчи баласына окшотуп суугa түшүрдү.

Жуунуп болгондон кийин аюунун балдары абдан ыраазы болушту, себеби—күн үп эле, калың жүндүн ичинде алар абдан кысыган эле. Суу аларды сергитти. Суугa түшүп болгондон кийин, аюу балдары менен токойго кетти. Мергенчи жыгачтан түшүп, үйүнө кайтты.

Сөздөр: суу бойлоп—по берегу, жыгач—дерево, бутактар—сучья (ветки), коркту—испугался, жээги—берег, желкесинен—за загривок, сууга чөмүлтүп жатты—окунает в речку, туйлап бакырып жатты—визжал и барахтался, жасын берди—надавал шлепков, үп—знойный, сергитти—освежил.

ЖАЗ КЕЛЕ ЖАТАТ.

Жаз келе жатат. Өзү менен бирге түрдүү иштер алып келе жатат. Бардык айдоо жерлерин айдап, эгүү керек.

Жаздын келиши жакшы жана көңүлдүү.

Колхозчулар эгин айдоонун камына киришти.

Бир күндү да бекер кетирбей, бат-бат айдап, эгинди себүү керек.

Биздин колхоздун үрөндөрү даяр, таза жана дандуу. Сепкич машиналарды ондоп бүтүштү.

Айдоо жумушун бир күн да токтотпос үчүн, сепкич машиналарды бат текшерүү керек.

Жаз келет. Ал күтүп турбайт. Кишилерди шаштырат.

Сөздөр: эгүү керек—надо посеять, киришти—приступили, көңүлдүү—радостно, үрөн—семена, дандуу—зернистая (крупнозернистая).

БИЗДИН САКЧЫЛАРЫБЫЗ.

Эгиндин өнүмү үчүн бизге ким жардам берет?

Өнүм үчүн жардам берүүчү көп канаттуулар бар. Алар: чабалекейлер, чыйырчыктар, кара каргалар жана башка канаттуулар.

Булар өсүмдүктөргө зыян келтирүүчү курт-кумурска, чегиртелерди терип жешет.

Бул сакчыларды биз жазында күтүп алуубуз керек. Аларды өлтүрбөө керек. Алар үчүн бактын башына уя жасап коюу керек.

Сөздөр: сакчылар—хранители, өнүм үчүн—за урожай (для урожая), канаттуулар—крылатые, зыян—вред, өлтүрбөө керек—не надо убивать, уя—гнездо.

КАРА ЧЫЙЫРЧЫК.

Кара чыйырчык—келгин куштардын бири. Бул дагы келери менен уя жасай баштады. Уяны чөптөн кебезден, майда каңыртан, тыбыттан жасады.

Кара чыйырчык уяның терецин жакшы көрөт. Терең уяга мышыктын тырмагы жете албайт. Карганын тумшугу да жете албайт.

Кара чыйырчык азыгын жерден терип жейт. Огородго зыян келтире турган курттарды жейт. Ал курттарды өтө ылдам терип жейт.

Биз ага жыгачтан уя жасап коёбуз. Ал уяны жыл сайын жаңыртып турабыз.

Сөздөр: кара чыйырчык—скворец, келгин куштар—прилётные птицы, кебез—вата, тыбыт—пух, терең—глубокий, тырмак—ногти, жете албайт—не достает, тумшук—клюв, азык—съестные припасы.



КУБАНЫЧТУУ МАЙРАМ.

Бардык эмгекчилердин чоң майрамы—Биринчи Май болду. Ажарга энеси кызыл көйнөк кийгизди. Атасы көчөгө алып чыкты.

Топ-топ адамдар катар тизилип, кызыл тууну желпилдетип кызыл аянтка бара жатышат. Катар бара жаткан топтор ырдашып, ураандар айтышып, көчөнү жаңыртышат. Короолордо кызыл желектер желпилдеп турат.

Ажар мунун баарын көрүп, Кызыл аянтка келди. Мында да ырдашып, ураандар айтышып жаткан балдар жана чоңдор.

Буларды көрүп, Ажар да сүйүнүп, атасына:

—Майрам эң сонун ээ, ата? Караңызчы, элдин бардыгы ырдашып, сүйүнүшүп жүрүшөт,—деди.

Сөздөр: кубанычтуу—радостный, катар тизилип—построив в ряды, кызыл аянт—красная площадка, көчөнү жаңыртат—раздаются звуки по улицам, чоңдор—взрослые, караңызчы—смотрите-ка.

УКМУШТУУ ЖӨЖӨ.

Бир кемпир жыйган жумурткаларын, уяга салып, тоогуна бастырды. Тоок бир нече күн басып, жөжө чыгарды. Жөжөлөрүн тегиз чыгарып болгондон кийин, тоок жөжөлөрүн талаага чыгарып бага турган болду. Жөжөлөрүнүн жанында кубанып куркулдап турду. Кемпир да кубанды.

Бир убакытта тоок жөжөлөрү менен суунун жанына барды. Бир жөжөсү сууну көрө салып, жүгүрүп келип, сууга түшүп кетти.

—Балам өлдү, сууга кетти, жардам бергиле?—деп ыйлап, эки көзү жашка толду.—Мындай да жөжө болобу?—деп, тооктун чый-мыйы чыкты.

Сууда сүзгөн жөжөдө убайым жок. Жаны жай таап, ыракаттанып калды. Сууда сүзүп, бир аз жүргөндөн кийин, суудан чыгып, жөжөлөргө кошулду.

Чырылдаган тоокко карай кемпир келсе, суудан чыгып келе жаткан жөжөнү көрдү. „Кап, мен көзүмдүн начардыгынан тооктун астына өрдөктүн бир жумурткасын байкабай салган экенмин“—деп, санын бир чапты.

Сөздөр: укмуштуу—странный, тоогуна бастырды—курицу посадили, чыгарды—вывела, бир убакта—однажды, сууга түшүп кетти—уплыл в воду, чый-мыйы чыкты—растерялась; не знает, что делать.

СҮЙЛӨШӨ БИЛГЕН ЧЫЙЫРЧЫК.

Бир чалдын сүйлөшүүгө үйрөткөн чыйырчыгы бар эле. Чалга коңшусунун баласы ар убакытта келип, бул куштун сүйлөшкөнүн угуучу.

Чал:
— Кайдасың, чыйырчыгым?—деп сураса:
— Мен мындамын,—деп кыйкыруучу.
Бир күнү чал үйдө жок эле.
Коңшусунун баласы келди.
Бала чыйырчыкты кармап алууга ойлонду.
Алып кетмек болду да чыйырчыкты кармап, чөнтөгүнө салды.
Ошол убакытта чал келип калды:
— Кайдасың, чыйырчыгым?—деди чал.
Чыйырчык баланын чөнтөгүндө жатып, бардык күчү менен:
— Мен мындамын!—деп кыйкырды.

Сөздөр: чыйырчык—скворец, коңшу—сосед, угуучу—слушал, мындамын—я здесь, кыйкыруучу—отзывался, алып кетмек болду—хотел взять, бардык күчү менен—изо всех сил.

ГЕНЕРАЛИССИМУС СТАЛИН ТУУРАЛУУ.

Жолдош Сталин ар уакта Лениндин жакын жолдошторунун бири болгон. Сталин—большевиктер партиясынын жолбашчысы. Октябрь революциясы учагында Ленин ар дайым жолдош Сталин менен бирге маселе чечишкен. Сталин жумушчулардын революциячыл көтөрүлүшүнө жолбашчылык кылган.



Граждандар согушу учагында партиянын Борбордук Комитети жолдош Сталинди революция үчүн эң эле коркунучтуу жана кооптуу болгон жерлерине жиберип отурган.

Жолдош Сталин Кызыл Армиянын мааниилүү жеңиштеринин уюштуруучусу жана шыктандыруучусу болгон.

1922-жылы жолдош Сталинди партиянын Борбордук Комитетинин генеральный секретары кылып шайлайт.

В. И. Ленин өлгөндөн кийин, жолдош Сталин партиянын жетекчиси жана революциячыл элдин жолбашчысы болду.

Улуу Ата мекендик согуш учагында немецтик-фашисттерди япондук—империалисттерди жер жүзүнөн биротоло жок кылуу үчүн күрөшүүдө жолдош Сталин Совет элине өзү жетекчилик кылды.

Даанышман Генералиссимус И. В. Сталиндин жетекчилиги астында, биздин Кызыл Армиябыз немецтик фашисттерди, япондук империалисттерди жер жүзүнөн биротоло жок кылды.

Сөздөр: ар уакта—всегда, всё время, жакын—близкий, жолбашчы—вождь, көтөрүлүш—восстание, согуш—война, уюштурду—организовал, каармандык—геройских, күч—сила, чыңдады—укреплял, жооптуу—ответственный, Борбордук Комитет—Центральный Комитет, жетекчи—руководитель, Улуу Ата мекендик согуш—Великая Отечественная война, жер жүзүнөн—с лица земли, биротоло—окончательно, даанышман—мудрый.

КЫРГЫЗ ССРинин МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Ала-тоолук кыргыз эли тайманбай,
Сансыз жоодон эркиндигин талашкан.
Улуу орус, достук менен кол берип,
Ленин бизге азаттыкка жол ачкан.

Азат туусу советтин,
Женишке алып бараткан.
Азат туусун көтөрүп,
Кыргызстан, атактан!

Эмгек, эрдик, жениш үчүн дем берип,
Такшалдырган ата Сталин акылман.
Байлык, бакыт казанасы биздерге,
Түбөлүккө гүлдөй жайнап ачылган.

Достук туусу советтин,
Женишке алып бараткан.
Достук туусун көтөрүп,
Кыргызстан, атактан!

Жаша, күчтүү советтердин өлкөсү,
Көп улуттан союз курган урагыс.
Таалай берген зор мекенди коргошуп,
Жан аябай чептен бекем турабыз!

Таалай туусу советтин,
Женишке алып бараткан.
Таалай туусун көтөрүп,
Кыргызстан, атактан!

Тапшырма.

Жаттагыла.

ЖҮР МЕКТЕПКЕ.

Мынакей мектеп ачылды,
Билимдин нуру чачылды.
Жеткинчекке биздердей,
жетилтүү үчүн акылды.

Коңгуроо үнү жаңырды,
Жолдоштор, бирге баралы!
Кайрат менен илимден,
Алтындын кенин алалы!

Билимге эргип аттанган,
Биз өлкөнүн балдары.
Ата-эненин бактыбыз,
Агарып аткан тандагы.

Сөздөр: мынакей—вот, билим—знание, нур—луч света, чачылды—рассеяли, жеткинчек—подрастающее поколение, акыл—разум, кайрат—доблесть (решимость), алтын—золото, билимге эргип аттанган—радостно устремились к знанию, бакты—счастье.

ЫСЫК ЖАКТАР.

Жыл бою ысык болуп турган жерлер да бар.
Ал жерлерде токойлор көп болот.

Ал токойлордо чоң-чоң жыгачтар, бактар өсөт. Бул жыгачтардын жалбыректары жыл бою көгөрүп турат. Бул бактарда чоң-чоң жемиштер болот.

Токойлордо түрдүү канаттуулар жана айбандар жашайт. Алар, арстандар, жолборстор, пилдер, маймылдар, чоң жыландар жана тоту куштар. Ысык жактарда лимондор, апельсиндер, кофе жыгачтары жана чай өсөт.

Ысык жактарда жыл бою жаан болбой турган жерлер да бар. Ал жерлерде эч нерсе өспөйт. Бак да, чөп да өспөйт. Ал жер чөл деп аталат. Чөлдүү жерлердин баары кумдуу, кургак талаа болот.

Сөздөр: ысык жактар—жаркие страны, жыл бою—круглый год, көгөрүп турат—стоят зелёными, тоту куш—попугай, эч нерсе—ничего, өспөйт—не растёт, чөл—пустыня (безводная степь), кумдуу—песчаные, кургак—сухие.

ЭЧКИ МЕНЕН КАРЫШКЫР.

(Жомок).

Бир күнү эчки таштан-ташка секирип, ойноп жүрдү. Бир убакытта таш калдырады. Калдыраган жакка караса, бир чоң, көк дөбөт турат.

—Ой!... Сен кимсиң? Итсиңби? Ит болсоң, эмне кылып жүрсүң?—деди эчки.

— Мен жолбун итмин. Эригип жүрөм. Кел ойнойлук,—деди карышкыр. Куйругун шыйпандатып, тилин саландатып, көзүн кызартып, суктанды. Эчки чайнаган, чөбүн жута албай, коркуп кетти. Көңүлү тынбай:

— Сенин аты-жөнүң ким? Сен карышкыр болуп жүрбө?—деди.

Карышкыр жакындап:

—Ушуну таап айтасың. Мен карышкырмын. Сени жеймин. Качкан менен кутулбайсың!—деди.

— Мени сен жей албайсың,—деди эчки.

— Мына азыр жеймин,—деп качырды.

Эчки таштан-ташка секирип, аскага чыгып, кутулуп кетти.

— Мындай ишти күтпөгөн элем!—деп, карышкыр оозун ачып калды.

Сөздөр: Жомок—сказка, таштан-ташка—с камня на камень, секирди—прыгал, таш калдырады—камни загремели, дөбөт—большая собака, жолбун ит—бродячая собака, эригип жүрөм—скучаю, куйругун шыйпандатты—хвостом виляет, суктанды—появилась жадность, коркуп кетти—испугался, жакындап—приближаясь, аска—скала, күтпөгөн элем—не ожидал.

ОЙЛОНОМ.

Канат жасап асманга
Учсамбы деп ойлоном.
Асмандагы сырларды,
Ачсамбы деп ойлоном.
Жаңы тарих бетине,
Жазсамбы деп ойлоном.
Папанин барган уюлга,
Барсамбы деп ойлоном.
Баатырларчылап орденди,
Алсамбы деп ойлоном.

Сөздөр: ойлоном—я мечтаю, канат—крыло, сырлар—тайны, тарих—история, ачсамбы—открыть бы (чтобы открыть), уюл—полюс.

Тапшырма.

Ырды жаттагыла:

БИЗДИН КУРУЛУШ.

Биз фабрикаларды, заводдорду куруп жатабыз. Биз совхоздорду, колхоздорду куруп жатабыз. Бардык жерде иш, бардык эл иштейт. Биздин өлкөдө эпкиндүү иштейт.

Дүйнөдө бир чоң өлкө бар. Ал биздин ата мекенибиз—СССР. Биздин ата мекенибиз өтө бай. Пахтага да, эгинге да, көмүргө да, нефтиге да, темирге да—бардыгына бай.

Сөздөр: Курулуш—строительство, бардык жерде—везде, өлкө—страна, дүйнөдө—в мире, ата мекенибиз—наша родина.

КАРГА МЕНЕН ЧАЯН.

Карга көлдүн үстүнөн учуп бара жатты. Чаянды көрдү. Карга аны „ап"—деп, илип алды. Теректин башына отурду да жешке камынды. Чаян өзүнүн жок болорун билди. Каргага мындай деди:

— Ай карга, карга! Мен сенин атаңды жана энеңди билем. Алар сонун куштардан болучу!—деди.

Карга оозун ачпай туруп: угу!—деди.

— Сенин агаларыңды да, эжелериңди да билем. Алар да жакшы куштардан болучу.

Карга кайта дагы: угу!—деп оозун ачкан жок.

— Ооба, алар жакшы куштар болсо да, баары бир алардын сага жетишине көп бар. Дүйнөдө сенден акылдуу куш жок,—деди.

Карга оозун бардыгынча ачып:—ырас!—деп кыйкырганда, чаян сууга түшүп кетти.

Сөздөр: көлдүн үстүнөн—над озером, илип алды—моментально схватил, жешке камынды—собрался съесть, мындай деди—так сказал, оозун ачпай—не открывая рот, баары бир—всё равно, сенден акылдуу—умнее тебя, ырас—правда.

ТҮЛКҮ МЕНЕН ЭЧКИ.

Түлкү учуп жүргөн карганы карап бара жатып, кудукка түшүп кетти.

Кудук терең болучу. Түлкү андан чыга албады.

Түлкү кайгырат.

Эчки кудуктун жанына келди. Кудукту эңкейип карады Түлкүнү көрдү да сурады:

— Түлкү сен мында, эмне кылып жатасың?

— Дем алып жатам, эчки,—деп, түлкү эчкиге жооп берди.

— Жогоруда болсо ысык, ал эми мында жакшы салкын!—деди.

— Суу жакшыбы?—деп эчки сурады.

— Эң жакшы! Таза, муздак, каалаганынча ичесиң. Кааласаң, мында секирип—түш, экөөбүзгө тең орун жетет,—деди.

Эчки секирип түштү. Түлкүнү басып кала жаздады.

Түлкү эчкинин жонуна секирип чыкты. Жонунан мүйүзүнө, мүйүзүнөн кудуктун сыртына чыгып кетти.

Эчки болсо, көпкө кудуктун ичинде турду. Ээси аны кыйынчылык менен издеп тапты. Кудуктан араң тартып алды.

Сөздөр: учуп жүргөн—летающую, кудук—колодец, түшүп кетти—упала, терең—глубокий, кайгырат—печалится, эңкейип карады—нагнувшись смотрел, жогоруда—наверху, салкын—прохладно, каалаганынча—сколько хочешь, секирип түш—прыгни, жонуна—на спину, мүйүзүнө—на рога, кудуктун сыртына—наружу из колодца, араң эле—еле-еле, тартып алды—вытащил.

КИРПИ МЕНЕН КОЁН.

Коён кирпини көрүп:

— Сиздин кийимиңиз абдан жаман, тикенектүү экен,—деди.

Кирпи жылмайып, ага мындай жооп берди:

— Сиздин сөзүңүз абдан туура, бирок бул кийим мени иттин тишинен да, карышкырдын тишинен да сактайт. Сиздин татынакай мамык тонуңуз сизди карышкырдан сактайбы?

Коён кирпинин бул сөзүнө эч нерсе айта албастан, кетип калды.

Сөздөр: кирпи—ёж, көрүп—увидев, тикенектүү—колючий, жылмайып—улыбаясь, мындай жооп берди—так ответил, сактайт—бережёт, татынакай—замечательный, мамык тонуңуз—пуховая шуба.

ЖАЛПЫ ЭЛДИН МАЙРАМЫ.

5-декабрь 1936-жылы Советтердин Чукул чакырылган Бүткүл союздук сегизинчи съезди Сталиндик Конституцияны бекитти. Сталиндик Конституцияда мындай жазылган: Советтер Союзу—жумушчу-дыйкандардын социалисттик мамлекети. Биздин өлкөдө кишинин киши эзүү деген жоюлган. Эркиндик жана жыргалдуу турмуш бардык эмгекчилерге бирдей тийген.

Сталиндик Конституцияда—бардык эмгекчилер эмгекке укуктуу, дем алууга укуктуу, билим алууга укуктуу деп жазылган.

Биздин өлкөдөгү бардык элдер социалисттик мүлктү сактоого милдеттүү.

Советтер Союзундагы бардык граждандар өзүнүн Социалисттик Ата мекенин коргоого милдеттүү.

Сталиндик Конституция Совет балдары үчүн жыргалдуу жана ырыстуу турмуштун жолун ачты.

Сөздөр: чукул чакырылган—чрезвычайного созыва, бүткүл союздук—всесоюзный, мамлекет—государство, эркиндик—свобода, бирдей—одинаково, укук—право, билим—образование, жол ачты—открыл дорогу.

Улуу көсөм Сталин,
Жаңы закон чыгарды.
СССРдин аймагы,
Сынбас күчтө чыңалды.
Өлбөс тарих, өчпөс нур,
Өмүрлүккө уланды.

Сөздөр: Аймак—территория, сынбас—нерушимый, чыналды—укрепился, өлбөс—неумирающий, өчпөс—негаснущий, өмүрлүккө—на всю жизнь, уланды—продолжается.

Тапшырма:

Ырды жаттагыла.

ТИЛЕГИМ.

Атам Манас сыяктуу,
Эр болсом, деп тилеймин.
Душман кечип өтө албас,
Көл болсом, деп тилеймин.
Кожожаштай көзгө атар,
Мерген болсом, жазбаган.
Баатыр болсом, Чубактай,
Басынып жоодон качпаган.
Кыргын салсам фашистке,
Дүйшөнкулдай тайманбай.
Танкаларын кыйратсам,
Апам отун жаргандай.
„Элге кызмат кылгын“ деп,
Энем мени төрөдүң.
Чолпонбайдай шер болуп,
Көпкө тийсе керегим!

Сөздөр: тилек—желание, сыяктуу—подобный, эр—храбрый, көзгө атар—снайпер (меткий), жоодон качпаган—не отступающий от врага, кыргын салды—истребил, кыйраттым—громил, төрөдү—родила.

БАРДЫГЫБЫЗ ЛЫЖА ҮЙРӨНӨБҮЗ.

Лыжа спортуна көбүрөөк көңүл бөлөбүз. Лыжа менен жүрө билбесе, ал кандай пионер болот? Дружинанын штабы жана отряддардын штабы балдардын кимисинде лыжа бар экендигин

билип, мектептин лыжаларын да тартипке келтирип турат. Дружина балдар өздөрү да лыжа жасап алышат. Бир бирине кол кабыш кылышат. Бир балада лыжа болсо, ал эки, үч жолдошун үйрөтөт. Жакын жерден жарышууну, кроссту жана жүрүштөрдү уюштурдук. Ар бир пионер кыш ичинде 100—150 километр жер жүрүүнү милдет кылып алдык.

Сөздөр: көбүрөөк—побольше, бир бирине—друг другу, көңүл—внимание, кол кабыш—помощь, бөлөбүз—уделяем, жакын—близкий, жүр—ходи, жарышуу—соревнование, билбесе—если не умеет, жүрүш—поход, кимисинде—у кого, уюштурдук—организовали, билип—узнавая, кыш ичинде—в течение зимы, тартип—порядок, келтирип турат—приводит, милдет—обязанность, задача, өздөрү—сами, жасап алышат—делают.

Суроолор:

Кайсы спортко көбүрөөк көңүл бурасыздар? Дружинанын штабы жана отряддардын штабы эмне кылышты? Дружина жана балдар өздөрү эмне жасап алышат? Бир-бирине эмне кылышат? Лыжасы бар балдар жолдошторуна үйрөтөбү? Лыжа менен жүрүштөрдү уюштурдуңуздарбы? Ар бир пионер кыш ичинде канча километр жер жүрүүнү милдет кылып алышты?

Кыргызчага которуңуздар.

В нашей школе организован штаб лыжников. Все комсомольцы и пионеры принимают активное участие в работе. У меня есть лыжи. Я обязался научить двух товарищей ходить на лыжах. В прошлый выходной день мы тренировались на лыжах.

Скоро будет общегородское соревнование. Мы усиленно готовимся к соревнованию. Вчера после урока мы катались на лыжах. В школе нам дали лыжные костюмы.

ЧАПАЕВ.

Чапаев граждан согушунда кызыл аскерлерге командир болду. Аны жолдоштору абдан жакшы көрүүчү. Чапаев көп согушта, урушта актарды жеңген. Бир согушта актар Чапаевдин отрядын камап алды. Актар, аларды Урал өзөнүнүн жанына камады. Бирок, Чапаев моюн бербеди. Жолдошторунун көбү өлдү, бир канчасы жараланды. Чапаев өзү да жараланды. Ошондо да качпастан, жарасын таңып алып, душмандар менен атыша берди.

Актар аны тирүүлөй кармамак болду. Ал колго түшпөдү. Эң акыркы огун душмандарга атты да жардан сууга секирди.

Сууда бир нече увак сүзүп жүрдү. Бир кезде Чапаевге дагы



ок тийди. Чапаев сууга чөгүп кетти. Көп увак өтпөй эле, кабар жиберилген кызылдардын отряды келди. Актарды камашты. Бир канчасын колго түшүрүштү. Мына ошентип, кызылдар актарды жеңишти.

Чапаевдин баатырлыгын азыр да унутпайбыз. Биз да Чапаевче баатыр болобуз!

Сөздөр: граждан согушунда—в гражданской войне, жакшы көрүүчү—уважали, любили, согуш—война, уруш—бой, актарды жеңген—победжал белых, душмандар—враги, камап алды—взяли в кольцо, окружили, ошондо да—все же, жара—рана, тирүүлөй—живым, живого, ок—пуля, патрон, сүзүп жүрдү—плавал, дагы ок тийди—ещё раз попала пуля, сууга чөгүп кетти—утонул в воде, азыр да унутпайбыз—и сейчас не забываем, вспоминаем, Чапаевче баатыр болобуз—будем храбрыми (героями) как Чапаев.

ЛЕНИН ОРДЕНИ.



Биздин өлкөдө Ленин ордени эң чоң ардактуу орден.

Социалисттик курулушта эмгек сиңирген—эмгек баатыры, Ленин ордени менен сыйланат.

Ата мекендик Улуу согушта фашисттерди кырган баатырлар да Ленин ордени менен сыйланат.

Ким Сталинче иштесе, ким ленинчил ишке жардамдашса, ал Ленин ордени менен сыйланат.

Мына, Совет өкмөтү Мамлакатты да Ленин ордени менен сыйлады. Аны эмне үчүн Ленин ордени менен сыйлады? Мамлакат 12 жаштагы пионер кыз, ал бир күндө 102 килограмм пахта терет. Мектепте бардык

сабактарынан эң жакшы деген баа алат. Сабактан калбайт жана кечикпейт.

Ал жолдошторуна өзүнүн иштерин үйрөтөт.

Мына, ошол үчүн, Совет өкмөтү аны Ленин ордени менен сыйлады.

Сөздөр: ардактуу — почётный, эмгек сиңирген— заслуженный, эмгек баатыры—герои труда, терет—собирает, калбайт—не пропускает, кечикпейт—не опаздывает.

МАМЛАКАТ ЭМНЕ ДЕДИ?

Мамлакат—колхозчунун кызы. Ал райондогу эпкиндүү колхозчулардын кеңешмесине барган.

Кеңешмеде Мамлакат мындай деп сүйлөдү:

—Мага окуу кызык, иштөө кызык, пахта терүү кызык. Мени кичинекей увактымда пахта терүүгө жиберишкен эмес. Ошондо өзүм эле мектептен кийин пахта тере баштадым.

Мен эки кол менен терүүнү билем. Биздин колхоздо 50 килограммдан теришет. Мен бир эле колум менен 50 килограмм терем. Алтынчы күнү эки колум менен тердим эле 102 килограмм чыкты. Мен азыр чоңмун. Пахта менден кичине!—деди.

Мамлакат мектепте кандай окуганын айтты.

Ал эң жакшы окуйт экен. Дагы ал пионер экен.

Мен 10 пионерге ондукмун—деп, бат-бат сүйлөдү. Аларда пахта термек болушту. Башка кыздар да жакшы терүүнү үйрөнүштү. Менин көп тергенимди көрүшүп, алар да көп тере башташты,—деди Мамлакат.

Сөздөр: кызы—дочь, жиберишкен эмес—не пускали, ошондо —тогда, эки кол менен—обеими руками, бат-бат—быстро.

Суроолор:

Мамлакат кимдин кызы? Ким райондогу эпкиндүү колхозчулардын кеңешмесине барган? Кеңешмеде Мамлакат эмне деп сүйлөдү?

Мамлакат нече колу менен терет? Анын колхозундагы колхозчулар күнүнө нече килограммадан терет? Мамлакаттын эки колу менен тергени канча килограмм чыкты? Мамлакат мектепте кандай окуйт экен? Мамлакат пионеркабы? Мамлакат дагы эмнелерди айтты?

БААТЫРЛАР.

Панфиловдун дивизиясы Кыргызстанда түзүлгөн. Анын катарды кыргыздын эр жүрөк уулдары менен толукталган. Анын, дүйнөгө атагы кеткен 28 баатыры, Москва алдында, улуу борбор—







Москвапы коргоо үчүн күрман бөлуштү. Бирок, алар душманды Москвага жиберишкен жок. Ал мындайча болду:

1941-жылдын кеч күзү. Москвага өтө турган чоң жолго чыккан максаты менен душман катуу чабуулга өттү. Түн түнөргөн калың токой каалгып уктап тургансыйт. Жер бетинде кырсо бар. Таң агарып, жер жарык тартайын деди. Муздан сыдырым жорбуп, суук катуулай түштү... Мына, кандайдыр бир коркунучтуу добуш чыкты.

Шыпа эткен табышты жибербей тыңшап турган Дүйшөнкул:

— Бул душмандын танкалары—деди окоптогу жолдошторуна. Мына, салгылашар минута эми болот.

—Камдангыла, жолдоштор!

—Ким коркоктук кылса, ал чыккынчы! Ага өлүм! деди политрук Клочков.

Ал аңгычакты болгон жок. Душмандын танкалары токойду кызыл куурайдай качырата сындырып кирип келди.

Окоптогу Дүйшөнкулдун жолдоштору бирин-бири кучакташып, ооздон өбүшүп туруп:

— Ура! Жолдоштор!—Өлсөк да душманды өткөрбөйлүк! Родина үчүн! Сталин үчүн!—деп бир ооздон унчугушканда, үндөрүнөн жер титиреди.

... Алар көп эмес эле. 28 гана. Бирок, алардын ичинде: орустар, кыргыздар, украиндыктар, казахтар бар болучу. Алар өздөрүнүн эр көкүрөктөрүн болотко тосту. Душмандын элүү танкасынын көбү талкаланып, зоого камалгандай тык турду.

Мына үшүнтүп, 28 баатырдын атагы жер жүзүнө угулду. Алардын катарында Кыргызстандын уулдары: Шопоков, Ананьев, Шемякин, Конькин жана башка жолдоштор бар эле.

Сөздөр: түзүлгөн—формирован, анын катары—его ряды, эр жүрөк уул—смелый верный сын, дүйнөгө атагы кеткен—известные всему миру, Москва алдында—под Москвой, коргоо—оборона, курман болду—героически погибли, өт—переходи, максат—цель, коркок—трус, чыккынчы—предатель, өлүм—смерть, өлсөк да душманды өткөрбөйлүк—хоть умрём, но врага не пропустим, болот—сталь.

СУУК ЖАКТАРДА.

Ыраак түн жакта кичинекей эскимос—Иква деген бала турат. Икванын үйү муздан жасалган. Иква бир күнү үйүндө уктап жатып ойгонду. Үйдүн ортосунда бир чыныда тюленьдин майы жанып турат. Ошол жанып турган от үйдү жарык кылат жана жылытат.

Икванын энеси ошол шамга тамакты да бышырат.

Икванын төшөгү аюнун терисинен болучу. Иква төшөгүнөн турду. Киймин кийди. Шым, кемзел жана тебетейи жүндүү, жылуу териден тигилген. Иква эшиктин оозундагы терини көтөрдү да, узун коридор менен сойлоп кетти. Икванын артынан ити да кошо кетти.

Ошентип, алар эшикке чыгышты.

Эшик суук жана караңгы.

Ал жерде кышында бир нече ай күн көрүнбөй, караңгы болот. Тескерисинче, жайында күн бир нече ай такыр батпайт. Ал жерде бак такыр өспөйт. Кышында Икванын атасы муздан үй салат. Жайында териден чатыр жасайт.

Сөздөр: ыраак—далёкий, түн жак—север, ойгонду—проснулся, ортосунда—в середине, жанып турат—горит, ошол—тот, кемзел—пиджак, жүндүү—с обильной шерстью, тигилген—сшито, сойлоп кетти—уполз (пополз), кошо кетти—вместе ушла, караңгы—темно, тескерисинче—наоборот, такыр—совсем, батпайт—не заходит, чатыр—палатка.

ТУНДРАДА.

Ыраакы түн жакта Түндүк Муз деңизи бар. Ошол деңиздин боюнда тундра деген талаа бар. Тундрада кыш узун болот. Тундранын кайсы жагына карасаң да аппак кар. Адамдар биринен бири алыс турушат. Ал жерде туруучу адамдар бугу багып күн көрүшөт.

Бугулар болсо, кардын арасынан мох деген (кундуз чөп сыяктуу) өсүмдүктөрдү жылкыча тээп, ачып жешет.

Бугулар бир жерде жайылышса, ал жердин эңгилчегин жеп коюшат. Ошондуктан, тундрадагы адамдар ар жерге көчүп жүрүшөт. Тундрада туруучулар бугунун этин жешет. Терисин кийим кылып кийишет. Өзүн чанага кошушат.

Бугу болбосо, тундрада туруу кыйын болор эле.

Сөздөр: Муз денизи—Ледовитый океан, боюнда —на берегу, аппак—белый-белый, бугу—олень, тээп ачып жейт—достает корм из-под снега, энгилчек—мох, көчүп жүрүшөт—кочуют, чанага кошот—запрягает в сани.

КЫЗЫЛ ГАЛСТУК.

Кызыл галстук кантип жасаларын билесиңерби? Пахта ачылат. Колхозчулар аны теришет. Терилген пахтаны заводго тапшырат. Заводдо пахтаны чигитинен ажыратат. Таза пахтаны токуу фабрикасына жиберет. Фабрикадан ийрүү машинасына түшөт. Андан ийрилип, жип болуп чыгат. Ийрилген жип токуу машинасына түшөт. Андан токулуп, кездеме болуп чыгат. Токулган кездеме түрдүү боёкко боёлот. Даяр кездеме кооперативдерге жиберилет.

Пионерлердин кызыл галстугу ушул кездемелерден тигилет.

Сөздөр: кантип—как, чигит—зерно (хлопка), ийрүү машинасы—прядильная машина, жип—нитка, боёлот—красится.

СЕНЯ.

Сеня деген пионер калың токойду аралап келе жатып, жат адамды жолуктурду. Сеня жат адамдан корккон жок. Анын ким экендигин билгиси келди.—„Балким душмандыр“ деп ойлоду. Бирок, тигил жат адам канчалык митайым болсо да, Сеняның оюн сезбеди. Ал акырындык менен нефте базанын жана паровоздорду ондой турган депонун кайда экендигин сурап билгиси келди. Сеня жат адамдан ого бетер шекшинди,—бул чыккынчы экен. Менден сурап билип алып, зыянкечтик кылганы жатат. Душман аман кетпесин. Эми мунун өзүн алдайын.“ деди пионер өз ичинен. Бирок, сырткы кебетесинде сырын жат адамга билгизген жок.

— Мени ээрчиңиз, сизге нефтебазага бара турган жолду көрсөтүп беремин...—деди.

Жат адам кубанып кетти да, Сеняны ээрчиди. Сеня аны нефтебазага алып барбастан, жакын жерде постто турган милицияларга ээрчитип келди. Мына ушинтип немецтик диверсант колго түштү.

Сөздөр: калың—густой, жат адам—враг (враждебный человек), билгиси келди—хотел узнать, балким—возможно, митайым—хитрый, ой—мечта (желание), акырындык менен—постепенно, шекшинди — подозревал, зыянкеч—вредитель, сырт кебетеси—наружный вид, мени эрчиңиз—идите за мной, колго түштү—попался в руки.



ТҮЛКҮ МЕНЕН ТУРНА.

Түлкү менен турна дос болушат. Түлкү турнаны конок кылууга ойлойт.

— Бизге конокко кел, турна, кел кымбаттуум. Сени мыктап туруп конок кылам!—деди, түлкү.

Турна конокко келди. Түлкү ботко бышырды. Табактын бетине гана шыбап берди да, кошоматтап:

— Жегин, кымбаттуу турна, жегин. Өзүм бышырдым,—деди.

Турна тумшугу менен табакты так-так эттирип чокуду. Тумшугуна эч нерсе илинбеди. Түлкү ошол уакта табакты тили менен жалап отуруп, ботконун баарын өзү жеп койду.

Өзү тойгондон кийин отуруп алып:

— Турна, көңүлүңө алба, башка бера турган сыйлыгым жок, деди.

Ушунуна да ракмат, түлкү! Эми сен мага конокко баргын,—деди турна. Экинчи күнү түлкү турнага конокко келди. Турна тамак кылып, моюну узун, оозу тар кумурага куюп берди да:


— Жегин, түлкүм! Сыйлай турган башка эч нерсем жок,—деди.

Түлкү кумуранын жанынан чебеленип ары да өттү, бери да өттү, бирок тумшугу кумурага батпай койду. Турна тумшугун кумурага сала берип, баарын чокуп жеп койду.

— Тарыпба, түлкү! Башка сыйлай турган эч нерсем жок,—деди.

Ошентип, түлкү үйүнө ачка кетти. Ошол уактан тартып, түлкү менен турнанын достугу ажырады.

Сөздөр: турна—журавль, дос болушту—подружились, конок—гости, кымбаттуу — дорогая, кошомат — подхалимство (лесть), жегин—кушай, илинбеди—не попался, көңүлүңө алба—не обижайся.



МИЧУРИНДИН ЖЕМИШ БАГЫНДА.

Мичурин—жемиш багын өстүрүүчү атактуу бакчы. Мичурин жемиш багын өстүрүү ишин жакшы көрөт. Анын, бул ишти иштеп келе жатканына 50 жылдан ашты. Ар түрдүү тажрийбаларды иштөө аркылуу, ал жаңы жемиштерди өстүрүүгө жетишти. Анын өстүргөн жемиштери сууктан үшүбөйт. Мичуринди биздин өлкөдөгү чондор да, балдар да, эркектер да, аялдар да билишет.



Падыша өкмөтү увагында Мичурингe иштөө кыйын болгон. Падыша өкмөтү Мичуриндин ишин баалаган эмес. Анын ишин өрчүтүү үчүн падыша өкмөтү эч кандай жардам жана каражат берген эмес. Ал, өзүнүн ишин дыйкандар үчүн иштесе да, дыйкандар пайдалана алган эмес. Мичуриндин өстүргөн түрдүү жемиштерин кулактар жана помещиктер (жер ээлери) пайдаланган.

Совет өкмөтү орноо менен бирге, Мичурин тууралу эң биринчи Ленин эске алды жана анын ишин өрчүтүү үчүн, өкмөт тарабынан каражат берди Партия менен өкмөт Мичуриндин эмгегин абдан баалаган. Анын ишин өрчүтүүгө каражат жана жер берген. Мичуриндин жардамчылары да жана окуучулары да көп болгон.

Партия менен өкмөт Мичуриндин ушул эмгеги үчүн, Мичуринди Ленин ордени менен сыйлады. Мичурин абдан көп түрдүү жемиштер өстүрдү.

Мына, бул бир топ алмурут жыгачы. Бул кичинекей жыгачтан жемиштер алуу жана аны багуу эң эле оңой.

Мына, алча жыгачы. Мунун жалбырагына караганда алмурутка окшойт. Бирок, мунун башка жерине караганда алча. Бул жыгачтын ар бир бутагы бир эки гана алмурут эмес, көптөн байлайт.

Мына, ошентип, Мичурин алмурут жыгачы менен алча жыгачын жалгаштырып, жаңы жемиш жыгачын өстүрдү.

Мичуриндин багында түрдүү чоң-чон алмалар бар.

Ал алманын түбүнө бакты кайтаруучулар жатуудан коркушат, себеби—алма чоң. Алма бактан үзүлүп түшкөндө тийген жерин оңдурбайт.

Мичуриндин багында майда жемиштердин көп түрү бар.

Булардын баары чоң жана даамдуу болот.

Мичуриндин багында ар түрлүү сорттуу жемиштер өтө көп.

Мичуриндин багына, бак өстүрүүчүлөр түш-түштан көп келишет. Жемиштердин, жашылчалардын, майда жер жемиштердин жаңы сортторун өстүрүү ишин үйрөнүшөт.







Сөздөр: аркасында—через посредство, атак—слава, баалоо—ценить, байлоо—прививать, жалгаштыруу—скрещивать, даам—вкус, эс—внимание, оңой—простой, легкий, оорутуу—делать больно, окшоо—быть похожим, өрчүтүү—развивать, каражат—средства, кыйын—трудно, тарап—сторона, түп—котийүү—касаться, туш-туштан—со всех сторон, үйрөнүшүү—обучаться, үшүү—бояться, страдать.

1. Составьте вопросы к тексту.
2. Изложите содержание этого рассказа.

СПРАВОЧНЫЙ МАТЕРИАЛ ПО ГРАММАТИКЕ.
ГРАММАТИКА БОЮНЧА СПРАВКАЛЫК МАТЕРИАЛ.

ЭЛЕМЕНТЫ ФОНЕТИКИ.

1. Буквы киргизского языка делятся на гласные и согласные.
Гласные: а, е, ё, и, о, у, ы, э, ю, я, ө, ү
Согласные: б, в, г, д, ж, з, й, к, л, м, н, ң, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ, ъ.
Буквы „ъ“ и „ь“ никаких звуков не обозначают.

2. Все гласные киргизского языка делятся на твёрдые (губные и негубные) и мягкие (губные и негубные), широкие, узкие.

	Негубные	Губные	Широкие	Узкие
Твёрдые гласные	а, ы, я	о, у, ю, ё	а, о	ы, у
Мягкие гласные	е, э, и	ө, ү	е, ө	и, ү

3. Согласные киргизского языка делятся на глухие и звонкие.
Звонкие: б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, р, ң.
Глухие: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.

Гласный ө произносится примерно так, как русский звук ё после согласных (лёд), например: *көл* (произносится *кёль*—озеро).

5. Гласная ү произносится примерно так, как русский звук ю после согласных (люди), например: *күн* (произносится *кюнь*—день).

6. Звук э в начале киргизских слов произносится примерно так, как смягченный русский звук э: *эл*—народ (произносится *эль*), а после гласных его произношение соответствует произношению русского звука э в слове аэроплан.

7. Произношение звука е в начале слова и после гласных соответствует произношению русского звука е: *Европа, Киев.* После согласных этот звук произносится как смягченный русский э: *кел* (произносится *кель*)—приходи. В начале собственно киргизских слов е не употребляется.

8. Киргизские гласные а, е, ү, э, ө, ү могут быть долгими и краткими.

Долгие гласные обозначаются в письме двумя буквами: аа, ее, уу, ээ, өө, үү.

Слова с долгими гласными, в отличие от сходных слов с краткими гласными, имеют разное с ними значение.

Таблица слов с долгими и краткими гласными.

Слова с долгими гласными	Слова с краткими гласными
Саат—час	Сат—продай
Оор—тяжёлый	Ор—жни
Суу—вода	Тур—встань
Ээр—седло	Эр—храбрый
Төлөө—платить (инфинитив)	Төлө—плати (повелительное наклонение)
Сүттүү уй—молочная корова	Сүттү алып бер—подай молоко

9. Произношение звуков, обозначаемых буквами б, в, д, з, й, л, м, н, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ, ю, я совпадает с произношением русских звуков, обозначаемых этими же буквами.

10. Произношение согласного ж в словах киргизского происхождения приблизительно соответствует беглому, слитному произношению русских д+ж=дж—*жолдош* (произносится *джолдош*)—товарищ.

11. В словах, вошедших в киргизский язык через русский, произношение киргизского ж соответствует произношению русского ж: *журнал* (произносится *журнал*), *жюри* (произносится *жюри*).

12. Буква к, находясь в одном слоге с мягкими гласными (э, е, и, ө, ү), соответствует русскому звуку к, а находясь в слоге с твёрдыми гласными (а, о, у, ы, я, ё, ю) передает твёрдый звук к, отсутствующий в русском языке: *кагаз*—бумага, *таяк*—палка, *суюк*—жидкий и др.

13. Буква г, находясь в одном слоге с мягкими, передает звук, подобный русскому г, а находясь в одном слоге с твёрдыми гласными передает твёрдый гортанный звук г, и не мгновенный, а длительный звук г, отсутствующий в русском языке: *кагаз*—бумага, *сага*—тебе.

14. Произношение звука ң от н отличается тем, что при произношении его кончик языка опущен, а в нёбо упирается корень языка. По своему произношению он сходен со слитным произношением н и г—нг: *миң* (минг)—тысяча, *келиңиз* (келингиз)—приходите.

15. В киргизском языке существует закономерность употребления гласных в различных аффиксах, частицах и окончаниях. Если в основном аффиксе гласная широкая, то во всех производных аффиксах будет также широкая гласная, если же в основном аффиксе гласная узкая, то во всех производных аффиксах будет узкая гласная.

Примеры:

а) Бала+**да**=бала***да***—у ребенка (**да**—основной аффикс), резе+**де**=терезе***де***—на окне, короо+**до**=короо***до***—во дворе,

көчө+дө=көчө*дө*—на улице (**дө, дө, дө**—производные аффиксы с повторяющимися широкими гласными).

б) Бала+**бы**=бала*бы*—ребенок ли (**бы**—основная частица,, терезе+**би**=терезе*би*—окно ли, короо+**бу**=короо*бу*—двор ли) көчө+**бу**=көчө*бу*—улица ли, (**би, бу, бү**—производные аффиксы).

Это правило употребления широких и узких гласных распространяется на все аффиксы, частицы и окончания, кроме аффиксов **луу, өө, уу, ыш,** и др.

16. В области фонетики киргизского языка следует отметить явление уподобления (ассимиляции) аффиксов применительно к последнему слогу основы.

На предыдущих этапах развития киргизского языка в одном слове могли встречаться либо только мягкие (**ө, и, е, ү**), либо только твёрдые (**а, ы, о, у**) гласные и, притом, либо только негубные (**а, е, ы, и**), либо губные (**о, ө, у, ү**). Пережитками этой стадии являются некоторые бытовые термины. На современной же стадии развития киргизского языка это свойство основ уже утрачивается: совершенно свободно уживаются в одном слове губные и негубные гласные (соода—торговля) или твёрдые и мягкие (апрель—апрель).

Явление уподобления гласных наблюдается, как правило, только в аффиксах (да и то не во всех). Например, если последний слог основы твёрдый и содержит негубной гласный звук (а, ы), то и в аффиксах будут твёрдые и негубные звуки (а, ы), и наоборот. Согласные также уподобляются друг другу: сочетание глухого согласного со звонким обращается в сочетание двух глухих и т. п.

Покажем это на примерах аффиксов местного падежа „да“ и аффиксов дательного падежа „га“:

Кызматчы—служащий,
кызматчы+да = кызматчы*да* — у служащего и т. п.
Карындаш — младшая сестра,
карындаш+та = карындаш*та* — у сестры.
Ташкент+те = Ташкент*те* — в Ташкенте.
Жолдош — товарищ,
жолдош+то = жолдош*то* — у товарища.
Бала+га = бала*га* — ребенку.
Ат+ка = ат*ка* — к лошади.

ОСОБЕННОСТИ КИРГИЗСКОГО ЯЗЫКА

1. В грамматике киргизского языка можно выделить две основных категории: имя и глагол.

К категории имени относятся: имя существительное — **зат атооч**, имя прилагательное — **сын атооч**, имя числительное — **сан атооч**, местоимение — **ат атооч.**

Но кроме указанных грамматических категорий, имеются второстепенные (служебные) части речи: междометие — **сырдык сөз (бах, ой, ий, ай,)**, союз—**байламта** (жана—и, бирок—но и др.)

Послелоги — слова, имеющие сходное значение с русскими предлогами и союзными речениями (**чейин** — до, **кийин** — после).

2. Все имена в киргизском языке изменяются по числам, падежам, лицам, то-есть склоняются и спрягаются.

Грамматических родов (мужского, женского, среднего) в киргизском языке нет.

Это устраняет вопрос о согласовании членов предложения по родам, например:

Чоң үй — большой дом (**чоң** — большой).
Чоң китеп — большая книга (**чоң** — большая).
Чоң күзгү — большое зеркало (**чоң** — большое).
Ал жиберди — он послал, она послала, оно (учреждение) послало, **жиберди** — послал, послала, послало.

3. Не существует в киргизском языке и согласования определения с определяемым словом в числе и падеже:

Жакшы бор — хороший мел (**жакшы** — хороший).
Жакшы кагаз — хорошая бумага (**жакшы** — хорошая).
Жакшы терезе — хорошее окно (**жакшы** — хорошее).
Жакшы окуучулар — хорошие ученики (**жакшы** — хорошие).

„Жакшы“ — форма единственного числа употреблена в значении множественного числа. Множественность в этом примере определяем по существительному ***„окуучулар“***.

Жакшы трактөрчуларга—хорошим трактористам (**жакшы**—хорошим). Дательный падеж в этом примере определяем по существительному „*трактөрчуларга*“ с аффиксом **„га“**.

4. Основным отличием структуры слова киргизского языка от русского является то, что корень слова в киргизском языке может выступать с самостоятельным законченным значением, то-есть в качестве особого отдельного слова.

Так, в слове **окуду** (он читал) корнем является **оку**; корень **„оку“** изолированно означает—читай.

Иначе обстоит дело в русском языке: в слове читал корнем будет чит, корень этот изолированно не имеет смысла.

5. Образование производных слов от корня и изменение слов по грамматическим формам осуществляется в киргизском языке при помощи словообразующих и словоизменяющих аффиксов, которые присоединяются к корню слова с правой стороны один за другим:

Жумуш — работа,
жумуш+**чу** = жумуш*чу* — рабочий (**чу** — словообразующий аффикс).
Жумушчу+**лар** = жумушчу*лар* — рабочие (**лар** — аффикс множественного числа).
Жумшчулар+**да** = жумушчулар*да*—у рабочих (**да**— аффикс местного падежа).

Из этих примеров ясно видно, что каждый аффикс выражает в грамматическом отношении только одно значение, тогда как

в русском языке часто один аффикс или окончание выражает несколько значений: например, аффикс **ов** в слове **столов** выражает сразу три значения, а именно: *значение числа* (множественного), *значение рода* (мужского), *значение падежа* (родительного).

О построении предложения в киргизском языке.

Жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр—повествовательные, вопросительные и восклицательные предложения.

Мисалы:

а) Колхозчулар оокаттуу турмушка жетишти. Жумушчулар заводдо иштейт. Биз экскурсияга бардык. Сиз эрте келдиңиз.

б) Жыйналыш качан башталат? Азыр ким келет? Бүгүн кечинде эмне болот? Сиз келесизби?

в) Жашасын, Сталиндик Конституция! Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле! Ой, сонун экен! Жашасын, Советтик Армия!

Вывод. В киргизской речи *повествовательные* (жай сүйлөм), **вопросительные** (суроолуу сүйлөм) и **восклицательные** (илептүү сүйлөм) предложения строятся так же, как и в русском языке.

Тапшырма:

Бир нече сүйлөм табыңыздар.

Жөнөкөй сүйлөм-простое предложение

Мисалы:

а) Күн чыкты. Жумуш башталды. Биз бактылуубуз.

б) Кызматчылар кызматка киришти. Биз тапшырманы орун даттык. Бүгүн жалпы чогулуш болот.

в) Сиз планыңызды аткардыңызбы?
— Ооба.
— Иманалиев Москвадан качан келет?
— Эртең.
— Чогулуш кайда болот?
— Клубда.
Күз. Эртең менен. Даярданабыз.

Эрежелер—правила. В предложении киргизской речи мы имеем главные и второстепенные члены.

Главные члены (баш мүчө): ээ (подлежащее), баяндооч (сказуемое).

Второстепенные члены (айкындооч мүчө).

Простые предложения делятся на несколько групп:

а) нераспространенные (жалаң сүйлөм),
б) распространенные (жайылма сүйлөм),
в) полные (толук сүйлөм),
г) неполные (кемтик сүйлөм).

Выражение подлежащего и сказуемого.

1. **Подлежащее** (ээ) в киргизском языке выражается основной формой имён, а иногда измененной формой различных частей речи.

2. **Сказуемое** (баяндооч) выражается различными формами глагола, а иногда именными частями речи (существительным, прилагательным и др.).

Выражение подлежащего.

Мисалы:

а) Капар келди.
б) Ким окуду? Ал көп окуду.
в) Кызыл сарыдан жакшы.
г) Беш төрттөн көп.
д) Келе жаткан — жумушчу.
е) Иштөө пайдалуу (работать полезно).

Перепишите примеры и подчеркните подлежащее.

Выражение сказуемого.

а) Сиз жаздыңыз.
б) Ал келет.
в) Сиздер бара жатасыздар.
г) Күн узун.
д) Жыйырманын жартысы—он.
е) Биздин бухгалтерибиз — сиз.
ж) Сүйлөгөн — жумушчу.

Тапшырма:

1. Көрсөтүлгөн мисалдардан ээ менен баяндоочту ажыраткыла.
2. Ээнин жана баяндоочтун милдетин кайсы сөздөр аткарат?
3. Жогоруда көрсөтүлгөн үлгүгө карата бир нече сүйлөм ойлоп жазгыла, анын баяндоочу менен ээсин ажыратып чыккыла.

Выражение второстепенных членов предложения.

Второстепенные члены (айкындооч мүчө) выражаются измененными именными формами и некоторыми глаголами с аффиксами ып (ип, уп, үп, п).

Второстепенные члены предложения могут относиться к подлежащему и к сказуемому. В первом случае второстепенные члены определяют или дополняют подлежащее, а во втором случае—показывают обстоятельство.

Мисалы:

а) Колхоздун малы өстү. Семиз ат күчтүү болот. Үч жумушчу келди.

б) Ал кат алды.

2. Бүгүн сиз киного келесизби? Эртең мен театрга барам. Ал жакшы иштейт. Ал китеп окуу үчүн китепканага кетти.

Тапшырма:

1. Жогоруда көрсөтүлгөн мисалдардан айкынодоч мүчөнү табыңыз.
2. Толуктоочу, аныктоочу бар, бир нече сүйлөм ойлоп табыңыз

Предложение с однородными членами—бирикме сүйлөмдөр.

Предложение, в котором имеется несколько подлежащих при одном сказуемом, или несколько сказуемых при одном подлежащем, несколько однородных определений, относящихся к одному определяемому слову, или несколько дополнений к одному слову, называется предложением с однородными членами.

Мисалы:

а) Сергеев, Жумашов жана Халмурзин пландарын ашыгы менен орундатышты. Жумушчулар, кызматчылар, студенттер, окуучулар демонстрацияга катышты.

б) Колхозчулар иштеди, эс алды. Окуучу окуду, жазды. Кызматчы иштеди, тамактанды, эс алды.

в) Сергеев дептер, сыя, китеп сатып алды. Колхоз буудай, кызылча, таруу айдады. Китепканада жумушчулар китеп, газета, журнал окушат.

Тапшырма:

1. Жогорку сүйлөмдөрдүн мүчөлөрүн ажыраткыла.
2. Өзүңөр ойлоп, бир нече бирикме сүйлөм жазгыла.

Сложное предложение—кошмо сүйлөм.

Предложение, состоящее из нескольких предложений, называется сложным предложением. Сложные предложения в киргизской речи бывают двух видов:

1. **Сложно-сочиненные предложения** (жөнөкөй кошмо сүйлөм).
2. **Сложно-подчиненные предложения** (татаал кошмо сүйлөм).

Сложные предложения бывают союзные и бессоюзные.

Знаки препинания в сложных предложениях такие же, как в русском языке.

Мисалы:

Күз келди, окуу башталды. Жамгыр жаап, жер көгөрдү. Чөп жакшы чыгып, мал жакшы семирди. Колхозчулар эмгекти мыкты сиңирди эле, эгин жакшы чыгып, түшүм мол болду. Түн кирди, ай шооласын жерге төктү. Күн жылыды да, кар эриди. Окуу жылы бүтүп, жайкы дем алыш башталды. Сидоров келмейинче, мен үйгө барбайм. Сиз барбаңыз, ал келсин. Сен эч кайда кетпе, кечинде оюн болот. Эгин жакшы чыкты, анткени—жер семиз болду.

Эл клубга чогулушту, себеби—шайлоо тууралу доклад болду.

— Эркин Мураттыкына келди, бирок, Мурат үйдө жок эле. Жаз жаанчыл болду, демек—эгин жакшы чыгат.

Сентябрь айы кандай келди, ошондой эле окуу башталды. Жакшы иштесе, эмгек өнүмдүү болот. Стахановчо иштесе, түшүм көп болот.

Барсаң, келемин.

Июнь, июль айлары келсе, колхоздун малы жайлоого чыгат.

Тапшырма:

1, Жогорку көрсөтүлгөн мисалдардан жөнөкөй жана татаал кошмо сүйлөмдөрдү тапкыла жана бөлүп жазгыла.
2. Кошмо сүйлөмдөгү белгилерге көңүл бургула.
3. Байламталарды көчүрүп жазгыла.
4. Өзүңүздөр бир нече сүйлөм ойлоп табыңыздар жана аларды бөлүп жазыңыздар.

ОБ АФФИКСАХ КИРГИЗСКОГО ЯЗЫКА.

Все аффиксы киргизского языка делятся на четыре группы

1) туруктуу мүчө.
2) оошмо мүчө.
3) сыйлыгышма мүчө.
4) ээрчибес мүчө

1. **Туракту́у мүчө**—это такие аффиксы, у которых изменяется только гласная, а согласная остается без изменения (кызмат+чы=кызматчы—служащий, темир+чи=темирчи, өтүк+чү=өтүкчү, окуу+чу=окуучу).

2. **Ошшо мүчө**—это аффиксы, у которых изменяется и гласная и согласная (окуучу+дан=окуучудан—от ученика, ат+тан=аттан—от лошади, бала+га=балага—ребенку(к ребенку), колхоз+го=колхозго—в колхоз, жолдош+ко=жолдошко—к товарищу).

3. **Сыйлыгышма мүчө**—это аффиксы, у которых гласные не только изменяются, но и выпадают (жыйырма+ынчы=жыйырманчы—двадцатый, эки+инчи=экинчи—второй).

4. **Ээрчибес мүчө**—это аффиксы, которые не изменяются (жеңе+тай=жеңетай—тётенька, эне+тай=энетай—маменька).

К первой группе аффиксов (туракту́у мүчө) относятся: **ча, чан, сыз, чы, са** и другие.

Ко второй группе аффиксов (ошшо мүчө) относятся: падежные аффиксы **дай, ның**, и др.

К третьей группе аффиксов (сыйлыгышма мүчө) относятся: **ынчы, ым, ыш** и др.

К четвертой группе аффиксов (ээрчибес мүчө) относятся: **тай, экө, эк** и др.

Көнүгүү—упражнение:

Иванов кыргызча сүйлөдү.
Иманалиев атчан келди.
Кызматчы жумушка эрте келди.
Жеңетай, мага китеп беринизчи.
Бүгүн жыйырманчы апрель.
Беш күндөн кийин неченчи апрель болот?
Жыйналышта протоколду ким жазды?
Протоколду Ульченко жазды.

Менин жолдошум—Петров. Ал фабрикада иштейт. Ал—балкачы. Петров нормасын ар күнү 150 процент орундатат. Сен ураан жаз. Эжеке качан келет?

Тапшырма:

1. Выпишите из данного упражнения слова с аффиксами туракту́у мүчө, ошшо мүчө, сыйлыгышма мүчө, ээрчибес мүчө.

2. Придумайте несколько предложений со словами, имеющими разные аффиксы.

Кайталоо.

Вопросительные частицы бы, би, бу, бү, пы, пи, пу пү, (ли).

В киргизском языке вопросительная частица **бы** всегда употребляется после того слова, к которому она относится, и пишется слитно.

При прибавлении частицы **бы** к глаголу, оканчивающемуся на **„т“**, в конце глагола **„т“** выпадает.

В киргизском языке при выражении вопроса без вопросительного слова частица **бы** обязательна, а в русском языке она обычно опускается.

Частица **бы** изменяется в зависимости от последней гласной и согласной в слове.

Мысалы:

Кагаз*бы*, дептер*би*, бор*бу*, көчө*бү*, кат*пы*, мектеп*пи*, жолдош*пу*, көйнөк*пү*.

Словообразующий суффикс чы (чи, чу, чү)—**сөз которуучу куранды.**

Если к названию предмета прибавить суффикс чы (чи, чу, чү), то образуется новое слово, показывающее профессию или занятие человека.

Мисалы:

Кызмат+*чы*—кызмат*чы*, темир*чи*, жумуш*чу*, өтүк*чү*.

ИЗМЕНЕНИЯ СКЛОНЯЕМЫХ ЧАСТЕЙ РЕЧИ В КИРГИЗСКОМ ЯЗЫКЕ.

Местный падеж—жатыш жөндөмө—имеет аффиксы: да, де, до, дө, та, те, то, тө.

Местный падеж всегда показывает местонахождение предмета. В речи русского языка местный падеж передается разными падежами с предлогами **„у“, „на“, „в“.**

Местный падеж отвечает на вопросы: *кимде*—у кого? *эмнеде*—на чем? *кайда*—где?

Мисалы: Парта*да*, терезе*де*, жол*до*, көчө*дө*, шкаф*та*, мектеп*те*, жолдош*то*, өтүк*тө*.

Исходный падеж—чыгыш жөндөмө—имеет аффиксы:дан, ден, дон, дөн, тан, тен, тон, төн.

Исходный падеж указывает движение от предмета или из предмета. Отвечает на вопросы: *кимден*—от кого? *эмнеден*—от чего? из чего? *кайдан*—откуда?

Мисалы:

Ага*дан*, Семетей*ден*, совхоз*дон*, көл*дөн*, Манас*тан*, мектеп*тен*, жолдош*тон*, Айчүрөк*төн*.

Дательный направительный падеж—барыш жөндөмө—имеет аффиксы: га, ге, го, гө, ка, ке, ко, кө.

Дательный падеж отвечает на вопросы: *кимге*—кому? к кому? *эмнеге*—чему? к чему? за чем? (зачем?) за что? *кайда*—куда?

Мисалы:

Окуу*га*, билимге, колхоз*го*, көлгө, Манас*ка*, китеп*ке*, жолдош*ко*, Айчүрөк*кө*.

Родительный падеж—илик жөндөмө—имеет аффиксы: ның, нин, нун, нүн, дын, дин, дун, дүн, тын, тин, тун, түн.

Родительный падеж показывает принадлежность предмета в место какого -либо явления.

Родительный падеж отвечает на вопросы: *кимдин*—чей? (кого?), *эмненин*—чего? (чей?) (ко всем предметам, кроме человека).

Мисалы:

Бала*ның*, терезе*нин*, окуучу*нун*, көчө*нүн*, кагаз*дын*, дептер*дин*, колхоз*дун*, көл*дүн*, Манас*тын*, мектеп*тин*, жолдош*тун*, Айчүрөк*түн*.

Винительный падеж—табыш жөндөмө—имеет аффиксы: ны, ни, ну, нү, ды, ди, ду, дү, ты, ти, ту, тү.

Винительный падеж отвечает на вопросы: *кимди*—кого? *эмнени*—чего? (что?).

Мисалы:

Бала*ны*, терезе*ни*, окуучу*ну*, көчө*нү*, кагаз*ды*, дептер*ди*, колхоз*ду*, көл*дү*, Манас*ты*, мектеп*ти*, жолдош*ту*, Айчүрөк*тү*.

Множественное число.

В киргизском языке слова употребляются в значении единственного и множественного числа.

Множественное число передается в именах аффиксом **лар** (лер, лор, лөр, дар, дер, дор, дөр, тар, тер, тор, төр).

После числительных и после слов *„канча"*, *„нече"* форма множественного числа в предложении не употребляется.

Мисалы:

Окуучу*лар*, дептер*лер*, пальто*лор*, көчө*лөр*, кагаз*дар*, кийим*дер*, колхоз*дор*, көл*дөр*, куш*тар*, мектеп*тер*, жолдош*тор*, сүрөт*төр*.

ГЛАГОЛ—ЭТИШ.

Глагол—часть речи, обозначающая действие или состояние предмета.

Глагол имеет три времени: **прошедшее, настоящее и будущее.** Прошедшее и будущее время глагола имеет несколько видов, которые передаются разными формами окончаний.

Глаголы изменяются по лицам, числам и временам.

Основой глагола в киргизском языке является форма повелительного наклонения, выражающая приказание, указание и просьбу.

Глаголы повелительного наклонения—буйрук этиш.

Мисалы:

Жаз, ал, кел, оку, сүйлө, аткар.

Глаголы прошедшего датированного (берки өткөн чак) для выражения лица и числа имеют следующие окончания: дым дын, ды, дыңар, ышты, дык, дыңыз, дыңыздар.

Мисалы:

Простая форма—Мен жаз*дым*, („жаз"—повелительная форма, „дым"—окончание 1-го лица единственного числа), сен жаз*дың*, ал жаз*ды*, силер жаз*дыңар*, алар жаз*ышты*.

Вежливая форма—биз жаз*дык*, сиз жаз*дыңыз*, сиздер жаз*дыңыздар*.

Глагол настоящего времени.

Глагол настоящего времени образуется из двух слов: из основного глагола с деепричастными суффиксами **„ып"** (ип, уп, үп, и п.) и из вспомогательного глагола, в роли которого употребляются слова *тур*, *отур*, *жат*, *жүр* с соответствующими личными окончаниями.

Глаголы настоящего времени изменяются по лицам и числам, причем окончание лица прибавляется в конце вспомогательного глагола, а основной глагол не изменяется по лицам.

Мисалы:

Мен жазып жата*мын*, сен жазып жата*сың*, ал жазып жа*тат*, силер жазып жата*сыңар*, алар жазып жат*ышат*, биз жазып жата*быз*, сиз жазып жата*сыз*, сиздер жазып жата*сыздар*.

Будущее определенное время.

Будущее определенное время выражает действие, которое должно обязательно совершиться.

Мисалы:

Мен окуй*мун*, сен окуй*сун*, ал окуй*т*, силер окуй*сунар*, алар оку*шат*, биз окуй*буз*, сиз окуй*суз*, сиздер окуй*суздар*.

Имя прилагательное.

Имя прилагательное в киргизском языке выражает свойство предмета и характер действия, в предложении употребляется в сочетании с именами и с глаголами.

Имена прилагательные отвечают на вопросы *кандай* (какой—ая—ое—ие и как?).

Имена прилагательные склоняются по падежам так же, как имена существительные, но косвенные падежи прилагательных редко употребляются в речи.

Мисалы:

Кызыл, ак, таттуу, кичине.

Имя числительное.

Числительные количественные и порядковые в киргизском языке склоняются так же, как и существительные.

Примечание: Собирательные числительные склоняются по особой форме.

Аффиксы притяжательных местоимений с именами существительными.

В русском языке существительное не изменяется по лицам, а употребляется в сочетании с соответствующим местоимением. В киргизском языке прибавление местоимения к существительному для выражения принадлежности не обязательно, а прибавляются аффиксы притяжательных местоимений.

Притяжательные местоимения имеют следующие основные аффиксы: м, ң, сы, ңар, сы, быз, ңыз, ңыздар.

Мисалы:

Менин ата*м*, сенин ата*ң*, мунун ата*сы*, силердин ата*ңар*, алардын ата*сы*, биздин ата*быз*, сиздин ата*ңыз*, сиздердин ата*ңыздар*.

Спряжение имён в настоящем времени.

В киргизском языке имена, относящиеся к профессии, могут изменяться по лицам. К именам прибавляются окончания лица, а вспомогательный глагол (есть) настоящего времени опускается.

Спрягающиеся имена в настоящем времени имеют следующие личные окончания: мын, сын, сынар, быз, сыз, сыздар.

Мисалы:

Мен кызматчы*мын*, сен кызматчы*сың*, ал кызматчы, силер казматчы*сыңар*, алар кызматчы, биз кызматчы*быз*, сиз кызмитчы*сыз*, сиздер кызматчы*сыздар*.

Спряжение имён в будущем определенном.

При спряжении имён в будущем определенном имена не изменяются, а изменяется по лицам вспомогательный глагол будущего времени „бол".

Мисалы:

Мен инженер боло*м*, сен инженер боло*суң*, ал инженер бо*лот*, силер инженер боло*суңар*, алар инженер бо*лушат*, биз инженер боло*буз*, сиз инженер боло*суз*, сиздер инженер боло*суздар*.

Прошедшее недатированное.

Форма прошедшего недатированного времени употребляется в тех случаях, когда дата совершения действия не уточнена. В переводе на русский язык прошедшее недатированное может передаваться формой глагола совершенного и несовершенного вида.

Основные аффиксы глаголов прошедшего недатированного следующие: ган (ген, гон, гөн, кан, кен, кон, көн).

